450
451
452

# Аң-сезим
# Ал-Ваъй
# الوعي

Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз сегизинчи жыл чыгышы, Ражаб-шаъбан-рамазан 1445-х. февраль-март-апрель 2024-м.



**Ал-ваъй сөзү:**

## «Акса ташкыны» операциясынын шаръий түшүнүгү

## Оо, ыңкылапчылар! Качан кескин чечим кабыл алынат?!

## Халифалыктын жоктугу – бардык мусибаттардын түпкү себепчиси

## Исламий Халифалык мамлекети доорундагы илимий жана фикирий жашоого назар

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 уруксаты менен чыгарылат

www.al-waie.org subjects@al-waie.org

450
451
452

Ражаб-шаъбан
рамазан 1445х
Февраль-март
апрель 2024м

– ***Ал-ваъй сөзү:*** «Акса ташкыны» операциясынын шаръий түшүнүгү .... 8

– Шам козголоңу жана «Акса ташкыны» аллахтын уруксаты менен роббаний өзгөртүү дарбазасынын ачкычы болсо ажеп эмес ................ 18

– Оо, ыңкылапчылар! Качан кескин чечим кабыл алынат?!......................... 30

– Халифалыктын жоктугу – бардык мусибаттардын түпкү себепчиси .......... 35

– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары*** ........ 41

– Рамазан – үлкөн маселелер жана улуу түшүнүктөр айы ............................... 49

– Исламий Халифалык мамлекети доорундагы илимий жана фикирий жашоого назар.................................. 57

– ***Куръани Карим сабагында***............ 64

– ***Бейиш бактары:*** Эй, уламалар, тозок дарбазасы алдындагы чакыруучулардан болуп калбагыла ............................... 69

– ***Соңку сөз:*** Абу Бакр Сыддык – Расулуллах ﷺдын досу жана биринчи рошид халифа .................................. 75

– Уммат Халифалыкты жоготуу менен эмнелерди жоготту........................... 90

**НУСКА БААСЫ**

Ливан 1000 лира
Яман 30 риял
Түркия 1 доллар
Пакистан 1 доллар
Австралия 2,5 доллар
Америка 2,5 доллар
Канада 2,5 доллар
Германия 2,5 евро
Швеция 15 крон
Бельгия 1 евро
Британия 1 евро
Швейцария 2 франк
Австрия 1 евро
Дания 15 крон

# Бул чыгарылышта:

﴿وَأُخۡرَىٰ تُحِبُّونَهَاۖ نَصۡرٞ مِّنَ ٱللَّهِ وَفَتۡحٞ قَرِيبٞۗ وَبَشِّرِ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ﴾

*«(Аллах)* ***дагы башка силер жакшы көргөн*** *(бир ниъматты да берет, ал)* ***Аллах тарабынан болгон нусрат жана жакын****(да жүз бере турган)* ***фатх.*** *(Эй Мухаммад)****, момундарга*** *(ушул)* ***кушкабарды жеткиргин!»***

Ислам Умматы бүгүн оор толгоо доорун башынан өткөрүп жатат... Акыркы жылдарда, дээрлик ар биринде бир же бир нече кайгылуу окуялар жүз берип, Батыш алар аркылуу мусулмандарды алсыратууну көздөп жатканын көрүп турабыз. Бирок, мээримдүү Аллах бул окуяларда мусулмандарга күч тартуулады жана бул окуяларды мусулмандардын ойгонушуна фактор кылды. Аллах Тааланын урухсаты менен бул окуялар кафирлерге кайгы-өкүнүч болот...

Бул жылы биз Батыш тарабынан пландалган эл аралык күрөштүн бир бөлүгү болушу мүмкүн болгон эки стратегиялык окуяга туш болдук. Батыш алар аркылуу өзүнүн батылын бекемдеп, акыйкат нурун өчүрүүнү каалап жатат. Бул эки окуя ушуга ачык далаат кылат – Батыш өзүмдү бекемдеп, жеңишке жеттим деп ойлоп, өз жанына кол салып, хазаратын көмүүдө. Бул эки окуя:

1 – Батыштын шайтаний даъваты: Батыш гендердик теңдикке, гомосексуализмге, адаттан тышкары жыныстык мамилелерге о.э. жынысты өзгөртүү эркиндигине чакыруу аркылуу ахлакий бузукулукка үгүттөп жатат. Бул даъват харам кылынган жыныстык мамилелерге чакыруу аркылуу үй-бүлөнү жок кылууга жана мындай жыныстык мамилелерди кылмыш деп эсептеген мыйзамдарды бекем кылууга багытталган... Бул Батыш хазаратынын кулашы болот. Айрыкча, Батыш калктары мындай бузукулукту четке кагышы дубалдын ичинен кулашын түшүндүрөт.

2 – Батыш мусулмандарды кыргын кылган яхудий вужудун колдоп-кубатташы: Батыш яхудий вужудун ушундай бир таризде колдоп-кубаттады, ал тургай, ал өзүнүн адам укуктары, аялдар жана балдардын укуктары сыяктуу туура эмес өлчөө жана түшүнүктөрүнө каршы чыкты... Себеби, Батыш яхудийлер эркек, аял жана балдардан турган бечараларды кыргын кылып жатканын о.э. эл аралык масштабда геноцид деп аталган кылмышты жасап

Газадагы турмушту кыйратканын актады. Батыш мамлекеттериндеги режимдер колдоп-кубаттаган яхудийлердин бул кылмыштарын алардын калктары четке кагышты. Себеби, алар бийлик тарабынан башкарылган жана жалданган массалык маалымат каражаттары таратып жаткан жалгандарды түшүнүп жетишти. Бул абал алардын жүрөгүн Исламга ачты жана ал жерде Исламды кабыл алгандардын саны көбөйдү. Бул да Батыштын кезектеги хазарий кулашы болуп, анын дубалы ичинен жемирилип жатат... Мындан тышкары, Россия жана Кытайга каршы Америка жүргүзүп жаткан эл аралык күрөш дүйнөнү чоң окуялар сахнасына айлантты. Бул күрөштө эң күчтүү бузгунчулар эмес, эң жарактуу мабда үстөм болот...

Ал-Ваъй журналынын мурунку сандарында биз ушул шайтаний даъватты талкуулап, анын көлөмүн жана артында турган адамдарды ачыктаган макалаларды чыгарганбыз. Бирок, бул атайын санда «Акса ташкыны» операциясына байланыштуу темаларды сунуштайбыз. Бир да тема «Акса ташкыны» темасынан алдыга коюлбайт. Бул тема мусулмандар жүз жылдан ашуун күтүп жаткан өзгөрүү жараянына о.э. Расулуллах ﷺ акыр заманда пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болушу туурасында башарат берген жаңылануу жараянына байланыштуу. Ыктымал, анын убагы келгендир!

Ушуга ылайык, бул чыгарылыш Халифалык кулагандан хижрий эсеп менен 103 жылдан, миладий эсеп менен 100 жылдан кийин чыгарылып жатканын эске салабыз. Бүгүн мусулмандар Расулуллах ﷺдын хадисинде келген Роббаний убада ишке аша турган күндө турабыз деп эсептешүүдө. Абу Давуд өз Сунанында Абу Хурайра رضي الله عنهдан риваят кылган хадисте мындай делет:

«إِنَّ اللَّهَ يَبْعَثُ لِهَذِهِ الْأُمَّةِ عَلَى رَأْسِ كُلِّ مِئَةِ سَنَةٍ مَنْ يُجَدِّدُ لَهَا دِينَهَا»

**«Аллах бул Умматка ар жүз жылдын башында анын динин жаңылоочуну-мужаддидди жиберет»**. Байхакий риваят кылган хадисте:

«مَنْ يُجَدِّدُ لَهَا أَمْرَ دِينِهَا»

**«...Уммат үчүн дин иштерин жаңылай турган мужаддидди жиберет»**, деп келет. Адамдар ушул суроону бериши мүмкүн: мусулмандар үчүн хижрий таквим этибарлуу. Ко-ош, бир кылымдан ашуун убакыт өткөн болсо, хадисте айтылган нерсе ишке ашпаган

болсо, бул кандай болушу мүмкүн? Ыктымал, хадисте айтылган нерсе болушу үчүн, бизге көбүрөөк убакыт керектир?

Мындай күмөндөрдү жокко чыгаруу үчүн мындай дейбиз: Аллах Умматты ушул датадан мурун жаңылануу жолуна салган жана Уммат бүгүн жаңылануу жараянын башынан өткөрүүдө... Уммат Халифалыкты тикелөө үчүн аракет кылып жатканын арабыздан ким сезбеди, ким көрбөдү жана уккан жок?! Ал тургай, муну достон мурун душман укту жана көрдү. Кичүү Буш, АКШ коргоо министри Рамсфельд, Франциянын мурунку президенти Саркози, Британиянын мурунку премьер-министри Тони Блэр, Британия ички иштер министри Кларк, Россия президенти Путин жана Россия тышкы иштер министри Лавров сыяктуу Батыш өкүмдарлары бул жөнүндө билдирүү беришпедиби?! Мусулмандар арасында Халифалык мамлекетин тикелөө үчүн аракет кылууга олуттуу умтулуу бар экендиги туурасында билдирүү берген өкүмдарлардын тизмесин улантса болот. Ыктымал, Тони Блэрдин 2005-жылы 16-июлдагы билдирүүсү бул жааттагы билдирүүлөрдүн эң кыска жана түшүнүктүүсү болсо керек. Ал айткан: «Биз (израиль) мамлекетин жок кылууга, Батышты Ислам дүйнөсүнөн кууп чыгарууга, бүткүл Ислам Умматы үчүн Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу Ислам дүйнөсүндө исламий шариятты өкүмдарлык кыла турган жалгыз Исламий мамлекетти тикелөгө умтулуп жаткан кыймылга каршы күрөшүп жатабыз». О.э. Кичүү Буш 2005-жылы 6-октябрда берген билдирүүсүндө мусулмандарда Америка жана Батыштын Жакынкы Чыгыштагы таасирин жок кылуу стратегиясы бар экенине ишара кылган: «Качан алар бир мамлекетти өз көзөмөлүнө алышса, ал көптөгөн мусулмандарды өзүнө тартат. Бул болсо аларга региондогу бардык режимдерди кулатуу о.э. Испаниядан тартып Индонезияга чейин созулган фундаменталисттик исламий империяны тикелөө мүмкүнчүлүгүн берет». Кантип эле, мамлекет лидерлери тарабынан берилген мындай билдирүүлөр курулай кеп-сөздөр болсун?! Албетте, жок, бул билдирүүлөр Исламга жана Исламдын Халифалык мамлекетин тикелөө долбооруна каршы жүргүзүлүп жаткан аёосуз кампанияга айкындык киргизет. Анткени, Халифалык Аллах Тааланын жардамы менен алардын хазаратын жок кылат...

Акыркы он жылдыкта Уммат өкүмдарларга каршы козголоңдорду жасады, Батыш бул козголоңдор Халифалык мамлекетин тикелөө аракети деп карабадыбы?! Жогоруда айтып өткөнүбүздөй, алар

бир нече жылдардан бери мындан эскертип келишти. Эки жаркын мисал ушуну тастыктап турат – Батыш жана ага байланган араб режимдери бул козголоңдор Халифалык мамлекетин тикелөөгө багытталган деп билишет. Биринчи мисал, Россия тышкы иштер министри Сергей Лавров Россиянын Сириядагы аралашуусун актоо үчүн мындай деген: «Эгер Россиянын аскерий аралашуусу болбогондо Дамаск «Халифалык мамлекетинин» борборуна айланмак». Кылмышкер Сирия режиминин тышкы иштер министри Валид Муаллим да мындай билдирүү берген: «Сирияда учурду күтүп турган жана Исламий Халифалык мамлекетин тикелемекчи болуп жаткандар Сирия чегараларында токтоп калбайт. Биз Ливан, Иордания жана Иракты коргоп жатабыз». АКШ башчылыгындагы Батыш Умматтын аракетине өтө кескин жана болуп көрбөгөн кылмыштарды жасоо менен жандашканын баарыбыз көрдүк. Батыштын аракети ушундай бир даражада болду, бул анын козголоңдордун артындагы үлкөн коркунучту түшүнүп жеткенин көрсөттү...

Бүгүн бизди «Акса ташкыны» тушунда чечүүчү окуя күтүп турат. Ошол эле учурда бүткүл Батыш дүйнөсү ага каршы турганын, себеби, анын артынан алар күткөн өзгөрүү жүз беришинен катуу коркуп жатышканына күбө болдук.

Биринин артынан бири болуп жаткан бул окуялар Умматтын өзгөрүүгө катьий чечим кылганын көрсөттү. Уммат чечкиндүү ага карап багыт ала баштады. Анын артында ушундай бекем катъий чечим бар, Батыш аны кантип токтотууну билбейт. Демилге мусулмандардын колунда. Батыш муну алдын алуу үчүн мүмкүнчүлүгүндөгү бардык нерселерди жасады. Аскерий, фикирий жана укуктук согуштарды, маалымат согушун алып барды. Аскерий согушта кыргындарды жасады, калктарды мажбурий көчүрдү жана өлкөлөрдү болуп көрбөгөн даражада ойрон кылды... Фикирий согушта дооматка, бузуп көрсөтүүгө жана чалгытууга о.э. Исламды терроризмде айыптоого таянды... Укуктук согушта Исламга, Аллах түшүргөн шарият башкаруусуна жана Халифалык мамлекетин тикелөөгө чакыргандарды кылмышкерге чыгарып, аларды куугунтуктады, өлтүрүүгө жана камакка алууга өкүм кылды... Маалымат согушунда чындыкты бузуп көрсөттү, акыйкатты батыл, батылды акыйкат деп көрсөттү.

Ушуларга таянып өзгөрүү Уммат үчүн өз эшигин ачты деп айта алабыз. Ага иш жүзүндө жетишүү үчүн убакыт керек жана азыр дал

ошол учур келди. Бул жөнүндө угуу, көрүү жана акыл жүргүзүү жөндөмүнө зыян жеткен киши гана талашып тартышат. Демек, биздин азыркы доорубуз – мусулмандардын абалын этибарга алганда да, дүйнө мамлекеттеринин абалын этибарга алганда да – өзгөрүү доору. Ошондуктан биз ушул өзгөрүүнү эртең дүйнөнүн биринчи мамлекетинин борбору үчүн күрөшө турган Исламий Халифалык мамлекетинин тикеленишине байлап жатабыз. Ал учур келгенде биринчи мамлекет менен ушул борбор үчүн атаандашкан мамлекет албетте Халифалык мамлекети болот.

Ал-Ваъй журналынын ушул атайын санындагы макалаларда «Акса ташкыны» окуясына... мусулмандарга каршы насраний-яхудий тил бириктирүүсүнө... о.э. мусулмандарды иштердин жыйынтыгына жана Аллахтын урухсаты менен Халифалык акыркы таяныч болушуна ишендирүүгө этибар берилет.

Аллахтан бул жөнөкөй эмгекке акылдарды жана жүрөктөрдү ачышын сурайбыз. Туура жолго хидаят кылуу жалгыз Аллахтын колунда. Акыркы дубабыз – бардык ааламдар Роббиси Аллахка мактоо айтуу.

**Ал-Ваъй жумушчу тобу**

بسم الله الرحمن الرحيم

## «АКСА ТАШКЫНЫ» ОПЕРАЦИЯСЫНЫН ШАРЪИЙ ТҮШҮНҮГҮ

«Акса ташкыны» операциясы жана мусулмандардын өкүмдарларга каршы акыркы он жылдыкта башталып, дагы эле сахнасы бүтпөгөн козголоңдору исламий калктар келечек жаатында өз сөзүнө ээ экенин тастыктады. Анткени, алар – дин негизиндеги өзгөрүүгө умтулган тирүү калк. Алар бар нерсесин: жанын, үй-бүлөсүн, малын жана үй-жайын Аллах жолунда курман кылууга даяр. Бул калктар акыйдасы, фикири жана туйгусу бир болгон жалгыз Уммат. Биз бүгүн муну Газада өтө жаркын көрдүк... «Акса ташкыны» операциясы Ислам Умматы душманга моюн сунбастыгын ырастады. Мусулмандар душманга таптакыр моюн сунбашын Батыш да, Америка да билет, ушул себептен улам коркушат. Америка мусулмандар ар кандай учурда аны таң калтырып коюшунан коркот. Ошондуктан, Американын биринчи мамилеси аскерий сапарбарлык болду. Анын бул аракети регионго өзүнүн эң күчтүү куралдарын алып киришинде жана (израиль) үчүн курал сактоочу жайларын ачышында көрүндү. (израиль) массалык кыргындар жасалган дүйнөлүк согуштарда гана болгон кол салууну жана эл аралык деңгээлде корголгон кылмышты жасады. Аскерий сапарбарлык менен бирге Америка менен Европа өкүмдарлары (израил)ге сапар жасап, аны толук колдоп-кубаттоолорун жарыялашты... Алар (израиль) мамлекетин тикелөө деген алардын ийгиликсиз долбоорун жок кыла турган үлкөн капыс окуяга кабылышкандай болушту. Ар кандай душман, эң оболу (израиль) региондогу армиялардын аракетке келишинен чынында коркту. (израиль) жетимиш беш жыл курган бардык нерсесинин, «күчтүү-жеңилгис мамлекетнин» ушул ташкында агып, жок болуп кетишинен коркту... Учурда (израил)дин наалатка учурашы (кыйроого учурашы) туурасындагы кеп-сөздөр яхудийлер арасында айтыла баштаганда “Акса ташкыны” алардын жүрөгүндө ушул

фикирди кайра козгоп жиберишинен кооптонуп жатат. Америка «Кылым келишимин» жана араб режимдерин (израиль) менен мамилелерин нормалдаштыруу жараянын баштоо аркылуу Фалестин маселесинин аягына чыгарууну көздөгөн эле. "Акса ташкыны" операциясы бул маселени эл аралык күрөштүн алдыңкы катарына кайтарды. Американын максаты Фалестин маселесин күрөш майданынан чыгарып, аны унуткаруу болгон.

Бул операция (израиль) вужудуна чынында коркунуч туудурду, ар бир яхудийдин коопсуздугун титиретип, туруксуздаштырды, мамлекетине жана армиясынын күчүнө ишенимди жоготту. Ар бир яхудийди (израил)ден кайра көчүп кетүү жөнүндө ойлоого мажбур кылды. Мунун тушунда фалестиндик мусулмандардын жүрөгүндө алар күчтүү экенин жана ар кандай тил бириктирүү аларга таасир кылбашы туурасында үмүт эшиктерин ачты... Бир нече кишини туткунга алган чабуулчулар бул үчүн (израиль) армиясы менен күчтүү кагылышуу болушун күтүшкөн. Бирок, алар элестеткис даражада коркок яхудийлерге туш келишти. Яхудийлер арасындагы аскерийлердин коркоктугу катардагы адамдардын коркоктугунан аз эмес. Аллах аларды сыфаттагандай «жашоого эң ач көз кишилер» экендигин жана Аллах алардын жүрөгүнө коркуу салып койгонун көрүштү, чар тарапка жашынган аскерийлерге жана адамдарга, алар бат моюн сунушканына күбө болушту. Алар жүздөгөн катардагы калкты жана жогору наамдагы аскерийлерди туткунга алуу, жашыруун аскерий тыңчылык борборлоруна кирүү мүмкүн экенин көрүштү. Алар мындай борборлорго жетүүнү мурун арзуу да кылышпаган эле... Ошентип, (израиль) мамлекетин тикелөө долбоору бир топ мужахиддер алдында капыстан коркунуч астында калганы ашкере болду. Ошондуктан, Батыш бул абалга эң жогору даражадагы коркуу менен жандашты.

**Ушул орунда бир нече нерселерге көңүл буруу зарыл:**

1 – Фалестинде яхудийлерге каршы согушуу шаръий согуш т.а. жихад болуп, чечим шаръий чечим гана болушу кажет. Фалестиндин бир сөөм жеринен да баш тартуу жаиз эмес. Фалестин туурасында "эки мамлекет" чечимин жана башка чечимдерди талап кылуу жаиз эмес. Кабыл алынган чечим кафир Батыш мамлекеттерине ылайык болушу үчүн БУУга же Батыш мамлекеттерине кайрылуу да жаиз эмес. Фалестин маселеси эл аралык резолюциялар жана Батыштын тил бириктирүү оюнуна айланышына таштап коюу о.э. залим өкүмдарларга Фалестин

маселесинин өкүлү болуу укугу берилиши мүмкүн эмес. Ал Аллах үчүн гана. Бул маселе башынан аягына чейин Исламий маселе болуп эсептелет.

2 – Эгер яхудийлерге каршы шаръий көз караштан келип чыгып согушуп жаткан топтор бар болуп, алардын “эки мамлекет” чечимине окшогон шаръий эмес чечимди т.а. Хамастын саясий жетекчилери сунуштап жаткандай яхудийлер үчүн бир мамлекет, Фалестиндин мусулман калкы үчүн бир мамлекет болушун талап кылган саясий жетекчилиги болсо, мындай абалда ушул топтордун аскерий аракети моюнга алынат. Себеби, бул яхудийлерге каршы жихад жана согушуп жаткандар түпкүлүгүндө мужахиддер болуп, анда курман болгондордун ажырын Аллах Өзү берет. Бирок, бул топтордун саясий жетекчилигинин шаръий эмес чечимди талап кылуусу четке кагылат. Алардын аракеттери жана билдирүүлөрү шаръий тараптан кескин сындалат. Алар шарият жана мусулмандар укугун бузуудан эскертилет. Бул жерде эки нерсенин ортосундагы чоң айырманы көрөбүз: алар алып барып жаткан жихадий иштер итааттын эң жогору түрүн билдирет, саясий иш болсо Аллахтын нааразылыгына алып келет. Бул жерде жалпысынан мусулмандар, өзгөчө мужахиддер компасты оңдошу керек. Жихадий иш-аракетти сындоо жана токтотуу жаиз эмес. Жихадий иш-аракет бир абалда т.а. ал саясий позицияга бекем байланып, саясий максатты ишке ашыруу үчүн андан пайдалалына турган болсо гана токтотулушу жаиз. Мусулмандар буга көңүл буруп, этият болушу керек.

3 – Чабуулду кайтаруу коргонуу жихады бабына кирет. Ошондуктан, ким чабуулга учураса, ал чабуулду кайтаруусу важиб болот. Мусулман армиялары болсо ага жардам көрсөтүп, чабуулга чекит коюшу керек. Бирок, вакиъликте көрүп жатканыбыздай, Батыштын куурчактары болгон мусулман өкүмдарлары бул нерсенин ишке ашуусуна тоскоолдук кылышууда. Бул тоскоолдук мусулмандарды Исламий Халифалык мамлекетин тикелөөгө аракет кылуу аркылуу – фарз деген этибарда – ушул тоскоолдукту алып салууга үндөп жатат. Муну менен «Важибди аткаруу үчүн зарыл болгон нерсе да важиб» коидасына ылайык, ушул фарз аткарылып, армиялар аракетке келиши, Фалестинди басып алган яхудийлердин мамлекети жок кылынышы жана Фалестин толук Ислам диярына кайтарылышы кажет.

4 – Мусулмандардын ушул каргашалуу абалынын артында бүгүн Америка жетектеген кафир Батыш турат. Мусулман өлкөлөрүндө

бийлик тизгинин кармап келе жаткандар жана турмуштун бардык тармактарына аралашып жаткандар дал ошолор. Өлкөлөрдү бөлүп, өкүмдарларды орноткон жана армия командачыларын дайындаган, саясаттарды белгилеп, мусулмандарды Батыштын турмуш жөнүндөгү көз караштарына жана колонизаторлук кызыкчылыктарына ылайык жашоого мажбурлагандар да алар болот... Андан тышкары, алар Фалестинге карамүртөз яхудий уругун эгишти. Кафир Батыш мындай абалды мусулмандарга мажбурий колдонуп, муну алардын тагдырына айлантмакчы. Ошондуктан, "Акса ташкыны" операциясы коркунучуна каршы туруу үчүн биринчилерден болуп Америка аралашты, андан кийин Европа мамлекеттери аны ээрчишти. Ушул себептен улам, өзгөрүү аракетинде ушул аралашууну шексиз эсепке алуу жана ага каршы туруп, аны жок кылуу зарыл. Себеби, бул мусулман өлкөлөрүндөгү өкүмдар режимдерге каршы туруудан өзүнчө маселе эмес... Мындай абал Расулуллах ﷺ заманында болбогон. Демек, "Акса ташкыны" операциясына баа берүүдө ушуну эсепке алышыбыз керек – Америка окуялар анын кызыкчылыгына ылайык болушу үчүн аларды көзөмөлдөөгө жана өкүмдарлардан калыс мужахиддерге басым өткөрүп, алардын максаттарына зыян жеткирүү каражаты катары пайдаланууга аракет кылууда.

5 – Фалестинди азат кылуу жолундагы эң чоң тоскоолдук – бул өкүмдарлар. Батыш аларды, айрыкча, алкак мамлекеттери деп аталган Мисир, Иордания, Сирия жана Ливан сыяктуу мамлекеттердин өкүмдарларын (израил)ди коргой турган дубал кылып алган. Армиялар менен мусулмандардын Фалестинди азат кылууларына өкүмдарлар тоскоолдук кылышууда. Алардын бул маселеге карата аракети негизинен конференция жана саммиттерде көрүнүүдө. Бул конференция жана саммиттер болсо жеңилүүдө, моюн сунууда, кыянатта жана Фалестин маселесин душманга тапшырууда о.э. "эки мамлекет" чечими же яхудийлер менен мамилелерди нормалдаштыруу саясатына карай жүрүүдө же америкалык кожоюндары кабыл алган ар кандай чечим аркылуу яхудийлерди тынчтыкка чакырууда өз тастыгын табууда. (израиль) бул өкүмдарларга душман катары карап жаткан жок, ал исламий калктарды чыныгы проблема деп эсептеп жатат. Кылмышкер Нетаняху Садаттын (израил)ге жасаган сапарынын кырк жылдыгына карата (израиль) парламентинде сүйлөгөн сөзүндө муну ачык моюнга алды: «Тынктыкты кеңейтүүдөгү эң чоң

тоскоолдук айланабыздагы мамлекеттердин жетекчилери эмес, араб көчөлөрүндөгү коомдук фикир. Себеби, ушул коомдук фикир көптөгөн жылдардан бери адаштырууга дуушар болуп, ага (израиль) жөнүндө туура эмес жана калыс эмес түшүнүк берилген». Ошентип, мындай мусулман өкүмдарлары турганда Фалестинди азат кылуу мүмкүн эместигин көрөбүз. Ошондуктан, аларды кулатып, өкүмдарлыгын жок кылуу жана алардын ордуна Халифалык мамлекетинде исламий башкарууну орнотуу, андан кийин Фалестинди азат кылуу үчүн армияларды жана исламий калктарды аракетке келтирүү зарыл.

6 – Фалестин маселесинин чечими армиялардын аракетке келишине байланыштуу: Батыш ар кандай өзгөрүүнү алдын алуу үчүн өзүнүн болгон күчтөрүн согушка даяр абалга алып келгенин көрдүк. Америка өз күчтөрүн жана эң алдыңкы куралдарын алып келди. Бүткүл Уммат «Акса ташкыры» операциясын колдоп-кубаттаганы үчүн мусулман өкүмдарлары четке чыгып, унчукпай турууга мажбур болушту. Армияларды аракетке келүүгө чакырган даъват күчтүү болгондуктан ар кандай күтүлбөгөн коркунучту алдын алуу үчүн тыңчылык жана коопсуздук кызматтары сапарбар кылынды. Демек, өкүмдарлардын сапарбарлыгы (израил)ге каршы болгон жок, тескерисинче, өз тактыларын армиялардан коргоо үчүн болду. Ошондуктан, армиялар режимдер үчүн тынчсыздануу булагы болуп калууда. Себеби, армиялар өкүмдарлардын эмес, Умматтын бир бөлүгү. Армия командачылары жана түрдүү коопсуздук кызматынын жетекчилери гана Батыш жана ага көз каранды өкүмдарлар тарабынан дыкат тандалып алынган. Мындан максат режимдерди коргоо, алардан ар кандай коркунучту четтетүү, коркунучтарды алдын алуу жана Батыштын саясатын орнотуу. Аскерий корпустун калган мүчөлөрүнө келсек, алар калыс офицер жана аскерлер болуп эсептелет. Режимдер алардан коркот жана биз аларды касб кылууга аракет кылышыбыз керек. Ушуларга таянып айтсак, мусулмандардын ар кандай маселеси үчүн чечим – Батыш, (израиль), өкүмдарлар, армиялар командачылары жана коопсуздук кызматынын жетекчилеринен турган тил бириктирүү уясына каршы күрөшүү. Кошуундарга каршы күрөшүү эмес. Себеби, жогоруда айтканыбыздай кошуундар мусулман калктын бир бөлүгү. Албетте, муну Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу гана ишке ашыруу мүмкүн.

**Эми ушул окуянын шаръий түшүнүгүнө жана аны убада кылынган рошид Халифалык мамлекетин тикелөө долбооруна байлоо жөнүндө сөз кылабыз.**

Ислам Умматы Босния жана Герцеговинадан тартып Афганистанга чейин, бардык жайда бир Уммат экенин далилдеди. Араб козголоңдору, азыркы Фалестин маселеси, "Акса ташкыны" операциясы жана мусулмандардын өз маселеси үстүндө биригиши муну тастыктап турат. Ушул окуялар жүз берди, мусулмандар ишке ашырууга аракет кылып жаткан жана исламий жашоону кайрадан баштоого т.а. Халифалыкты тикелөөгө чакырууда көрүнгөн жалгыз өзгөрүүнүн жүзөгө чыгышы дагы да жакындашып жатат. Этибарлуусу, «Акса ташкыны» операциясы зулум жана адилетсиздиктер себептүү дагы эле жарасы бүтпөй жаткан Шам козголоңуна кошулуу үчүн Шам өлкөсүнүн жүрөгү болгон Фалестинде ишке ашты... Бул операция мусулмандар өз дининен келип чыгып проблемаларын чечүүгө умтулуп жатышканын ачыктады. Бул болсо Халифалык мамлекети долбоорун тикелөөчү факторлор биригип, калыптана баштаганын көрсөтөт. Таң калычтуусу, яхудийлер менен болгон күрөш күтүлүп жаткан чечүүчү күрөштүн өзөгү боло турган Акса мечити айланасында жамдала баштады. Аллах Таала айтат:

﴿فَإِذَا جَاءَ وَعْدُ الْآخِرَةِ لِيَسُوءُوا وُجُوهَكُمْ وَلِيَدْخُلُوا الْمَسْجِدَ كَمَا دَخَلُوهُ أَوَّلَ مَرَّةٍ وَلِيُتَبِّرُوا مَا عَلَوْا تَتْبِيراً﴾

*«**Качан кийинки** (бузукулуктун) **убакыт сааты келгенде**, (алар дагы) **жүздөрүңөрдү кара кылуулары, абалкы ирет киргендери сыяктуу Масжидул** (Акса)**га кирип**, **ээлеп алган** (бардык) **жерлерди ойрон кылуулары үчүн** (дагы душмандарыңарды силердин үстүңөргө жиберебиз)»* [17:7]

Ок бутага өтө жакындашты, анын бутага тийбей калышы мүмкүн эмес.

**Ушул орунда, биз насаатыбызды төмөнкүдөй баштайбыз:**

– Исламий же исламий эмес болушуна карабастан, мабдаий мамлекетти тикелөө үчүн анын негизинде өзгөрүү жүз бере турган тарыйкат болушу зарыл. Кайрымусулмандардын назарында бул тарыйкат адам тарабыннан белгиленсе, мусулмандардын назарында бул тарыйкат шаръий болуп, ал жаратуучу Аллах

тарабынан белгиленет. Бул тарыйкат ушул факторлордун бар болуштугуна негизделет:

- Анын негизинде өзгөрүү жасоону көздөгөн түзүмдүн жана андан келип чыккан мабдаий фикирдин бар болушу.
- Мабдаий фикир негизиндеги өзгөрүү иш-аракетине өзүн даярдаган момун топтун бар болушу.
- Бул фикир жана ушул түзүмгө ылайык өзгөрүү жасоону каалаган калктын базасы же коомдук фикирдин бар болушу.
- Мурунку түзүмдүн күчүн жок кылып, андан кийин фикир, түзүм жана өзгөрүү жараянына жооптуу болгондорду бийликке алып келе турган жана коргой турган күчтүн бар болушу.

– Мусулмандар арасында бул тарыйкаттын акыркы бөлүгүнөн башка бардык бөлүктөрү бүттү жана бул акыркы бөлүк күчтүн бар болушу. Бул бөлүк да бар экенин көрөбүз. Ар бир адам (өзгөрүүнү каалап жаткандар да, ага каршы тургандар да) ал маанилүү экенин билет. Ошондуктан, көрүп жаткандай, Батыш жана ага көз каранды өкүмдарлар бул күч үстүнөн көзөмөлдү күчөткөн. Коопсуздук кызматтары армиялар тарабынан боло турган ар кандай аракетти алдын алуу үчүн болгон күчү менен иштеп жатат. Армияларга карата аларды бузуп көрсөтүү, акыйкаттарды бурмалап көрсөтүү саясаты аркылуу жүргүзүлүүдө. Алар коркутулуп, эскертилип, шектүү катары каралууда. Массалык маалымат каражаттары өзгөрүүнү каалап жаткандардын аброюн бузуп көрсөтүп, аларды такфирчи, экстремист жана террорист деп сыфаттап жатышат.

– Ушул тарыйкатка шаръий шаризде амал кылуу эң кыйын нерселердин бири болуп эсептелет. Бул – фикирге болгон терең ыйманды, түзүмдү жаркын түшүнүүнү, узакка сабыр кылууну жана акыйкат үстүндө бекем турууну о.э. ар дайым Аллахтан жардам сурооону, ар кадамда жана ар бир кооп-коркунучта Андан баанек сурооону талап кылат. Биз ушунча жолду басып өтүп, бул жолдун акыркы бөлүгүн аягына жеткиришибизге чейин ушул даражада даярдык көрүүбүз албетте жакшылыктын кабарчысы. Эгер Аллах Таала бул топту колдоп-кубаттабаганда, ал кайрат жана сабыр менен тура алмак эмес, курмандык кылмак эмес... Ушул жактан келип чыгып айтсак, бул даъват ишеничтүү жана бекем корголгон ичинде.

– **Халифалыкты тикелөө долбоору каерге жетип келди?!**

Бүгүн дүйнөдө жүз берип жаткан саясий окуялар акыр заманда диндин үстөм болушу жөнүндө айтылган шаръий нусустар о.э. рошид Халифалыкты тикелөө үчүн Хизб-ут-Тахрир алып барып жаткан олуттуу аракет менен шайкеш болуп, дүйнөлүк өзгөрүү жараянына салым кошууда. Эгер бул үч фактордун шайкешүүсүнө Расулуллах ﷺдын рошид Халифалыктын болушу жөнүндөгү башараты кошулса, бул ушул күрөштүн борборунда Хизб турганын тастыктайт. Хизб келечектүү жана мусулмандарга эле эмес, бүткүл дүйнөгө убада кылынган долбоордун ээси. Бул нерсе ага өзгөрүү жараянында дүйнөлүк жетекчилик сыфатын берет. Хизб шаръий тарыйкат негизинде келечекти жаратуу жараянына жетекчилик кылат. Негизи, биз бул тарыйкат жөнүндө көп сөз кылганбыз.

Эл аралык саясий окуяларга келсек, биз алардын дүйнөлүк өзгөрүүлөрдү ишке ашыруу тарапка бара жатканын көрүп жатабыз. Өзгөрүү жараяны регионду өзгөртүү жараянынан чоңураак. Кала берсе, бул жараян бүткүл дүйнөгө таасир кылат. Биз көрүп жаткандай, Америка бул өзгөрүү жараянын пландаштырууда. Ал ушул жараянда мусулмандарды да, Кытай жана Европаны да ага каршы атаандашуусуна жол бербестикке урунуп жатат. Ошондуктан, ал учурда Россия-Украина согушун козгоду жана Кытайга каршы өз регионунда согушууга даярданууда. Ал бул күрөштө мусулмандар үчүн үлүш болушуна жол бербей жатат. Америка «Акса ташкыны» операциясынын артында анын тыңчылык кызматтарынын назарынан четте калган чоң план бар болушу жана муну менен операция көздөлгөн максатына жетиши мүмкүн экенин сезген соң, өзүнүн аскерий күчтөрүн жана саясий аракетин сапарбар кылганын көрдүк.

Акыр заманда диндин үстөм болушу, өзгөчө, пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык жөнүндө айтылган шаръий нусустарга келсек, аларда алыскы келечекти ачып берген, ачык-айкын тафсилаттар бар. Бул нусустарда пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалыктын тикелениши жөнүндө сөз болот. Расулуллах ﷺ айтат:

«ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ»

**«... Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот».** Яхудийлерге каршы согуш болуп, алардын жок кылынышы жөнүндө айтылат. Расулуллах ﷺ айтты:

«لَا تَقُومُ السَّاعَةُ حَتَّى يُقَاتِلَ الْمُسْلِمُونَ الْيَهُودَ فَيَقْتُلُهُمُ الْمُسْلِمُونَ، حَتَّى يَخْتَبِئَ الْيَهُودِيُّ مِنْ وَرَاءِ الْحَجَرِ وَالشَّجَرِ، فَيَقُولُ الْحَجَرُ أَوْ الشَّجَرُ: يَا مُسْلِمُ يَا عَبْدَ اللهِ، هَذَا يَهُودِيٌّ خَلْفِي فَتَعَالَ فَاقْتُلْهُ، إِلَّا الْغَرْقَدَ فَإِنَّهُ مِنْ شَجَرِ الْيَهُودِ»

**«Мусулмандар яхудийлерге каршы согушуп, аларды өлтүрмөйүнчө, артына яхудий жашынып алган таш жана дарак да: "Эй, мусулман, мына, артымда яхудий турат, кел аны өлтүр", демейинче Кыямат болбойт... Бир гана гаркад дарагы гана андай дебейт. Себеби, ал яхудийлердин дарагы».** (Муслим риваяты). Ислам өкүмдарлыгы чыгыш жана батышка жетиши жөнүндө да айтылат... Савбан риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

«إِنَّ اللهَ زَوَى لِي الأَرْضَ، فَرَأَيْتُ مَشَارِقَهَا وَمَغَارِبَهَا، وَإِنَّ أُمَّتِي سَيَبْلُغُ مُلْكُهَا مَا زُوِيَ لِي مِنْهَا»

**«Аллах жерди мага топтоп көрсөттү, ошондо анын күн чыгышынан күн батышына чейин бардык жайларын көрдүм. Аныгында, Умматымдын мүлкү мага топтоп көрсөтүлгөн жайларга чейин жетип барат».** Эгер биз ушул башараттарды аклий тартипке салсак, бул башараттардан биринчи ишке аша турганы Халифалык болуп эсептелет. Андан кийин яхудийлерге каршы согуш болот жана бул согуш Халифалык мамлекети тарабынан болот. Андан соң динди жер жүзүнүн чыгыш-батышына жайган жихаддар болот...

Ооба, Ислам Умматы бир Уммат болуп, анын эң алыстагысы жакындагысына жардам берет жана анын маселелери да бир. Ошондуктан, мусулман өлкөлөрүнүн биринде мусулмандар чабуулга учураса, Умматтын аракетке келгенин көрөбүз. Эгер чабуулга учурап жаткан мусулмандар Фалестинде болсо эмне болот? Албетте бул абалда алардын көпчүлүгү өз ыктыяры менен согушка кирет. Үй-бүлөсүн, өлкөсүн жана тирикчилигин калтырып, согушуу үчүн келет. Афганистанда Советтер Союзуна каршы, кийинчерээк Америкага каршы ушундай болду. Сирияда да, ал жерден «мигранттар» башка өлкөлөргө агып келгенде да, мурдараак Босния жана Герцеговинада да ушул абал болду. Ошондуктан, бирер мусулман өлкөсүндө өкүмдар режимдер өзгөртүлсө, бул абал калган мустабид режимдердин өзгөртүлүшүнө

алып келет жана ушул тaризде (израилдин) чегаралары да өзгөрөт.

Эгер Аллах Хизбди Умматтын маселесин жалгыз маселеге т.а. Умматты бириктирүүчү Халифалык мамлекетин тикелөө маселесине айлантууга жетиштирсе, Хизб үчүн ошонун өзү жетиштүү. Анткени, Халифалык мусулмандардын бардык маселелерин чечип, аларды бир мамлекетте бириктирет. Бул мамлекет алар үчүн бакубат турмушту камсыздайт, Исламды колдонуп, аны бүткүл дүйнөгө жаят. О.э. ал эч бир ыпластыкты калтырбай баарын жайган ушул эл аралык системасына чекит коёт жана хадистерде келгендей яхудий вужудун жок кылат. Аллах Таала айтат:

﴿وَعۡدَ ٱللَّهِۖ لَا يُخۡلِفُ ٱللَّهُ وَعۡدَهُۥ وَلَٰكِنَّ أَكۡثَرَ ٱلنَّاسِ لَا يَعۡلَمُونَ﴾

***«(Бул) Аллахтын убадасы. Аллах Өз убадасына тескери иш кылбайт. Бирок, көп адамдар билишпейт»*** [30:6] ❑

# ШАМ КОЗГОЛОҢУ ЖАНА “АКСА ТАШКЫНЫ” АЛЛАХТЫН УРУХСАТЫ МЕНЕН РОББАНИЙ ӨЗГӨРТҮҮ ДАРБАЗАСЫНЫН АЧКЫЧЫ БОЛСО АЖЕП ЭМЕС

**Устаз Абду ад-Даллий**

## Козголоңдун келип чыгуу себептери... Соңдун башталышы

Шаш козголоңу Даръадан башталып, «козголоң учкуну», «козголоң калканы» жана «козголоң бешиги» аталыштарын алды. Бул козголоң Сириядагы вакиъликти күзөткөн киши катардагы окуя, жөнөкөй абал деп эсептеген нерсе себептүү жүз берди. Айрыкча, ал жаңы жана сейрек учураган окуя эмес эле... Анткени, разведка зынданынан жана тергөө бөлмөлөрүнөн чыккан көптөгөн икаялар мындан да үрөй учурган окуяларды айтат. Ко-ош, эмнеге бул нерсе дүйнөнү коркууга салып, тынчсызданткан о.э. анын козголоңго каршы күрөшү ачык жана ашкере боло турган даражада тынчсызданууга салган козголоңдун башталышына себеп болду?

Болуп өткөн иштердин түпкү маңызын билүү үчүн бир нече жылдарга артка кайтуу т.а. 1970-жылга кайтуу зарыл. Себеби, ошол убакта жүз берген окуя бүгүнкү жарылуунун башталгыч чекити болгон. Ал кезде Сирия бийлигинин башына Хафиз Асад келген. Аны эл колдобогондуктан, бийликке келгенден тартып адамдардын ыраазылыгын алуу үчүн жасалма жылмаюу маскасын жамынган. Ошондуктан, анын башкаруусундагы коопсуздук кызматында алгачкы жылдары зомбулук көрүнбөгөн. Бирок, бул кызмат Хафиздин башкаруусун жана анын бийлигинин аброюн түшүрүүгө таптакыр жол бербеген позицияда бекем турган.

Хафиз Асад адамдардын колдоосун алууга канчалык урунбасын эл аны кабыл албай жатканына көңүлү иренжиди. Ал адамдардын арасына кирип, алар менен отуруп жана аларга жакын болду, бирок, анын бул аракеттери текке кетти. Калк, эл, адамдар ага наразы болуп кала берди. Анын Арманаз жана башка шаарларда адамдар аны жумуртка жана помидор ыргытуу менен күтүп алышы фикирибиздин жаркын мисалы.

Хафиз Асад өз бийлигин бекемдеп алгандан кийин жырткыч тиштерин көрсөтө баштады. Анын мусулмандарды

жек көрүүсү эң биринчи Жисри Шугур, Халаб, Хама сыяктуу шаарларда Ихванчыларды кыргын кылышында көрүндү. Режимге каршы жарылуунун топтолушу дал ушул жерден башталды. Режим муну, айрыкча, анын өкүмдарлыгы кан жана кыргындарда өз тастыгын тапкандан кийин түшүнүп жетти. «Ихванул Муслимин» окуясы ушул диктатор мамлекеттин тарыхында маанилүү окуя болду. Ошол кезден баштап коопсуздук кызматынын айла-амалдары, кара мүртөздүктөрү ачык көрүндү. Адамдардын режимди жек көрүүсү күчөй баштады жана алар учкундун чыгышын күтө башташты.

Ихванчылар кыргын кылынган окуядан кийин коркунуч жана коркутуу негизине курулган мамлекет операциясы башталды. Ал тургай, коркуу туурасындагы сөздөр адамдар сүйлөшкөн сөздөрдүн негизине айланды. Муну менен мамлекет маал-маалы менен пайда болуп жаткан элдин нааразылыгын тизгиндөөнү көздөдү. Асад режими региондо ыплас кылмышкер режимге айланды: адамдарды камактарда кыйноого салуу, өлтүрүү күчөдү. Күч органдарынын куугунтуктары көбөйдү. Тиричиликте, турмушта, а түгүл, ар бир нерседе басым күчөдү. Кичине дүкөн ачмакчы болгон да коопсуздук кызматынын ыраазылыгын алышы керек болду, анын уруксатысыз эч бир иш же вазыйпаны аткарууга болбой калды. Ким анын уруксатысыз бирер иш кылган болсо, абалына маймылдар ыйлайт же адамдар айткандай, анын бүткүл үй-бүлөсү үчүн кара күндөр башталат эле. Ал тургай, мен да 1999-жылы Хизб-ут-Тахрир мүчөлөрүн камакка алуу кампаниясы башталганын эстеймин. Мен ошондо жетинчи класста окуйт элем... Бөлөлөрүм менен отуруп, Хизб жигиттери саясий аракеттери натыйжасында кандай кыйноолорго салынганы туурасында сүйлөшөт элек. Жада калса, бөлөлөрүмдөн бири «ал жигиттерди камакка алып, үйүнөн алып чыгып бара жатканда сабай баштashканын» айтып берген... Ооба, Хафиз Асад бийликке келген биринчи күндөрдөн баштап кесиндик башталган. Андан кийин буга Ихванчыларды кыргын кылуу жана элге коопсуздук кызматынын басымдары келип кошулду. Андан кийин Дайруз-Зур жана Камашли сыяктуу региондордо нааразылык демонстрацияларынын учкуну пайда боло баштады, режим ал

жалындап кете электе өчүрүүгө шашылды. Бул көрүнүштөр адамдардын вакиълигин, наразылыктарын о.э. козголоң жалындашын күтүп жатышканын көрсөтүп турду.

Шексиз, Сирияда болуп жаткан окуялар араб жана Ислам дүйнөсүндө болуп жаткан окуялар менен бирдей болгон. Себеби, ал өкүмдарлардын бири да адамдардын каалоосу боюнча өкүм жүргүзүшкөн жок. Тескерисинче, алардын бардыгы бийлик башына төңкөрүштөр жана чет элдик колдоолор аркылуу келишкен. Ошондуктан, өкүмдарлар эч качан элдин ыраазылыгын ала алышпады. Адамдар аларды кабыл албагандыктан өз күрсүлөрүн сактап калуу үчүн адамдарды коркутуу жолун карманышкан. Ошентип, учкун араб билигинен т.а. Тунистен чыкты жана башка өлкөлөргө жайылды. Ооба, учкун Тунистен чыкты жана өзүн өрттөгөн Азизий окуясы башка окуялар сыяктуу өткүнчү болбоду, балким, бөлмө газга толуп, жарылды.

Кайра Сирияга кайта турган болсок, Тунис окуясынан кийин Башар Асад режими бул окуядан четке калууга урунду жана өзүнүн чириген медия машинасын ишке салып, сокур тыйынга арзыбаган: «ыкчам реформалар», «коррупция жөнүндөгү мыйзам», «биз Тунистен башкабыз» деген сыяктуу пайдасыз, курулай сөздөрдү таратууга киришти. Негизи, мамлекеттин мындай менталитетин бир түндө өзгөртүүгө, бир калем шилтөө менен кылмыштуу таризин өзгөртүү кыйын. Ооба, режим корккон нерсе жүзөгө ашты. Мектептин балдары «Эй, диктатор, кезек сага келди» деп жазып чыгышты. Ошондо Башар режиминин медия машинасынын сөздөрү эч бир нерсеге жарабай калды. Эмне үчүн кезек Асадга келбесин, акыры, өлкөнүн ата-энелери да, жетекчилери да, азат кылынган туткундары да кайра жазага тартылды, берилген бардык убадалар унутулуп, кылмыштуу менталитети кайтып келди, режим офицери Атиф Нажиб деген адам жогорудагы сөздөрдү жазган балдарды камакка алып, тырмактарын сууруп алды жана өтө куник түрдө өлтүрүп жиберди... эч бир ортомчулукту кабыл албады... Ошондо Даръанын бир топ аксакалдары топтолуп, адамдарда адатка кирген жана мыйзам алкагында кылмышкердин алдына барышты, бирок, андан ыплас сөздөрдү угушту: «Ал балдарыңарды унуткула, биз башка балдарыңарды да,

аялыңарды да алып кетишибиз мүмкүн, эч нерсе кыла албайсыңар!». Ушинтип козголоңдун учкуну Асадды да, аны колдоп-кубаттаган жалданма согушкерлерди да, ага жардам берип жаткан мамлекеттерди да өрттөдү жана алардын анабашы Обаманын чачын агартты...

**Козголоңдун агымы:**

Аксакалдар делегациясы кайтып келип, адамдарга Атиф Нажибден уккандарын сөзсө-сөз айтып беришти. Натыйжада козголоңдун такбирлери жаңырды, демонстрациялар болду, мунун артынан эң чоң козголоң башталды. Бул козголоң Даръа шаарынан, адамдар топтолуп жүрүш кылган «Умарий мечитинен» башталды. Көп өтпөй козголоңдун көлөмү каеңейди, бир нече саатта шаардын айлаансындагы айылдар да козголоңго кошулду. Асад режими аны тизгиндөөгө урунду, бирок, жек көрүү көлөмү ал ойлогондон үлкөн жана күчтүү эле. Козголоң кудум кургаган чөп күйгөндөй заматта жайылып кетти жана козголоңго Дамаск, Хомс, Хама, Идлиб, Дайруз-Зур, Ракка жана Халабдын шаар-айылдары кошулду. Бардык региондордо козголоң бирдей башталды: т.а. келип чыгуу жайы мечиттерден башталды, ураандар төмөнкүдөй болдуу: «الله أكبر على أفعال النظام»(Режимдин кылмыштарынан Аллах улуу), «هي لله هي لله، لا للسلطة ولا للجاه»(Козголоңубуз Аллах үчүн, Аллах үчүн, өкүмдарлык үчүн да эмес, аброй үчүн да эмес), «يا الله مالنا غيرك يا الله»(Оо, Аллах, бизге Өзүңдөн башка керек эмес). Ооба, козголоң башталганда эле Аллах Субханаху ва Таалага байланды, жардам жана колдоону Аллахтан сурады, максатка жетүү үчүн бекем кадамдарды таштады. Булардын бардыгы дүйнө мамлекеттеринин көз алдында болду. Албетте, бул нерсе аларга таптакыр жакпады. Ислам бийлиги жана Халифалык башкаруусу талап кылынган ураандар жаңырган мындай козголоң аларга жагат беле?! Кантип ыраазы болушмак эле, акыры, козголоңчулар Дамасктан кийин Куддус экенин кыйкырып жаткан болсо?! Бул акыйкатты режимдин билдирүүлөрү да далилдеди. Мисалы, Валид Муаллим Халифалык тикелөөгө урунуп жатат деп Сирия калкын айыптады, Европа да коркунуч астында каларын айтты. Ал Сирия илманийликтин акыркы чеби экенин, аны коргоо зарылдыгын баса белгиледи. Россия да билдирүү берип, козголоңчулар Халифалыкты кайра

тикелешмекчи экенин айтты.... Козголоңдун башталышы да, башталгыч чекити да, урааны да ушундай таризде болду. Бүткүл дүйнөлүк козголоң бүткүл дүйнөлүк идеология менен хытаб кылып, ушул аркылуу Умматка ылайык козголоңго айланды. Эмне үчүн ага ылайык болбосун, акыры, дүйнөнүн ал четинен бул четине чейин бүткүл Уммат аны колдоп-кубаттаган болсо?!

**Дүйнө мамлекеттери козголоңго кандай мамиледе болушту, күзөтүп унчукпай карап турuштубу?**

Мамлекеттер байкоочу катары көпкө күтүшкөн жок, тескерисинче, козголоңго кирип, аны кыйратуу аракеттери башталды. Силер уккан нерсени уккандан жана силер көргөн нерсени көргөндөн кийин алар унчукпай турат беле?! Алардын назарында, Обама айткандай, бардык нерсе шайтандын колунда болуп, Асад режими пайда кылган боштук ушул мамлекеттер каалабаган башка жаңы режимге толтурула турган болуп калды. Адамдар бул режимге каршы чыгып, ага чабуул кыла башташты. Ошондуктан, натыйжалар кандай болушуна карабастан, бул тенденцияны токтотуу жана аны адамдардын аң-сезиминен өчүрүү керек эле. Ушул көз караштан келип чыгып, анабашы, иштердин ээси эсептелген Америка демонстрациядагы адамдардын максатын бөлүүгө киришти. Бул үчүн биринчи кадамды оппозицияны жалпы конференцияга тартуудан баштады. Натыйжада «Стамбул I», кийин «Стамбул II» конференциялары болуп өттү. Анын артынан коалиция түзүлдү. Андан соң Америка аскерий күчтөрдү бөлүү баскычына кадам койду. Бул күчтөр арасында муътадилдер менен экстремисттер бар эле. Ошондуктан, аларды азат күчтөр менен исламий топторго бөлдү. Америка бул нерселер аркылуу козголоңчулардын ортосунда чыр-чатак чыгарып, козголоң жана козголоңчуларды бөлүп салууну көздөдү.

Америка ушундай кылууга мажбур болду, себеби, анын гегемондугу коркунуч астында калган эле! Мамлекеттер козголоң өз максатына жетпеши үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрүн ишке салышты, эч бир нерсесин аяшпай, эч бир ыкманы калтырбай колдонушуп, кепил мамлекеттер картасын ишке салышты. Алар козголоңду тизгиндеп, жок кылуу планы алкагында түрк режимине үлкөн роль беришти.

Түрк режими козголоңго саясий акчаларды киргизди, конференцияларды уюштурду жана ушулар акылуу адамдарды сатып алды... Ким ушундай жол менен аракет кылбаса, дрондор жана кол салуулар аркылуу жок кылынды... Булардын бардыгын куфр дүйнөсүнүн мамлекеттери козголоңду жок кылуу үчүн кылышты, кол куушуруп турушкан жок жана бул кор топко америкалык маэстро жетекчилик кылды.

**Куфр мамлекеттери ушул аракеттери менен максатына жетиштиби? Шам козголоңу бүгүн каерге жетти? Анын "Акса ташкыны" менен кандай байланышы бар?**

Куфр мамлекеттери акыркы жылдары жасаган ушунча аракеттери менен козголоңдогу адамдарды чалгытууга гана жетишти. Бирок, адамдарды үмүтсүздүккө сала алышпады жана ойлорунан козголоң демин өчүрө алышпады. Бирок, алардын катарын буза алды, тузактарды коюп, аларды ишке салууга катуу аракет кылышты. Мисалы, түрк режиминин «достугунан» анын канчалык саткын жана фитначы экендиги көрүндү. Региондор колдон чыгарылгандыгы, адамдарды козголоңдон көңүлүн калтыруу жана тообо кылдыруу үчүн «Ислам мамлекети» уюму аркылуу Ислам каралап көрсөтүлгөндүгү ачык-айкын белгилүү... Бирок, натыйжа ушул болду – адамдар булардын бардыгын жеңип, басып өтүштү жана мындай сөздөрдү айтышты: «Козголоң кулабады, кулагандар алар өздөрү болду, козголоң дагы эле улануууда, себеби, ал чынчыл болгондорго, жанын курман кылгандарга таандык козголоң ».

Чоң оюнчу мамлекеттердин жасаган бардык иштери – ал тургай, айрымдар бул иштерди ийгилик деп ойлоп жаткан болсо да – ийгиликсиз болду. Козголоңдун жогору деми буга ачык-айкын далил. Өтө көп абалдарда адамдар бул демдин канчалык күчтүү экендигин дагы эле көрсөтүшүүдө. Түркия 2022-жылы августта берген билдирүүлөрүнө адамдардын реакциясы мунун эң күчтүү далили. Мамлекеттер козголоңдогу каражаттары аркылуу өздөрү киришкен иштерди жүзөгө чыгара албай жаткандыгы туйгуюкка батуунун кезектеги далилинен башка нерсе эмес. Мындан тышкары, Американын Башар режимин кайра бутка тургузуу

аракеттери да козголоң максатын бузуу экенин көрсөтүп турат. Айрыкча, сириялыктардын аң-сезиминде козголоңдун акыйдавий жагы жана тарыхий тереңдиги да бар, аны ушул аракеттер менен жок кылуу таптакыр мүмкүн эмес. Арийне, Шам калкынын ыңкылабы чындыгында тарыхтын багытын бүтүндөй өзгөртө турган улуу окуя болду, инша Аллах. Кантип болбосун, себеби, ал алгач баарына үлгү боло турган күрөштүн планын сызды, андан кийин болуп көрбөгөн сабырчыдам жана эрдик менен кадам шилтеди. Бул экөсү тарыхка кирүүнү каалагандар үчүн негизги факторлор.

**“Акса ташкыны” тарыхка кирүү үчүн экинчи уюл:**

“Акса ташкыны” башталганына алты айдан ашты жана ал мурунку согуштардан, мисалы, 1948-жылдагы согуштан баштап, 1956, 1967, 1973, 2006-жылдардагы күрөштөрдөн бүтүндө айырмаланат.

“Акса ташкыны” ушундай бир согуш, мында туруктуу армия т.а. мамлекет армиясы болбосо да, бирок, ал туруктуу армия жетише албаган ийгиликке жетишти. Т.а. яхудий вужуду мындай согушту көрбөгөн. Буга яхудийлердин премьер-министри Нетаняху менен анын коргоо министри Йоав Галант жана башкы штаб башчысы Херце Ха-Леви ортосунда чыккан карама-каршылык жана жаңжал ачык-айкын далил.

Акыркы он жылдыкта Фалестинди Умматтын проблемасы тизмесинен алып салуу идеясы үстүндө олуттуу иштер алып барылды жана бул «Фалестин Азаттык Уюмунун» түзүлүшү менен башталды. Иштин башында Умматка Фалестин маселесин унуттуруу үчүн чыр-чатакты чектөө жана кичирейтүү аракети жасалды. Ясир Арафат: «Фалестин мамлекети тикеленгенин жарыя кыламын», - деди. Мына ошондон тарта Фалестин калкы менен яхудий вужуду ортосундагы күрөштү чектөөгө каратылган бир катар караниет аракеттер башталды. Арафаттын бул жарыясынын артында Умматты Фалестин маселесин унуттурууга багытталган ыплас пландар жаткан. Оор жана узакка созулган күрөштөн кийин ташкын келди жана саткын режимдердин өкүмдарлары тарабынан нормалдаштыруу баскычтары жогору даражага жетти. Яхудий вужуду менен биргеликте жашоого жана аны дененин бир бөлүгү катары кабыл алууга ыраазы болуу идеялары алга сүрүлдү. Бул

Эмираттар, Катар, Саудия, Мисир жана Иорданиянын яхудий вужудун вакиъликтин ажырагыс бир бөлүгүнө айлантуу максатында жүргүзүлгөн иштеринде көрүндү. Бул кадамдар ыкчам ташталып, яхудий вужудуна каршы окуя жүз бергенге чейин алардын тынчтыгын эч нерсе бузбады.

**"Акса ташкыны" мунаса деген жокко чыгарып, маскаларды сыйрыды, жийиркеничтүү яхудий вужудунун жүзүн ачыкка чыгарды.**

Жүз берген окуяны кылмышкер мусулман өкүмдарларынын бири да күтпөгөн эле. Себеби, Фалестин маселесин жок кылуу үчүн көп жылдар аракет алып барылды... Яхудий вужуду менен бирге жашоо жана аны регионго кошуу идеясын бекемдө үчүн бүткүл маалымат каражаттары аркылуу үлкөн иш-аракеттер жасалды... Арамза Авичай Адраи телевидениеде түз эфирлерди өткөрдү, видеолорду таратты, Куръан аяттары окулду, мусулмандардын иш-чараларында аларды куттуктоо жолго коюлду, жума күнкү берүүлөрдө насааттар кылынды, хадистер окулду. Мына ушундай тынымсыз иш-аракеттер жасалгандан кийин эч ким күтпөгөн маалда "ташкын" бардык нерсени жокко чыгарды... Кудум Абу Зайддин казатында Аллах Субханаху ва Тааланын тигилер жөнүндөгү аяты жүзөгө чыккандай болду:

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ يُنفِقُونَ أَمۡوَٰلَهُمۡ لِيَصُدُّواْ عَن سَبِيلِ ٱللَّهِۚ فَسَيُنفِقُونَهَا ثُمَّ تَكُونُ عَلَيۡهِمۡ حَسۡرَةٗ ثُمَّ يُغۡلَبُونَۗ وَٱلَّذِينَ كَفَرُوٓاْ إِلَىٰ جَهَنَّمَ يُحۡشَرُونَ﴾

***«Албетте, кафирлер байлыктарын Аллахтын жолунан тосуу үчүн иштетишет. Анан, аны сарпташат го, кийин ошол** (байлыктары) **өздөрүнө өкүнүч болот, кийин жеңилишет. Кафирлер жаханнамга топтолушат»*** [8:36]

Ооба, алардын бардык иштери өздөрүнө каршы болду. "Ташкын" жарыяланышы менен Уммат аны колдоп-кубаттоого киришти, үнүн бийик көтөрүп, Фалестин маселеси анын тагдырий маселеси экенин дагы бир ирет жарыялады.

"Акса ташкынында" өтө көп нерселер ачыкка чыкты, көрүнбөгөн, ачылбаган иштер ачылды. Шерменде залим режимдердин дагы шермендеси чыкты, алардын баары Батыштын малайы жана Умматтын саткыны экени, яхудий вужуду менен парда артынан кызматташып жатканы дагы

кайра ачылды. Дал ушул режимдер яхудий вужудунун коргоочусу эле эмес, яхудий вужуду алардын көлөкөсү экени, көлөкө жок болушу үчүн оболу ушул режимдер жок кылынышы шарт экендиги көрүндү. Аллахтын жолунда жихад кылган момун топтун саны жана мүмкүнчүлүктөрү аз болушуна карабастан, дүйнөлүкө масштабдагы аскерий күчкө ээ армияны талкалады... Бул Умматтын бир тобу гана, эгерде мусулман кошуундары аракетке келсе эмне болот?! Иордания жана Мисир режимдеринин, оболу Түркия режиминин чыныгы жүзү ачылды, себеби, алар ушул Газа согушунда яхудий вужудун колдоп-кубаттап, анын коопсуздугун камсыздоого, анын чегараларын коргоого чакырышты. Негизи, курал өнөр жайы үчүн чийки сырьё жана материалдарды жеткирүү менен бул вужуддун тирүүлүгүн камсыздап келе жаткандар да ушулар эле... "Ташкында" бул режимдердин бардыгы кулады, ар бир акыл жүргүзгөн киши, көзү ачык адам үчүн алардын жүздөрү ачылды, алардын кимдиги бардыгына белгилүү болду. Мисир жана Иорданиядагы Уммат перзенттеринин ураандар бул эки режимдин вакиъсине ачык далил, бул эки режимдин жүзүн таанытуучу далил. Түрк режими ойноп жаткан роль да ал Умматка каршы эң чоң саткын экенине жана Умматты сатып жаткандыгына керегинен ашыкча далил. Бул жерде фитна бар экендиги ачык көрүнүп калды. Анткени, бүткүл Батыш мамлекеттери Америка башчылыгында яхудий вужудуна тилектеш болуп, ал жасап жаткан массалык кыргынды алкышташты, кандайдыр бир өзгөрүүлөр болушунан коркуп, аскерий флотторун аракетке келтиришти. Мисалы, Америка өз флотун регионго алып келиши ал Исламга каршы күрөштө негизги анабашы экендигине ачык далил. "Ташкын" жүз бергенден кийин бардык нерсе ачыкка чыкты. Батыш мамлекеттери ким экени да, региондогу алардын куурчак режимдери ким экендиги да белгилүү болду. Бүгүндөн баштап аларды жашыруу мүмкүн болбой калды, алар менен Уммат ортосундагы күрөш да ачыкталды жана белгилүү болуп калды.

Ооба, "Акса ташкыны" эң чоң акыйкатты т.а. яхудий вужуду алсыз жана назик экендигин далилдеди. О.э. Умматтын жалаң гана мүмкүнчүлүк жана кудурети менен эмес, негизинен өз ыйманы жана ихласы менен нусратка

жетишин баса белгиледи. Жана "ташкын" дүйнөдөгү режимдердин жана мамлекеттердин былыктарын ачып таштады. Ошондуктан, биз аларга душмандыгыбызды жана жек көрүүбүздү билдиришибиз керек, кудум алар бизге душмандык жана жек көрүүлөрүн көрсөтүп жатышкандай, мына ошондон кийин эч нерседе кыжалат болбойбуз.

**Согуштагы негизги өлчөө.**

Бул "ташкын" бизге көп нерседен кабар берди, бир катар нерселердин бетин ачты жана бүгүндөн баштап эч кимдин суздук кылышына шылтоо калтырбады. Демек, Газа калкына нусрат берүүгө тоскоол болуп жаткандар ачык көрүнүп калгандан кийин аларды түп-тамыры менен жок кылуу фарз. Газага нусрат берүү – бул жолдо турган тоскоолдуктарды жоготуу менен ишке ашат. Эгер максат яхудий вужудун коргоп жаткандарды коргоо болсо, аскерий чиндерден, аскерлер жана кошуундардан, танк жана самолёттордон о.э. кеме жана ракеталардан эмне пайда?!

Чындыгында, куралды яхудийлерге багыттоо болуп көрбөгөн зарылдыкка айланды. Бул куралдар Умматтын каражатына сатып алынган. Уммат бүгүн куралдардын аракетке келишин талап кылууда, жер жүзүнө көлөкө салып жаткандарды кулатып, алардын көлөкөсүн да жок кылууну талап кылууда. Бүгүн согуш ачык-айкын болуп калды. Демек, Умматтын кошуундары аралашуусу шарт. Чара көрбөөгө бүгүндөн баштап эч кандай шылтоо калбады. Себеби, душман кимдиги да, анын күчү да белгилүү, текшерип отуруунун кажети жок. Кала берсе, чара көрүү укугу да калк тарабынан берилүүдө, ушул себептен улам кандайдыр бир буйрук күтүүгө кажет жок. Куралдын баасына келсек, адамдар кайра-кайра төлөөгө даяр... Себеби, Уммат материалдык, логистикалык жана моралдык жардам көрсөтүүгө даяр. Демек, эй, Уммат кошуундары, экиленбей аракетке келгиле жана чечим кабыл алууга шашылгыла, тарыхка согуштан калгандар, согуштан качкандар катары жазылып калуудан сактангыла!

**Жыйынтык.**

Бүгүн эки лагерь т.а. куфр лагери менен ыйман лагери ортосунда күрөш кескин күчөдү. Куфр лагеринде анын малайлары, курал жана мүмкүнчүлүктөрү бар, бирок, ыйман

лагеринде болсо себептердин ээси, нусрат берүүчү, күч-кудурет колунда болгон ааламдар Роббиси бар. Бүткүл Ислам тарыхында мусулмандар бир да жолу душмандарын саны жана куралынын көптүгү менен жеңишпеген. Тескерисинче, азчылык болушкан жана ушул абалда ийгиликке жетишкен. Ал тургай, Умар ﵁ Саъдга мындай деген: «Эй, Саъд, билип кой, кошуундун күнөөлөрү ал үчүн душманынан да кооптуу. Биз душманыбызды Аллахка итаатыбыз жана душманга итаатсыздыгыбыз менен жеңебиз. Эгер биз күнөөгө тең болуп калсак, душманыбыз бизден сан жана курал менен үстөм келет». Бул нерсеге далалат кылган окуялар өтө көп жана алар бүгүн да көз алдыбызда ишке ашууда. Буга далил келтирүү үчүн тарых барактарына кайрылышыбыз шарт эмес. Мына, Шам козголоңу да, “Акса ташкыны” да буга ачык-айкын далил. Бул нерсенин акыйкат экендигине күн сайын күбө болуп жатабыз. Бул күрөш Шамда дагы да күчөгөндөн күчөп барууда... Бүткүл дүйнө адамдарды эксплуатация кылууга, тиричилигине басым өткөрүп, куугунтуктоого, аларды колдорунан эч нерсе келбей турган абалга салып коюуга негизделген бүгүнкү эл аралык тартиптен абдан тажады. Бул эл аралык тартип коом баалуулуктарын талкалоодо, тартипсиз жыныстык катнашка урухсат берүүдө, мыйзамдарды мамлекет жетекчилери жана ири бизнесмендерге ылайык иштеп чыгууда. Жер жүзү бул жаңы дүйнөлүк тартипти күтүп алууга даяр болсун үчүн бул Аллах Субханаху тарабынан көрүлүп жаткан даярдык болсо ажеп эмес. Аллах Таала Өз Расулу үчүн Ясрибди ушинтип даярдаган эле. Ошондо Буас согушу болуп, адамдар ата-бабаларынын кылмыштарынан абдан тажашкан жана жаңы тартипти ыраазылык жана кубануу менен кабыл алууга даяр болуп калышкан. Бүгүн Аллах Субханаху бизге бул ишке аралашуусун көрсөтүп жатат. Маселенин маңызы ушунда – биз Аллах менен бирге бололу, ошондо Ал шексиз биз менен бирге болот. Динибизге жардам берели, албетте Ал бизге нусрат берет. Бүгүн дүйнө өтө чоң өзгөрүүнүн босогосунда турат, бүткүл нерсе ага күбөлүк берип жатат. Бул иштин ачкычы Шам козголоңу менен “Акса ташкыны”, өзгөртүү да, тарых да ушул экөөсүнүн негизинде жаралат, инша Аллах деп айтабыз. Болуп жаткан окуялар да ушуну далилдеп турат –

Ислам Умматы эң жакшы Уммат. Ал нусрат Умматы, ал нусрат келишин күтүп отурбайт, ал нусратка карай арстандай умтулат. Демек, ушуларды окуган адамдар Ислам кербенине, мужахиддер кербенине кошулууга шашылышсын, бул дүйнө жана Ахыретте үлкөн ийгиликтерге жетүү үчүн аракет кылуучулардан болууга шашылышсын, кербенден артта калышпасын, мухаллафийн-согуштан калган, согуштан качкандардан болуп калышпасын! Антпесе, өкүнүч жана кайгыда калышат. ❑

## ОО, ЫҢКЫЛАПЧЫЛАР! КАЧАН КЕСКИН ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛЫНАТ?!

**Хасан Абдулмуътий**

Обаманын мөөнөтү бүтүп, Трамп бийликке келгенден кийин кээ бирлер Сириядагы чечимдин тездешүүсү жөнүндө оптимисттик фикирде болушкан. Ал эми, Байдендин келиши менен оптимисттик жана пессимисттик фикирлер пайда болду. Акыры бул фикирлердин бардыгы нормалдашуу жана Дамасктагы канкор режимди сактап калуу иштеринин башталышы менен бүттү. Бүгүн Америка майданында кескиндик пайда болушу менен айрымдар Сирия калкынын оорусу жеңилдешет деген үмүттө дем ала башташты. О.э. айрымдар Америкадагы климаттын-абалдын өзгөрүп жатканын көрүп, арзуу жана иллюзиялар менен жашоого көнүгүп калышууда, Америка менен Сириядагы кылмышкер режимдин тыгыз байланышынын маңызына терең назар салбай жатышат.

Бул кириш сөздөн кийин, мен АКШ бийлигиндеги администрацияга карабастан, бул мамлекет менен канкор Асад режими ортосундагы бекем мамилелер жөнүндө көп сүйлөмөкчү эмесмин. Маселе режимдин мурунку жетекчилеринен болгон, кийин биринчилерден болуп оппозицияга кошулган Рияз Наъсан Аганын билдирүүсү менен айкындашат.

Мен ыңкылапчыларга жана ыңкылап тарапкерлерине кайрылмакчымын. Оппозиция качан өз сөзүн айтат. Америка чечимине, 2245-резолюцияга үмүттөнгөн, калктан болсо бөлүнүп, аны кайра жарашпай турган түрдө «үч талак» кылгандар ушул оппозиция эмес беле?!

Бул оппозиция тигил мамлекеттер менен болгон алакасын жана үмүтүн качан үзөт, акыры, бул мамлекеттерди Америка өзүнүн чечимине кызмат кылуу жана канкор режимди коргоо менен алек кылып койгон го?!

Кеп бутага катасыз анык тийиши үчүн дагы да анык кылып айтабыз:

Эй, Шам ыңкылабындагы Ислам калкы, качан чечүүчү сөз айтылат, качан кескин чечим кабыл алынат?!

Келгиле, жооп берүүгө жардамдашалы жана силерге тарыхтан үч үлгүлүү кыссаны айтып берели, бул кыссаны убакыт өтүп кете электен мурун жана ыңкылап менен

курмандыктар текке кетишинен мурун өз убагында түшүнүп жетүү керек. Бул Рожиъ кудугу күнүндөгү Расулуллах ﷺдын сахабалардан турган кошууну жөнүндөгү окуя болуп, аны кыскача айтып беребиз:

Ухуд согушунан кийин Расулуллах ﷺдын алдына Узал жана Карат деген араб уруусунан эки кербен келип: «Я Расулуллах, биздин уруубузда Ислам бар, бизге бир нече сахабаңызды кошуп бериңиз, фикх үйрөтүшсүн, Куръан окутуп, Ислам шариятынан таалим беришсин», - дешет. Расулуллах ﷺ сахабалардын алтоосун аларга кошуп берет: Марсад Ганавий, Халид ибн Бакир, Асим ибн Сабит, Тарик ибн Абдуллах, Хубайб ибн Адий, Зайд ибн Дасна. Аларга Марсад Ганавийди амир кылат.

Алар жолго түшүшөт, бирок, Хижаз тараптагы Хузайл уруусунун Ражиъ кудугуна жетип келишкенде кербендегилер бул алты сахабага кыянаттык кылышат. Аларга каршы Хузайлдан жардам сурап, жамаат капыстан аларга каршы кылыч көтөрүшөт. Сахабалар да аларга каршы согушуу үчүн кылыч көтөрүшөт. Мушриктер сахабаларга: «Биз силерди өлтүрмөкчү эмеспиз, максатыбыз – силерди Мекке калкына алып барып, алардан акча өндүрүү, себеби биз силерге каршы согушпоого Аллах үчүн ишеничтүү убада беребиз», - дешет.

Кошуун амири Марсад  Ганавий менен Халид ибн Бакир жана Асим ибн Сабит: «Аллахка ант, биз мушриктен убада да албайбыз, аны менен эч качан келишим да түзбөйбүз», - деп жооп беришти. Асим ибн Сабит аларга ыр саптары менен жооп берет: «Мен сабагы таза, найзасы курч, жаа жиптери бекем, жаа тышынан зорлор да багынып берген кемчилиги жок эр жүрөкмүн... Өлүм акыйкат, жашоо алдамчы, Аллах эмнени жазса, ошол анык болуучу, адам Аллахтан келген, кайра Ага кайтуучу... Төрөгөн энем акысы, силерге каршы согушпасам, коркокмун!».

Марсад, Асим жана Халид согушуп, каза болушат. Калган үчөөсү т.а. Зайд ибн Дасанна, Хубайб ибн Адий жана Тарик ибн Абдуллах суздук кылышат. Өмүрлөрүн сактап тирүү калууга умтулуп, багынып беришет. Мушриктер аларды туткунга алып Меккеге алып барып сатуу үчүн жолго түшүшөт. Захранга жетишкенде Тарик ибн Абдуллах аркан менен байланган колдорун чечип, колуна кылыч алып согушмакчы

болот. Бирок, мушриктер андан мурда аракет кылып, аны таш менен уруп өлтүрүшөт. Хубайб менен Зайдды Мекке калкына сатышат, Мекке мушриктери экөөсүн өлтүрүшөт.

Бул алты сахабанын кыссасы бир позицияда кескин чечим кабыл алуу үчүн бизге үч үлгүнү көсөтүүдө:

**Биринчи үлгү** кошуун амири Марсад менен анын эки досу Асим жана Халидден алынат. Себеби, бул үчөөсү күтүлбөгөн абалга туш келишкенде тапкырлык менен фикирлешти жана ишке киришүүдөн мурда кескин чечим кабыл алышты. Бул чечимдерин «Аллахка ант, биз мушриктен убада да албайбыз, аны менен эч качан келишим да түзбөйбүз» деген жоопторунан көрсөк болот. О.э. Асимдин «Аллах эмне жазса ошол анык болуучу, адам Аллахтан келген, кайра Ага кайтуучу. Төрөгөн энем акысы, силерге каршы согушпасам коркокмун!» деген ырында көрүнүп турат. Анткени, бул тагдырий маселеде алынган кескин чечим. Мында өмүр же өлүм маселеси чечилет. Ошондуктан, алар кылычтарын сууруп, согушка киришишти жана шахид болгонго чейин күрөштү, Аллах алардан ыраазы болсун.

**Экинчи үлгү** Тарик ибн Абдуллахтан алынат. Ал башында багынып берди жана туткунга алынып, аркан менен колдору байланды, бирок, жолдо биринчи чечиминен т.а. туткунга түшүп Меккеге сатылып кетүү чечиминен кайтты жана амир менен эки шериги сыяктуу душманга каршы согушууну чечти. Аркан менен байланган колдорун чечип, колуна кылыч алып, согушмакчы болду, мушриктер мүмкүнчүлүк бербей, ташбараң кылып шахид кылышты.

**Үчүнчү үлгү** Хубайб ибн Адий менен Зайд ибн Даснадан алынат. Экөөсү туткун болууга ыраазы болушту, Курайш кафирлери аларды сатып алып, Бадрда өлтүрүлгөндөр үчүн өч алуу максатында өлтүрүштү. Алар өлүмдү Аллахтын казасына кадыржам жүрөктөр менен кабыл алышты.

Мисалы, Зайд ибн Дасна Абу Суфяндын суроосун чет кагып: «Аллахка ант, мен үйүмдө үй-бүлөм менен олтуруп, Мухаммад ﷺга ошол турган жайында бирер тикен азар беришин да каалабаймын», - деди.

Хубайб ибн Адий өлүмүнөн мурун эки ракаат намаз окуп: «Аллахка ант, эгер мени өлүмдөн корккону үчүн намазды созуп окуп жатат, деген күмөнгө барышпаганда, тоюп-тоюп

намаз окуйт элем», - деди жана ушул ырын айтты: “Муслим абалында өлтүрүлүү мен үчүн бакыт, каерде өлүтүрүлбөйүн, Аллах алдында жайым дайын”.

Ооба, ушул алты сахабий ﷺдар Аллах жолунда шахид болууга ашыгышты, чечимдери ар түрдүү болсо да, карманган позициялары бирдей болду жана алардын карманган бул жолу ишке киришүүдөн мурда фикирлөөгө негизделди.

Эгер бизге алардын икаясын билип, алар сыяктуу абалда чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгү берилсе, биз алардын амири жана анын эки жолдошу кабыл алган биринчи чечимди кабыл алмакпыз. Себеби, алар убаданы да, милдетти да аткарбаган мушриктердин психологиясын башкаларга караганда терең түшүнүштү. Алар мушриктердин ниетин калган жолдошторуна караганда бат түшүнүп жетишти.

Бул кыссадан үлгү алып, абалга ылайык кескин чечим кабыл алуу адам жана жамаат жашоосунда чоң мааниге ээ экендигин өзүбүзгө да, ыңкылапчыларга да эске салабыз. Хизб-ут-Тахрирдин биринчи күндө эле мубарек Сирия ыңкылабын колдоп-кубаттоо боюнча кабыл алган чечими, өнүктүрүү зарыл болгон жакшылыктар о.э. оңдоо зарыл болгон кемчиликтерди көрсөтүп турушу ыңкылаптын бүгүнкү күнгө чейинки жашоосуна чоң таасир кылды. Хизб-ут-Тахрир мүчөлөрү ушул мубарек ыңкылаптын желкесине минип алган «Улуттук Кеңеш», «Улуттук коалиция» жана «Сүйлөшүү комитети» о.э. алар кабыл алган уу-заар «Женева», «Вена», «Рияз» жана «Астана»... токтомдорун жана бул токтомдорду кабыл алган саткын жана ортомчуларды четке кагууда өздөрүнүн кескин сөздөрүн айтышты. Бул сөздөр ыңкылаптын жүрөгүнө, ыңкылапчы жигиттердин аң-сезиминде көрүндү. Бул сөздөр сүйлөөчүнүн чынчылдыгында жана бул сөздөргө амал кылуучу калыс момундардын кайратында өз тастыгын тапты.

О.э. Хизб мүчөлөрү козголоңчу топтор үчүн саясий акчаны жана уу донорлорду четке кагууда, алардан эскертүүдө, бул акчаларды алган жана саткындардын долбооруна аралашкан топторду инкар кылууда да чечүүчү чечим кабыл алышты. Хизбдин бул чечими эркин фикирлеген жакшы адамдар үчүн бекем чеп катары кызмат кылды т.а. Аллах аларды ушул кыйратуучу иштерден сактады... Алар Аллахтын арканын бекем кармап, саткын жана коркок жүзсүздөр алдындагы

сүйлөшүүлөрдү токтотуу үчүн калыс күчтөрдү топтоого урунушту.

Хизб мүчөлөрү келишим жана жарашууларды четке кагууда да, фронтторду жабууга ыраазы болбоодо да, ыңкылапты алдан тайдырууну, ыйык кандарды төгүүнү жана өз ара согушту четке кагууда да өз сөздөрүн айтышты. Алардын бул сөздөрү ушул илдеттерди кабыл алып, амал кылган жана калыс адамдардын денесине сүлүктөй жабышып алган рухий оорулуу адамдарга каратылды... Бул сөздөр сабыр кылган жана баштарына канчалаган зулум, өлүм, камак келсе да ыйык кандарды төкпөгөн эркин фикирлеген адамдарга жакшы таасир кылды.

Ыңкылап жамааттары жана жалпы эл кабыл алышы үчүн Хизбдин чечүүчү сөзү жана кескин чечимдери ыңкылапчылардын жүрөгүндө жана аң-сезиминде көрүнүүдө. Хизбдин чечүүчү сөздөрү жана анын кескин чечимдери жалпы калктын аң-сезимине сиңгенде калктын көпчүлүк бөлүгү аларды кабыл алат. Ошондо калк байрак жана жетекчиликти кайра колго алат. Тигил кылмышкер канкор режимди кулатып, Америка жана анын союздаштарынын тамырын кесүүгө о.э. Исламдын Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык түзүмүн тикелөөгө карай жүрүш баштайт.

Биз Аллах Тааладан ошол күндү тездетишин жана жакшылык калкын ал күндөргө жеткиришин сурайбыз. Акыбет таквалар үчүн. Валхамду лиллахи Роббил аламин. ❑

## ХАЛИФАЛЫКТЫН ЖОКТУГУ – БАРДЫК МУСИБАТТАРДЫН ТҮПКҮ СЕБЕПЧИСИ

**Салафа Шуман**
**Байтул Макдис**

Хузайфа ибн Ямандан Расулуллах ﷺдын мындай дегени риваят кылынат:

«تَكُونُ النُّبُوَّةُ فِيكُمْ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ اللهُ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا عَاضًّا، فَيَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ يَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا جَبْرِيَّةً، فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ. ثُمَّ سَكَتَ».

**«Силердин араңарда Аллах каалаганча пайгамбарлык уланат. Кийин Аллах каалаганда аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин зордукчул падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин жабыр көрсөтүүчү залим падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот”.** Андан соң Пайгамбар ﷺ сүкүт кылды».

Хижрий 1342-жылы 28-ражаб, миладий 1924-жылы 3-март күнү арамза Мустафа Кемал Ататүрктүн колу менен Ислам Халифалыгы (улуу Усманий мамлекети) кулатылды жана Түркия Республикасы түзүлдү.

Ошентип, Ислам менен өкүм жүргүзүүдөн турган Ислам негиздеринин эң негизгиси кулатылды. Исламдын негизги пайдубалы кулатылды. Абу Умама Бахилийден риваят кылынат, Расулуллах ﷺ айтты:

«لَتُنْقَضَنَّ عُرَى الإِسْلاَمِ عُرْوَةً عُرْوَةً، فَكُلَّمَا انْتَقَضَتْ عُرْوَةٌ تَشَبَّثَ النَّاسُ بِالَّتِي تَلِيهَا، فَأَوَّلُهُنَّ نَقْضًا الْحُكْمُ وَآخِرُهُنَّ الصَّلاَةُ»

**«Ислам негиздери албетте биринин артынан бири бузулат. Качан бир негиз бузулса, адамдар кийинки негизге бекем жабышат. Эң биринчи болуп бузула турган негиз–хукм Ислам менен өкүм жүргүзүү. Акыркысы болсо намаз»**. Имам Ахмад

өзүнүн «Муснад»ында, Табароний «Муъжамул Кабир»де, Ибн Хиббан өзүнүн «Сахих»инде риваят кылган.

Хукмду бузуу дегени Ислам менен өкүм жүргүзүлбөстүгүн жана Ислам турмуш майданынан жоголушун түшүндүрөт. Халифалыктын жок кылынышы менен ушул балээ пайда болду. Анткени, Халифалык мамлекети Исламдагы башкаруу түзүмүнүн негизи эле. Исламдагы башкаруу түзүмүнүн негизи болгон Халифалык мамлекети Умматтын бир халифага байъат бериши менен жүзөгө келет. Бул халифа Умматка Аллахтын Китеби жана Расулунун Сүнннөтү менен өкүм жүргүзөт. Уммат иштерин да Аллахтын Китеби жана Расулунун Сүннөтү менен башкарат.

**Халифалыктын бекер кылынышы Ислам Умматынын башына түшкөн эң чоң балээ болду.** Уммат анын акыбеттерин дагы эле башынан өткөрүүдө. Бул Умматыбызды азаптап жаткан эң оор мусибат болду. Мындан ашык мусибат болушу мүмкүн эмес. Халифалыкты бекер кылуу – мусулмандардын иштерин өлкө ичинде да, сыртында да Аллах Тааланын буйругуна ылайык башкара турган имамды-калканды жок кылуу дегени, Ислам жана мусулмандарды коргой турган, алардын жандарын, малдарын жана намыстарын сактай турган Калканды жок кылуу дегени.

**Халифалык күнү бүтүшү** менен Ислам өлкөсү колонизаторго көз каранды, бири-бири менен согуша турган, бир нече бытыранды мамлекетчелерге бөлүп салынды. Акимдери болсо колонизаторго кул болду. Колонизатор бул мамлекеттердин башына куфр долбоорлорун колдонгон, мусулмандар арасында бөлүнүү уругун чачкан, көз каранды жана кул өкүмдарларды алып келди. Бул малай өкүмдалар Ислам Умматы арасында душмандык жана жек көрүүнү козгоого умтулушат. Туура исламий акыйда робитасынын ордуна улутчулдук жана мекенчилдик робитасын бекемдөөгө жан үрөшөт.

Колонизатор мусулмандарды Исламий Халифалыкты кайра тикелөө болгон тагдырий маселесинен чалгытууга аракет кылып, аларга жасалма проблема жана маселелерди пайда кылды, аларды ушул жасалма проблемалар менен алек кылды. Булардан эң жаманы жана Умматка эң таасирдүүсү – Британия мандаты астында пайда кылынган Фалестин

маселеси. Андан кийин Фалестин яхудийлерге берилди, яхудийлер ал жерде өздөрүнүн жийиркеничтүү мамлекетин куруштту. Бул мусулмандар үчүн эң чоң балээ жана оор мусибат болду. Бул балээ аларга кыргындар, куугунтуктоолор, кордук жана жер жүзүндөгү бузгунчулуктарды алып келди. Султан Абдулхамид II – Аллах рахмат кылсын жана андан ыраазы болсун – өтө туура сүйлөгөн. Ошол кезде яхудийлер ага Усманий мамлекеттин карызын төлөөнүн акысына Фалестинде яхудийлерге жер берүүнү сунушташканда, ал четке кагып мындай деген: «Ошол Герцлге айтып койгула, бул темада олуттуу кадам таштай көрбөсүн, себеби, мен Фалестин топурагынын бир сөөмүнөн да баш тартпаймын, себеби, ал менин жеке мүлкүм эмес, Ислам Умматынын мүлкү. Менин элим бул жерди коргоп жихад кылган, аны каны менен суугарган... Демек, яхудийлер миллиондорун сактап коюшсун, Халифалык мамлекети бир күн келип талкаланса, ошондо яхудийлер аны бекерге алышы мүмкүн... Бирок, биз тирүү экенбиз, өлкөбүз эч качан бөлүштүрүлбөйт».

Дагы эле бул мубарек жер азапталууда, абал өзгөчө Акса мечитинин, кала берсе айланасындагы башка мечиттердин да яхудийлер тарабынан тебелеп-тепселишине чейин жетти... Аллахтын Китеби акаратталууда, адамдар кыргын кылынууда, ачка коюлууда, Жаниинден Наблуска чейинки шаар жана айылдар ойрон кылынууда. Ал тургай, мубарек жердин бир сөөм жери да яхудийлердин ыпластыгынан, жек көрүүсүнөн жана кылмышынан аман калбады! Яхудийлердин Умматка чабуул кылуусу, ал тургай, ыпластыгы эч кандай чекти билбей жатат, аларды мусулмандардын калканы болгон халифа гана токтото алат. Халифа гана – аялдар, балдар жана карылардын коркутулушуна жол бербеген күч.

**Ооба, Халифалык мамлекетинин кулатылышы менен** мусулмандардын өлкөлөрү жана коомдору массалык кыргын, куугунтуктоо, бузгунчулук, сабатсыздык сыяктуу тынымсыз мусибат жана балээлерге учурады. Булардын бардыгы тигил мусулман өкүмдарларынын кылмыштары себептүү болууда. Аллах алардын насилин кууратсын, Ислам мамлекетинин тикеленишине жана адамзат Ислам негизинде ойгонушуна дал ошолор тоскоолдук кылышууда.

**Халифалык мамлекетинин жок кылынышы менен** бүткүл адамзат жашоосу кудум мурунку жахилият доорундагыдай абалга, ал тургай, андан да жаман абалга түшүп калды. Адамзат сасык капитализм караңгылыгында тентиреп жүрүп, зулум, репрессия, зомбулук, жакырчылык жана коррупцияны башынан өткөрүүдө. Жакырчылык жана коррупция кеңири жайылды. Уммат байлыктары тартып алынып, Уммат алсыздык жана кордукка кептелди.

**Халифалык мамлекетинин жок кылынышы менен** Фалестин, Сирия, Ирак, Яман, Судан жана бир катар мусулман өлкөлөрү ойрондулук, бузгунчулук жана массалык кыргындарга учурады, баалуулуктар тебеленди.

Булардын бардыгына мусулмандардын калканы болгон халифанын жоктугу себеп. Халифанын ордуна саткын өкүмдарлардын отурушу себеп. Негизи, аларда өкүм жүргүзүү жөндөмү жок. Алар колонизаторлордун арзыбаган кулдары. Алар кожоюнунун гана буйругун аткарышат, алардын порнография, бузукулук, бузгунчулук таратуудагы долбоорлорун ишке ашырышат. Газа жана Шамда болуп жаткан окуялар эч кимге сыр эмес. Бул өлкөлөр канга бөлөндү.

**Эй, мусулмандар!** Умматты Ислам негизинде башкара турган Исламий Халифалыктын бар болушу эмнелерди түшүндүрүшүн билесиңеби?!

**Исламий Халифалыктын кайтышы** бийлик Исламга т.а. Аллахтын акыйкат динине таандык болорун түшүндүрөт, жер жүзү калктарына адилеттик жана кадыржамдык өкүм сүрүшүн о.э. бүткүл адамзат бузгунчу капитализмден корголушун түшүндүрөт.

**Исламий Халифалыктын кайтышы** мусулмандар өз эрк-каалоосуна ээ болуусун, бийлик Умматтыкы болушун түшүндүрөт. Бул бийликте Халифалык шарттары табылган кишиге т.а. Исламда буйрулган шарттар (инъикад шарттары жана абзелдик шарттары) бар адамга мусулмандар байъат беришет. Муну менен мусулмандар халифага баш ийишет, дал ушул халифа аларды Ислам байрагы астында бириктирет, дал ушул халифа аларга Аллах Таала ыраазы боло турган тарызде саясат жүргүзөт. Анын желкесине Аллах түшүргөн

өкүмдөр менен өкүм жүргүзүү, мусулмандар желкесине болсо ага итаат кылуу фарзы түшөт жана аларда Расулуллах ﷺдын:

«كُلُّكُمْ رَاعٍ وَكُلُّكُمْ مَسْؤُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ»

«**Ар бириңер жетекчисиңер жана ар бириңер кол астыңардагыларга жооптуусуңар**», деген сөздөрү өз тастыгын табат. Демек, халифада итаат кылынуу укугу болсо, мусулмандарда андан эсеп-кысап суроо укугу болот.

**Исламий Халифалыктын кайтышы** мусулмандар эң адилеттүү түзүм болгон Ислам түзүмү өкүм жүргүзгөн, жалгыз роя т.а. Расулуллах ﷺдын роясы желбиреген бир мамлекетте биригүүсүн түшүндүрөт. Алардын согушу да, тынчтыгы да бирдей болот. Натыйжада алар башка адамдардан айырмаланган бир Уммат болушат. Аларда Расул акрам ﷺдын бул сөздөрү өз тастыгын тапкан болот:

«مَثَلُ الْمُؤْمِنِينَ فِي تَوَادِّهِمْ وَتَرَاحُمِهِمْ وَتَعَاطُفِهِمْ مَثَلُ الْجَسَدِ إِذَا اشْتَكَى مِنْهُ عُضْوٌ تَدَاعَى لَهُ سَائِرُ الْجَسَدِ بِالسَّهَرِ وَالْحُمَّى»

«**Момундардын өз ара достугу, ырайымдуулугу жана боорукердиги кудум бир денеге окшойт: качан дене мүчөлөрүнүн бири ооруса, башка мүчөлөр ооруп жана ысытмалап ага жооп беришет**».

**Ислам Халифалыгынын кайтышы** мусулман өлкөлөрү колонизаторлук кулчулуктан кутулушун, айрыкча, мубарак Фалестин жерин ыплас яхудийлерден азат болушун түшүндүрөт. Негизи, "Акса ташкынынан" кийин алардын негизги жүзү көрүндү. Яхудий вужуду мужахиддер алдында өтө алсыз жана коркоктугу ачыкталды. Бул мужахиддер өтө эр жүрөк-каармандар. Уммат арасында алардай каармандар өтө көп. Ошондуктан, Халифалыктын кайтышы мусулмандар үчүн өтө көп маанилерди түшүндүрөт.

**Ислам Халифалыгынын кайтышы** инсаний да, маддий Уммат баалуулуктарын да, аалымдар, ойлоп табуучулар, изилдөөчүлөр, мужтахиддердин кайтышын түшүндүрөт. Ошондо Уммат фикирий да, маддий өнүгүүгө да жетишет. Тынчтык жана туруктуулук өкүм сүрөт. Кооп-коркунуч астында, ачкалыкта о.э. кордук астында күн көрүүгө чекит коюлат.

**Ислам Халифалыгынын кайтышы** дүйнөдө Ислам өкүмдар экендигин, Ислам хазараты капиталисттик

хазараттан улуу жана жогору экендигин түшүндүрөт. Ислам хазараты капиталисттик хазаратты кулатып, мусулмандарды эле эмес, бүткүл адамзатты капитализм караңгылыгынан жана бузгунчулугунан кутарышын түшүндүрөт.

**Булардын бардыгынан да эң маанилүүсү, Халифалыктын кайтышы** мусулмандардын Аллах алдында жүзү жарык болорун түшүндүрөт. Себеби, Халифалык менен гана биз Аллахка чыныгы моюн суна алабыз. Халифалык менен гана Исламды адам, жамаат жана мамлекет катары толук колдоно алабыз.

Ислам Умматы өзүндөгү исламий акыйда менен тирүү жана тирүү калат. Себеби, Умматты Исламга ишенимин сындыруу жана өзүнө ишениминен куру калтырууга багытталган адаштыруу аракеттери себептүү ал белгилүү бир убакыт мүдүрүлүпката кылган жана вахнга түшкөн болсо да, бирок, бүгүн ага кайрадан жан кирип жатканы көрүнө баштады. Өкүмдарларга, саткындарга «Динибизден, перзенттерибизден жана баалуулуктарыбыздан колуңарды тартпасаңар, биз бул колдорду тез арада кесип салабыз» деген хытаб Умматтын бүгүнкү абалынан көрүнүп турат. Аллахка ант болсун, адамдар «Уммат кайрадан Халифалыкты каалайт» деген ураандар менен чыгышына өтө аз калды.

Биз Аллахтын урухсаты менен сүйүктүү Пайгамбарыбыз Мухаммад ﷺ кабар берген жана артынан пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык боло турган залим падышалык башкаруусунун акыркы доорунда турабыз... Ооба, биз чынында түпкү өзгөрүүлөр алдында турабыз... Аллахым, ошол күндөрдү бизге жакын кыл, Өзүң ырайымдуулардын ырайымдуусусуң. Аллахым, бизди Халифалык мамлекетине, анын халифасына жана кошуундарына өз көздөрү менен күбө болгондордон кылгын, аамин, оо, ааламдар Роббиси! ❑

## Судайс Эки Харамда ар кандай саясий ураандарды көтөрүүдөн эскертүүдө

Маккаи Мукаррамадагы Масжидул Харам менен Мадинаи Мунаввaрадагы Масжидун Набавийдин дин иштери боюнча төрагасы шейх Абдуррахман Судайс 2024-жылы 25-февралда зыяратчыларды «эки харамды зыярат кылуу учурунда ар кандай саясий ураанды көтөрүп чыгуудан эскертти». Бул жөнүндө ал Саудияда «Уюштуруу күнү» өткөрүлгөн маекте билдирүү берди. Андан мурун коопсуздук кызматынын ыйык Каъба алдында түшүрүлгөн видеосу кеңири тараган эле. Тасмада коопсуздук кызматы Фалестин байрагын көтөргөн бир аялга тоскоолдук кылып жатканы көрсөтүлгөн. «Эки Харам Шарифте тавхид ураанынан башка эч кандай ураан болбосун, силер бул жерлерге ураандарды көтөрүү жана кыйкыруу үчүн эмес, ибадат кылганы келдиңер», - деди Судайс. Ал минтип кошумчалады: «Кыйкырыктар менен туйгуга берилбегиле, эки Харам шарифте саясий ураандарды көтөрүп чыккандар коопсуздук кызматкерлеринин көзөмөлүндө болушат. Эки Харамдын коопсуздугу – кызыл сызык. Дуа кылгыла, кыялга берилбегиле жана ибадаттан башка нерсеге чалгыбагыла». Белгилүү болгондой, умра кылган аялдардын бири баскынчы (израиль) мамлекети Газа секторунда алып барган согуштун акыбетинде миңдеген шахиддер берилип, миңдегени жарадар болуп жатканда, үй-жайлар, инфраструктура жана экономика кыйратылып жатканда, бул нерселерге наразылык катары Фалестин байрагын көтөрүп чыккан.

**Ал-Ваъй**: Саудиядагы мусулмандардын абалы кыйын. Ал жердеги уламалардын абалына да суктанып болбойт. Бул жердеги маселе байрак көтөрүү же көтөрбөөдө эмес, кече Ислам мамлекетинин бешиги болгон ыйык жерде бүгүн Аллах түшүргөн нерседен башка өкүмдөр менен өкүм жүргүзүп жаткан акимдерде. Бүгүн бул ыйык жер фасыктык жана бузгунчулук өлкөсүнө айланды. Кафирлерди дос тутуп, Аллахтын америкалык жана яхудий душмандарынын этегин кармаган жетекчилердин мамлекетине айланды. Эң жаманы, мындай жаман уламалар өкүмдарлардын кылмыштарына көз

жумуп, алардын колтугуна кирип алып, мындай ыплас өкүмдарларды ар кандай мыйзамдан үстөм кылып көрсөтүп жатышат. Аллах эртең Судайс сыяктуу мына ушундай уламаларды ошол өкүмдарлар менен бирге тирилтип, күнөөлөрүнө шерик кылат.

## Эмираттарга жакын гезит Фалестинге тилектештик билдиргени үчүн Оманга жана анын муфтийине асылды

Лондондо чыккан, Бириккен Араб Эмираттарына жакын «Араб» гезитинин Оман султандыгынын бийлигине жана муфтийине асылуусу Оман көчөлөрүндө катуу наараазылыктардын чыгышына себеп болду. Гезиттин чоң темадагы макаласында: «Мечиттердеги жихадий дем Оман султандыгында кабатыр жаратууда», - деп айтылат. Макалада: «Султандыктын муфтийи Хусийлер жана Ихванчылардын болбогур үгүтүнө шерик болууда», - деген сөздөр келген. О.э. гезитте мындай делген: «Газа секторунун калкына каршы (израиль) согуш алып баруудa, Оман элинин бул калкка тилектештик билдириши Хамас кыймылына, жалпысынан жихадий идеяга үгүттөө менен коштолууда. Өз кезегинде, бул жихадий идеяга каршы тараптар Оман расмийлерин мындай көрүнүшкө кайдыгер кароодон эскертишти. Себеби, бул идея Оман султандыгындагы дини минбарлар ихванчылар жана жихадчылардын фикирлерин жаштардын аң-сезимине сиңдирүүгө себеп болууда. Оман калкынын көпчүлүк бөлүгүн жаштар түзөт». «Араб» гезитинде Оман муфтийи сындалып, мындай делет: «Муфтий (израиль) Газа калкына каршы алып барып жаткан кандуу согушка жек көрүүсүн бериле билдирип, мамлекеттин расмий сызыгынан чыгып кетүүдө... Негизи, ушул жогорку кызматтагы муфтий бийликтин бул сызыгына баш ийилишин камсыздаган адам катары каралат». Гезит омандыктарга асылууну улантат: «Социалдык тармактарда тарап жаткан видеолорго ылайык, Омандагы кээ бир мечиттерде намазкөйлөр Хамас кыймылынын аскерий канаты болгон Кассам бригадасынын расмий өкүлү Абу Убайданын билдирүүсүн – кудум ал диний хатибдей – берилүү менен угушууда». Өз кезегинде, омандык активисттер да «Араб»ды

сындап, ал Эмираттар каржылаган гезит экенин, макала Абу-Даби тарабынан Маскатка каршы тукуруу өңүтүндө жазылганын баса белгилешти.

**Ал-Ваъй:** Эмираттардын өкүмдарлары Исламга каршы күрөшүү үчүн кандай кара мүртөздүк көчөсүн көрүшсө, шексиз ага киришет... Алардын яхудийлер менен достугу туурасында ушундай сөздөр айтылууда – бүгүнкү күндө ушул өкүмдарлар өзүлөрү яхудийлерге карамүртөздүктөн сабак бере турган болуп калышкан. Ал тургай, алар бүгүн мусулмандардын көзүнө кудум Расулуллах ﷺдын даъватына каршы күрөшкөн Абу Жахл, Абу Лахаб жана Умайя ибн Халаф сыяктуу залим, кафир башчыларга окшоп көрүнүшүүдө.

## Яхудий раввини «Эмираттардын исламына» таң калууда... «Исламда Аксанын эч кандай мааниси жок»

Раввин Ури Шерки «The Jerusalem Post» гезитинде басылып чыккан макаласында Ислам дини жөнүндө көз караштарын билдирди жана Ислам дини өзгөрүүлөргө муктаж экендигин баса белгиледи. Буга кошумча Бириккен Араб Эмираттары тарабынан сунушталган моделге өтө кызыгып жатканын билдирди. Ал баса белгилегендей, Эмираттар бардык исламий кыймылдарга каршы турат. Кала берсе, ал Фалестиндин саясий максаттарын колдоп-кубаттоого маани бербейт. Ал тургай, Газада болуп жаткан согуш темасын Эмираттагылар бир жолу болсо да көтөрүшпөгөн. Эмираттардагы Раввин менен жолугушкан бир катар адамдар минтип деп баса белгилешкен: «Эмираттардагы (израилдиктер) өздөрүнүн бар экенин актоого урунбашы керек. Себеби, «(израиль) тастыкталган акыйкат» о.э. яхудийлердин тамыры Эмираттарда да, Жакынкы Чыгышта да терең жана Акса Исламда эч кандай борбордук мааниге ээ эмес». Раввиндин айтымында, Ислам коомунда мусулман болбогондор экинчи даражадагы зиммий жарандыкка ээ болушат деген түшүнүккө бүгүн амал кылынбайт, ал эскирген. Бүгүн ар бир жаран тең укуктуу болуп, алар өз укуктарынан пайдалана алышат.

Баса белгилеп айтсак, бул раввин Исламда оңдоо керек болгон бир катар маселелерди ортого салып, мусулмандардан

бул маселелерден баш тартууну талап кылды. Алардын катарында, мусулмандарды (израиль) эгемендүү мамлекет болсо, ошонун өзү Ислам диярына душмандык болуп эсептелет деген фикирден баш тартууну талап кылды.

**Ал-Ваъй:** мына, бүгүнкү Эмираттардын өкүмдарларынын Ислам жөнүндөгү көз карашы. Тигиниси болсо яхудийдин көз карашы. Бул көз караштар ортосундагы айырманы ким ажырата алат?!

## Бушнелл өлүмүнөн бир нече саат мурун Кошмо Штаттардын Газа согушуна катышып жатканын ачыктады

«New York Post» гезитинде америкалык учкуч Аарон Бушнеллдин окуясына тиешелүү жаңы жагдайлар ашкере кылынды. Гезитте Бушнелл яхудийлердин элчилиги алдында Газага тилектештик катары «Фалестинге эркиндик!» деп бакырып, өзүн өрттөшүнөн бир аз мурун Америка күчтөрү Газа согушуна катышканын баса белгилеген деп айтылат. Андан кийин Вашингтон полициясы анын каза болгонун жарыялаган. Бул окуяны басаңдатууга урунуп АКШ аскерий-аба күчтөрүнүн командачысы Дэвид Элвин АКШ аба күчтөрүндө жыл сайын 100гө жакын өз өмүрүнө кол салуу абалы жүз беришине ишара кылып, америкалык учкуч Аарон Бушнеллдин өлүмүн катардагы бир «каргаша» деп атады. Акыйкатта болсо, Бушнеллдин өлүмү саясий мүнөзгө ээ эле. Гезит Бушнеллдин бир досу жөнүндө сүрүштүрүү жүргүзүп, ысымын атабоону абзел деп тапкан жана анын ушул сөздөрүн жарыялаган: «Бушнелл АКШ аскерий разведкасындагы өтө маанилүү маалыматтарга кирүү укугу бар экенин мага айткан, себеби, анын түпкү вазыйпасы разведка маалыматтарын кайра иштетүүгө байланыштуу эле жана бул маалыматтардын айрымдары Газадагы (израиль) согушуна тиешелүү болгон. Бушнелл АКШ аскерий-аба күчтөрүнүн 70-разведка, күзөтүү жана разведка корпусунда «инновациялык кызматтар боюнча техник» болуп кызмат өтөгөн. 24-февралда т.а. өзүн өрттөшүнөн бир нече саат мурун ал мага телефон чалып: "Мендеги кээ бир маалыматтар АКШ армиясынын Фалестиндеги геноцид операцияларына аралашып жатканын көрсөтүүдө, Фалестинде кызмат өтөгөн күчтөрүбүз бар, алар

фалестиндиктердин чоң бөлүгүн кыргын кылышууда”, - деди. Бушнелл Газа секторундагы фалестиндик согушкер топторго караштуу тунелдерде америкалык аскелер согушуп жатканын айтты». Гезитте баса белгиленгендей, «Ак үй АКШ күчтөрүн Газага таптакыр жибербешин бир нече ирет баса белгилеген». Гезитте мурун да «АКШнын атайын ыкчам күчтөрү туткундарды, америкалыктарды аныктоо үчүн (израилге) жайгаштырылганы» ашкере кылынган.

**Ал-Ваъй:** бул кабар Америка жердеги согуштарга катышып жатканынан кабар берет. Мындан тышкары, Америка Хамаска каршы согуш токтотулушуна каршылык кылып, (израилди) айыптоого каршы вето укугунан пайдаланып жатканы да, аны курал-жарак менен камсыздап жаткандыгы да, бул болсо Газа калкына каршы согуштун уланышына себеп болуп жатканы да белгилүү. Бирок, ушул фактыларга карабастан, Америка бул кабарлардын тескерисин айтууда. Негизи, Американын Газада болуп жаткан окуялардан чыныгы жана алысты көздөгөн максаты кандай? Албетте анын бул иштери жакшылыкка алып келбейт. Ал жарга карап бара жатат.

## «Oxfam»: Газада (Израиль) жасап жаткан жыртычктыктын көлөмү үрөй учурат

Британиянын «Oxfam» уюму (израиль) баскынчы күчтөрүнүн Газада жасап жаткан жырткычтык көлөмү үрөй учурарын баса белгилеп, бул баскынчылар күнүнө 250 фалестиндикти өлтүрүп жатканын билдирди. Уюмдун баяндамасында ушулар да айтылган: «Согуштук аракеттер башталганы жүз күндөн ашып, бул көрсөткүч акыркы жылдардагы башка ири чабуулдарда курман болгондордун санынан сезилээрлик даражада жогору. Газадагы адамдардын өмүрүнө (израиль) бомбалоолору эле эмес, ачарчылык, оорулар жана суук да олуттуу коркунуч туудуруп жатат... Газага талап кылынып жаткан азык-түлүктүн болгону 10 пайызы кирүүдө, анткени, көрпө-төшөк, жылуу суу жана күйүүчү май сыктуу негизги муктаждыктар жок... Газа калкы жан чыдагыс тозок азабына туш болушууда, алар үчүн коопсуз жай жок, бардыгы ачкалыктан өлүү коркунучу

астында... эл аралык коомчулук жыйырма биринчи кылымдагы чыр-чатактын эң катуу көрүнүшүнө күбө болуп жатканына карабастан, ок атууну токтотуу чакырыктарына ар дайым тоскоолдук кылып келүүдө...».

**Ал-Ваъй:** бул билдирүүлөр эл аралык алсыздык жана ийгиликсиздикти моюнга алуу болуп эсептелет. Эл аралык коомчулук да, эл аралык мыйзам да, эл аралык уюмдар да Америка тарабынан башкарылат, демек, алардын баарынын тили бир. Мусулмандардын бардыгы Америка назарында да, яхудийлер назарында да эч кандай мааниге ээ эмес. Бул болсо, дүйнөнү өзгөртүү шарт экенине далалат кылууда, рахмат динин жана Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык мамлекетин тикелемейинче аны өзгөртүү мүмкүн эмес.

## Рейтер: Саудия «мусулман болбогон дипломаттар үчүн» биринчи алкоголдук ичимдиктер магазинин ачмакчы

Кабардар булактардын айтымында, Сауд Арабия «борбор Эр-Рияддa өз кызматын жалаң мусулман болбогон дипломаттарга сунуштаган алкоголдук ичимдиктерди саткан биринчи магазинди ачууга» даярдык көрүүдө. Кабыл алынышы күтүлүп жаткан токтомдо «кардалар өлкөнүн тышкы иштер министрлигинен QR-кодун алуу үчүн мобилдик телефон тиркемеси аркылуу тизмеден өтүшү керек болору» айтылат. Бул кадам «туризмди өнүктүрүү жана консервативдүү Фарс булуңу мамлекеттеринде деңиз активдүүлүгүн тартуу» боюнча мураскер канзада Мухаммад ибн Салмандын аракеттеринин алкагында «өлкөдөгү маанилүү баскыч» болуп эсептелет. Магазиндин соодасы мусулман болбогондорго «гана жана катъий» чектелет. Мамлекетте жашаган мусулман болбогон башка адамдарга магазинден соода кылууга уруксат берилиш-берилбеши ачыктала элек. Саудияда миллиондогон мигранттар жашайт, бирок, алардын көпчүлүгү мусулмандар. Бул токтомдон мурун Сауд Арабия спирттик ичимдик ичкендерге катуу мыйзамдарды колдонуп келген, алар дарраланган, айыпка жыгылган жана камалган... ал эми, чет элдиктер жана делегаттар депортацияланган... Мурун өлкөдө алкоголдук

ичимдиктерди табуу мүмкүн эмес эле, дипломатиялык почта же кара базардан табылчу.

**Ал-Ваъй:** бул Сауддардын үй-бүлөсү, алардын чыныгы жүзү мына ушундай... Мусулмандарга бүткүл дүйнө чабуул кылып жатканда Сауддардын үй-бүлөсү да өз кемелерин Аллахтын динине кыянат кылуу жээгине жашырбай-ашкере алып келишти. Болуп жаткан бул иштер мусулмандар үчүн жакшылык, аны жамандык деп эсептебегиле!

## Франция 2024-жылдан тарта чет элден имамдарды алып келүүнү токтотмокчу

Франция чет өлкөдөн имам-хатибдерди алып келүүнү ушул жылдын башынан баштап токтотту. Бул жөнүндө жума күнү ички иштер министри Жеральд Дарманен ушул темага байланыштуу мамлекеттерге бул жөнүндө кабар берген. «Франс-Пресс» агенттигине белгилүү болгон бул кабарына түшүндүрмө катары министр ушуларды билдирди: «2024-жылдан баштап башка мамлекеттерден келген чет элдик имамдар имам катары Францияда жашай алышпайт». Бул токтом 2024-жылы 1-январдан тартып расмий күчүнө кирет. Учурда Франциядагы чет элдик имамдарга келсек, алардын макамдары өзгөртүлөт. 1-апрелден тартып «атайын комиссия» түзүлүп, мечиттерди башкарган коомдорго имамдарды өздөрү жумушка алышы жана маяналарды бериши үчүн уруксат берилет. Максат чет элдик имамдарды Францияда даъват кылуудан тыюу эмес, алардын чет элден өкмөт кызматкери катары маяна албашын камсыздоо. Дагы бир жактан, бул токтом «Рамазан имамдарына» тиешелүү эмес. Алардын саны 300гө жетип, орозо айында Францияга келишет. Муну менен бирге, министр «Францияда эч болбогондо жарым-жартылай окутулган» имамдарды «көбөйтүү» зарылдыгын баса белгиледи. Бул болсо, мамлекет тарабынан «Франция Республикасынын мыйзамдарын жана талаптарын урматтоону камсыздаган» окуу программаларын түзүүнү талап кылат. 2020-жылы февраль айында Макрон Франциядагы Исламга болгон «чет элдик таасирге» каршы бир катар иш-чараларды көрүү аркылуу – ал айткандай –

«исламий сепаратизмге» каршы күрөшүү ниетинде экенин билдирген.

**Ал-Ваъй:** Батыш күрөшүп жаткан саясий Ислам алардын эң чоң тынчсыздануусу болуп кала берет. Себеби, динибизди ал же бул мамлекеттин мыйзамдары чектей албайт... Андыктан, арстандар чыга турган, акыйкат таңы ата турган күн эбак келди. ❑

## РАМАЗАН – ҮЛКӨН МАСЕЛЕЛЕР ЖАНА УЛУУ ТҮШҮНҮКТӨР АЙЫ

**Мухаммад Саид Абуд**

Аллах Субханаху ва Таала мубарек рамазан айын би нече фазилат жана касиеттер менен хостоду:

Мисалы, ал орозо айы болуп, орозо Ислам устундарынын төртүнчүсү. Аллах Таала айтат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ كُتِبَ عَلَيۡكُمُ ٱلصِّيَامُ كَمَا كُتِبَ عَلَى ٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِكُمۡ لَعَلَّكُمۡ تَتَّقُونَ﴾

***«Эй, момундар, силерден мурунку өткөндөргө фарз кылынганы сыяктуу силерге да таква болушуңар үчүн саналуу күндөрдө орозо кармоо фарз кылынды*** [2:183]

Эки сахих топтомдо Ибн Умар ﵄дан риваят кылынган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

**«بُنِيَ الْإِسْلَامُ عَلَى خَمْسٍ: شَهَادَةِ أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللَّهُ وَأَنَّ مُحَمَّدًا عَبْدُهُ وَرَسُولُهُ، وَإِقَامِ الصَّلَاةِ، وَإِيتَاءِ الزَّكَاةِ، وَحَجِّ الْبَيْتِ، وَصَوْمِ رَمَضَانَ»**

**«Ислам беш негизге курулган: Аллахтан башка кудай жок, Мухаммад Анын пендеси жана элчиси деп күбөлүк берүү, намазды аткаруу, зекет берүү, Аллахтын байтына барып хаж зыяратын аткаруу жана Рамазан орозосун кармоо».** Муттафакун алайх.

**Ал киямуллайл айы:** Расулуллах ﷺ айтат:

**«مَنْ قَامَ رَمَضَانَ إِيمَانًا وَاحْتِسَابًا غُفِرَ لَهُ مَا تَقَدَّمَ مِنْ ذَنْبِهِ»**

**«Ким Рамазанда ыймандан келип чыгып жана сооп үмүтүндө каим болсо, анын мурунку күнөөлөрү кечирилет».** Бухарий жана Муслим Абу Хурайра хадисинен риваят кылышкан.

**Ал Куръан айы:** себеби, Куръан ушул айда түшүрүлгөн. Аллах Таала айтат:

﴿شَهۡرُ رَمَضَانَ ٱلَّذِيٓ أُنزِلَ فِيهِ ٱلۡقُرۡءَانُ هُدٗى لِّلنَّاسِ وَبَيِّنَٰتٖ مِّنَ ٱلۡهُدَىٰ وَٱلۡفُرۡقَانِۚ﴾

***«Рамазан айы, бул айда адамдар үчүн туура жол болуп жана хидаят менен фуркандын ачык аяттары болуп Куръан түшүрүлгөн».*** Анда миң айдан жакшыраак Кадр түнү бар. Аллах Таала айтат:

﴿لَيۡلَةُ ٱلۡقَدۡرِ خَيۡرٞ مِّنۡ أَلۡفِ شَهۡرٖ ۝ تَنَزَّلُ ٱلۡمَلَٰٓئِكَةُ وَٱلرُّوحُ فِيهَا بِإِذۡنِ رَبِّهِم مِّن كُلِّ أَمۡرٖ ۝ سَلَٰمٌ هِيَ حَتَّىٰ مَطۡلَعِ ٱلۡفَجۡرِ﴾

***«Кадыр түнү миң айдан жакшыраак. Ал*** *(түндө)* ***периштелер жана Рух*** *(т.а. Жабраил алайхис-салам)* ***Жараткандын ызныктыяры менен*** *(жыл уламында кылына турган)* ***бардык иштер менен*** *(асмандан Жерге)* ***түшүшөт. Ал*** *(түн)* ***— тээ таң атканча тынчтык - амандык»*** [97:3-5]

Бул айда дуалар кабыл болот. Аллах Таала орозо аятынын арасында дуа аяты жөнүндө айтат:

﴿وَإِذَا سَأَلَكَ عِبَادِي عَنِّي فَإِنِّي قَرِيبٌۖ أُجِيبُ دَعۡوَةَ ٱلدَّاعِ إِذَا دَعَانِۖ فَلۡيَسۡتَجِيبُواْ لِي وَلۡيُؤۡمِنُواْ بِي لَعَلَّهُمۡ يَرۡشُدُونَ﴾

***«****(Эй, Мухаммад)* ***пенделерим сенден Мен тууралуу сурашса, Мен аларга жакынмын. Мага дуа кылган убактарында дуа кылуучулардын дуасын кабыл алам. Демек, Акыйкат Жолго жүрүүлөрү үчүн алар да Менин*** *(чакырыгыма)* ***жооп кылышсын жана Мага ыйман келтиришсин!»*** [2:186]

**Бул ай зикр кылуу, Куръан окуу жана үйрөнүү, садака берүү жана жакшы амалдарды кылуу айы.** Эки сахих топтомдо Ибн Аббас ﵄дан мындай риваят кылынган:

«كَانَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ أَجْوَدَ النَّاسِ، وَكَانَ أَجْوَدُ مَا يَكُونُ فِي رَمَضَانَ حِينَ يَلْقَاهُ جِبْرِيلُ، وَكَانَ يَلْقَاهُ فِي كُلِّ لَيْلَةٍ مِنْ رَمَضَانَ فَيُدَارِسُهُ الْقُرْآنَ، فَلَرَسُولُ اللَّهِ ﷺ أَجْوَدُ بِالْخَيْرِ مِنَ الرِّيحِ الْمُرْسَلَةِ»

**«Расулуллах ﷺ адамдардын эң берешени болуп, Рамазан айында Жабраил алайхис салам Ал зат менен жолукканда дагы да берешен болуп кетет эле. Жабраил алайхис салам Рамазандын ар бир түнүдө Ал зат менен жолугушуп, Куръандан сабак берчү. Расулуллах ﷺ Аллах** (жамгыр жана рахмат менен) **жибере турган шамалдан да берешен болуп кетет эле».**

**Ал тообо жана кечирим айы:** Абу Хурайра риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

«الصَّلَوَاتُ الْخَمْسُ وَالْجُمْعَةُ إِلَى الْجُمْعَةِ وَرَمَضَانُ إِلَى رَمَضَانَ مُكَفِّرَاتٌ مَا بَيْنَهُنَّ إِذَا اجْتَنَبَ الْكَبَائِرَ»

**«Эгер кабира күнөөлөрдөн сактанса, беш убакыт намаз** (намаздар ортосундагы күнөөлөргө) **каффарат. Жума намазы кийинки жумага чейин жана Рамазан кийинки Рамазанга чейин** (күнөөлөргө) **каффарат».**

**Ал жихад, фатх жана жеңиштер айы:** бул айда Аллах Таала чоң Бадр согушунда мусулмандарга нусрат берди. Бул айда эң чоң фатх т.а. харам шаары болгон Мекке фатхы болду. Бул айда мусулмандар фарстар менен болгон эң чоң согушта т.а. Кадисия согушунда жеңишке жетишти. Бул айда мусулмандар Испанияны фатх кылышты, бул айда Хиттин жана Айн Жалут кармаштары жана башка көптөгөн фатх жана жеңиштер болду. Бул ай Исламды жаюу жана жихад жолу менен даъватты таратуу үчүн жер жүзүндө Аллахтын калимасын бийик кылуу үчүн Аллах жолунда жихад кылуу айы. Демек, ал шаръий жол менен Аллахка даъват кылуу айы.

**Бул айда ыйман чөйрөсү күчөйт,** Ислам түшүнүктөрү көрүнөт жана жүрөктөр акыйкат даъватын кабыл алуу үчүн даяр турат. Демек, ал даъват айы жана Аллахка даъват кылуу үчүн убакыт.

Даъватта этибар берилиши зарыл болгон эң маанилүү нерселердин бири исламий биримдик түшүнүгү болуп, ал аркылуу хилал (жаңырган ай) көрүнгөнүн далилдөөгө жана орозо биримдигин тастыктоого илхамдантылат. Бул болсо исламий өлкөөрдө биримдик чөйрөсүн жаят. Ошентип, зыянкеч режимдер хилалды көрүү ар бир өлкөнүн өзүнө таандык экени туурасында ойлоп табышкан кеп-сөздөргө о.э. хилалдын чыгуу убагы жана жайы ар түрдүү болушу туурасындагы сөздөргө карабастан, мусулмандардын аң-сезиминен Сайкс-Пико чегаралары өчөт.

Хилал көрүнгөнүн далилдөө туурасындагы биримдик жана орозо ибадатын бирдей убакта аткаруу түшүнүгү даъватчыларга улуу вазыйпаны эске салат. Т.а. мусулмандар ушул шаръий хукмду баян кылышы жана ушул шаръий хукм Ислам Умматын Ислам түшүнүктөрү жана фикирлери аркылуу фикирий жана сезимдик тараптан бириктирүү үчүн аракет кылуу важибдигине далалат кылышын көрсөтүшү зарыл. О.э. бул Аллах Тааланын:

﴿إِنَّ هَٰذِهِۦٓ أُمَّتُكُمۡ أُمَّةٗ وَٰحِدَةٗ وَأَنَا۠ رَبُّكُمۡ فَٱعۡبُدُونِ﴾

*«(Эй, инсандар)**, силердин умматыңар чындыгында бир Уммат. Мен болсо** (баарыңардын) **Роббиңермин»*** [21:92]

деп айткан аятын жүзөгө чыгаруу үчүн Исламдын өкүм жана түзүмдөрүн колдонуу о.э. пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалыктын жалгыз имамына байъат берүү аркылуу Умматты саясий жактан бириктирүү үчүн аракет кылуу важибдигине да далалат кылат.

Орозо бардык жайда бир убакта кармалышы маанилүү өкүмдөрдүн бири болуп, бул Уммат биримдигин бекемдейт. Себеби, Аллах Таала бул Умматка Роббиси тарабынан илим жана хужжат о.э. ишеничтүү пайгамбар болгон Мухаммад ﷺдын хидаяты келгенден кийин Өзүнүн арканын (Куръанды) бекем кармоону жана бөлүнбөөнү Куръани Каримде фарз кылган. Аллах Таала айтат:

﴿وَٱعۡتَصِمُواْ بِحَبۡلِ ٱللَّهِ جَمِيعٗا وَلَا تَفَرَّقُواْۚ وَٱذۡكُرُواْ نِعۡمَتَ ٱللَّهِ عَلَيۡكُمۡ إِذۡ كُنتُمۡ أَعۡدَآءٗ فَأَلَّفَ بَيۡنَ قُلُوبِكُمۡ فَأَصۡبَحۡتُم بِنِعۡمَتِهِۦٓ إِخۡوَٰنٗا وَكُنتُمۡ عَلَىٰ شَفَا حُفۡرَةٖ مِّنَ ٱلنَّارِ فَأَنقَذَكُم مِّنۡهَاۗ كَذَٰلِكَ يُبَيِّنُ ٱللَّهُ لَكُمۡ ءَايَٰتِهِۦ لَعَلَّكُمۡ تَهۡتَدُونَ ۝ وَلۡتَكُن مِّنكُمۡ أُمَّةٞ يَدۡعُونَ إِلَى ٱلۡخَيۡرِ وَيَأۡمُرُونَ بِٱلۡمَعۡرُوفِ وَيَنۡهَوۡنَ عَنِ ٱلۡمُنكَرِۚ وَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡمُفۡلِحُونَ ۝ وَلَا تَكُونُواْ كَٱلَّذِينَ تَفَرَّقُواْ وَٱخۡتَلَفُواْ مِنۢ بَعۡدِ مَا جَآءَهُمُ ٱلۡبَيِّنَٰتُۚ وَأُوْلَٰٓئِكَ لَهُمۡ عَذَابٌ عَظِيمٞ﴾

***«Бардыгыңар Аллахтын арканына** (Куръанга) **байлангыла жана бөлүнбөгүлө! О.э Аллахтын силерге берген ниъматын эстегиле: бири-бириңерге душман болгон убагыңарда дилдериңерди достоштуруп койду эле, силер Анын ниъматы себептүү бир тууган болуп калдыңар. Тозоктон болгон бир чуңкурдун жакасында турган элеңер, силерди андан куткарды. Акыйкат жолду табышыңар үчүн Аллах силерге Өз аяттарын мына ушундай баян кылат. Араңарда жакшылыкка** (Исламга) **даъват кылган, маъруфка буйруп, мункардан кайтарган бир жамаат болсун, дал ошолор ийгилик табуучулар. Анык далилдер келгенден кийин бөлүнүп кеткен жана бири-бири менен талашып-тартышкан кишилер сыяктуу болбогула! Андайлар үчүн улуу азап бар»*** [3:103-105]

Абу Саид Худрий риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ бул биримдикти мындай баса белгилейт:

«إِذَا بُويِعَ لِخَلِيفَتَيْنِ فَاقْتُلُوا الْآخَرَ مِنْهُمَا»

**«Эгер эки халифага байъат берилсе, экинчисин өлтүргүлө».**

Арфажа риваят кылат: Мен Расулуллах ﷺдын мындай деп айтканын уккам:

«إِنَّهُ سَتَكُونُ هَنَاتٌ وَهَنَاتٌ، فَمَنْ أَرَادَ أَنْ يُفَرِّقَ أَمْرَ هَذِهِ الْأُمَّةِ وَهِيَ جَمِيعٌ فَاضْرِبُوهُ بِالسَّيْفِ كَائِنًا مَنْ كَانَ»

**«Жакында биринин артынан бир фитналар болот. Кимде-ким бул Уммат биригип турган убакта анын ишин бөлмөкчү болсо, ким болушуна карабастан аны өлтүргүлө».** Муслим риваяты.

Арфажа ибн Асъад ﵁ айтат: Мен Расулуллах ﷺдын мындай деп айтканын уктум:

«مَنْ أَتَاكُمْ وَأَمْرُكُمْ جَمِيعٌ عَلَى رَجُلٍ وَاحِدٍ يُرِيدُ أَنْ يَشُقَّ عَصَاكُمْ أَوْ يُفَرِّقَ جَمَاعَتَكُمْ فَاقْتُلُوهُ»

**«Бир кишинин башкаруусу астында турган убагыңарда ким биримдигиңерди бузмакчы же жамаатыңарды бөлмөкчү болсо, аны өлтүргүлө».**

Бул Куръан аяттары жана Пайгамбар ﷺдын хадистери Умматтын биримдиги аны сактоо үчүн кан төгүлө турган жана жандар курман кылына турган тагдырий маселе экенин баса белгилейт. Бул маселелер жана алар өз ичине алган түшүнүктөр аркылуу исламий акыйда байланышы түшүнүгү жана андан келип чыккан фикирлер бекемделиши зарыл. О.э. улутчулдук, мекенчилдик, регионализм, дуализм, текчилдик жана мындан башка чакырыктар четке кагылышы керек. Себеби, Ислам душмандары мындай түшүнүктөрдү өнүктүрүү аркылуу мусулмандардын биримдигин бөлүүнү жана саптарын талкалоону о.э. аларды бириктире турган фикир жана өкүмдөрдү бузууну көздөшүүдө. Ошондуктан, даъват жүгүн көтөрүп чыккандар мусулмандарга Халифалык мамлекетиндеги биримдигин эске салышы керк. Себеби, Халифалык мамлекетинде калктар региону, тили, урф-адаты, түсү жана насабы ар түрдүү болушуна карабастан, бирдей калыптанат. О.э. анда таптык жана социалдык бөлүнүүлөр жоголду. Натыйжада калктар мындан мурун да, кийин да теңи жок даражада бутка турду. Бул болсо пайгамбарыбыз ﷺдын Нуъман ибн Башир риваят кылган жана Муслим чыгарган ушул хадисин тастыктады:

«مَثَلُ الْمُؤْمِنِينَ فِي تَوَادِّهِمْ وَتَرَاحُمِهِمْ وَتَعَاطُفِهِمْ مَثَلُ الْجَسَدِ إِذَا اشْتَكَى مِنْهُ عُضْوٌ تَدَاعَى لَهُ سَائِرُ الْجَسَدِ بِالسَّهَرِ وَالْحُمَّى»

**«Момундардын өз ара достугу, ырайымдуулугу жана боорукерлиги кудум бир денеге окшойт: качан дене**

**мүчөлөрүнүн бири ооруса, башка мүчөлөр ага ооруп жана ысытмалап жооп беришет».**

Ошондуктан, адамдар Рамазанда үйрөнүп калган дарс жана мавъизалардан турган бир калыптагы абалды өзгөртүшү керек. Себеби, режимдер мындай абалды Уммат сакафатында биригүүгө, мамлекет тикелөөгө жана Роббисинин шариятын өкүмдар кылууга карай өзгөрүү жүз бербеши үчүн колдонушкан.

Уммат биримдик түшүнүктөрүн жана алар пайда кылган тунук фикирлерди жаюу үчүн даъватка муктаж. О.э. ал уюшкан аракетке, үгүт иштерине жана Уммат калимасын бириктире турган мамллекетти тикелөө үчүн даъватчылардын колдоосуна муктаж. Муну менен Аллахтын калимасы бийик болсун.

Умматты азиздикке жана динди бекемдөө аракетине үндөгөн темалар Рамазан айында көрүнүп турушу жана үгүт иштеринин негизги темасына айланышы зарыл. Анткени, Уммат Рамазанда жаркыраган ыйманий чөйрөдө Ислам түшүнүктөрүн жана ыйман фикирлерин кабыл алууга жана угууга көбүрөак даяр болот. Себеби, ал сабыр жана нусрат айы о.э. жихад жана фатхтар айы.

Бул маселер жөнүндө айтуу Умматта күч-кубат жана акыйкатка даъват кылуу рухун ойготот. Муну менен Уммат Аллах Азза ва Жалладан мусулмандардын Пайгамбарык минхажы негизиндеги рошид Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу Ислам динин үстөм кылышын жана нусратка болгон аракеттерин жүзөгө чыгарышын сурап, динге нусрат берүү жана Ислам бийлигин тикелөө максатына жетсин. Албетте, Аллах угуучу, пенделерине жакын жана дуаларды кабыл алуучу Зат. Валхамду лиллахи Роббил аламин.

Биз Уммат башынан өткөрүп жаткан балээ-кырсыктардын ичиндебиз. Мындай балээ-кырсыктардын акыркысы яхудийлердин Газадагы кылмышы болду. Каргашалары дагы эле уланып жаткан мусулман өлкөлөрүндөгү бардык мусулмандар бул балээ-кырсыктарды күтүп алышты. Өкүмдарлар болсо Аллахтын душмандарын колдоп-кубаттап мусулмандарды кафир Батыш тарабынан тартылган жасалма чегараларын бузуусуна тоскоолдук кылууда. О.э. кошуундарды чегараларды бузуп кирип, яхудийлер менен согушуудан тосууда жана мусулмандарды өлтүрүү үчүн Америка жана яхудийлер менен тил бириктирүүдө. Мына мисалы, Эрдаган яхудийлерге азык-түлүк менен жардам берип, мурунтан түзүлгөн келишимдер бар деп шылтоо кылууда (кудум Газа

согушунан мурун келишим түзүү жаиздей). Ошол эле учурда ал Газа калкын эч бир пайда бербей турган курулай билдирүүлөр менен колдоп жатат. Ибн Салман болсо Хижаз жериндеги шермеде майрамдарын да бекер кылууга ыраазы болбоду. Тескерисинче, ал яхудийлер менен нормалдашуу аракеттерин улантуу үчүн Газа кыргынынын бүтүшүн күтүп жатат. Ибн Зайид яхудийлер менен алардын эгемендүүлүк майрамын белгилеп, алардын адашууларына жардам берүүдө. Иран өкүмдары болсо, Газа калкынын өлүшүнө жана эзилишине таштап, биз Нетаняхунун согушту кеңейтүү туурасындагы максатын ишке ашырууга жол бербешибиз керек, себеби, Нетаняхунун позициясы Американын позициясы экендиги Умматка ачык болушу керек деп өзүнүн «кайталангыс зээндүүлүгү» менен мактанууда. Мисир өкүмдары болсо, андан мурункуларда болбогон позицияны карманып, Газа калкын азык-түлүктөн тосуп жатат, акыйкатта болсо, ортодо дубалдан башка эч нерсе жок. О.э. Мисир өкүмдары өзүнүн режимине бирер коркунуч туулбашы жана яхудийлер менен түзгөн келишимдердин бири да бузулбашы үчүн өзүнүн разведка жана коопсуздук кызматын аскерийлерге жана адамдарга каршы аракетке келтирип жатат. Ошентип, ар бир өкүмдардын Уммат менен өз каргашалуу тарыхы бар экенин көрүүдөбүз...

Батыш жана бул мусулман өкүмдарлары адамдардын Газаны колдоп-кубаттоо үчүн Рамазанда аракетке келишинен кошкушат. Ошондуктан, алар Рамазанда келишим түзүүнү сунуш кылышууда, бирок согуштар кийин кайра башталат. Алардын коркушу орундуубу? Негизи, мындай абалда сарай молдолору «биз дуадан башка эч нерсе кыла албайбыз» деп тынымсыз айтып жатышкан болушса. Мунун жообу ушул: биз дуадан көбүрөөгүнө кудуреттүүбүз. Ооба, биз даъват кылууга, кайраттандырууга, миллиондогон адамдарды көчөлөргө чыгып, демонстрация өткөрүүгө үндөй алабыз. О.э. акимдерди кошуундарды аракетке келтирүүгө, чегараларды ачууга жана яхудийлердин үйлөрүнө чабуул кылууга чакырган демонстрацияларды уюштурууга сапарбар кыла алабыз... Биз кошуундарды акимдерди өзгөртүү жана адамдардын каалоосун эмес, Аллахтын каалоосун ишке ашыруу жөнүндө фикирлөөгө чакыра алабыз. Биз Умматты Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм жүргүзүү туурасында өз ролун аткара турган кыла алабыз.

Бүгүнкү күндө болуп жаткан окуялар алдында маъруфка буйруп, мункардан кайтаруу амалы эң улуу итаат болуп эсептелет. Аллах Таала орозо кармоо амалын фазилат жана жакшылык менен хостоп, аларга бере турган соопту эки эсеге көбөйттү. Муну менен бирге, орозо мусулманды өзүн күнөөкөр сездирип, эгер жогорудагы амалдарды кылбаса, күнөөсү эки эсе көбөйүшүн сездирет... Албетте биз ушул рамазанды ыңгайлуу учур деп билишибиз керек. Себеби, Газанын жарааты өтө оор. Ошондой болгон соң, биз ал жерден келип жаткан «жардам бергиле» сөзүн өкүмдарлардын тактыларын титирете турган жана адамдардын акы-укуктарын тикелей турган сөзгө айланталы. Ушул Рамазанга «Үлкөн маселелер жана улуу түшүнүктөр айы» деп тема койдук, муну сөздө да, амалда да көрсөтөлү. Биз эмне кылышыбыз керектигин жазалы, муну менен бизден кийинкилер биз кылган иштерге күбө болушсун. ❑

# ИСЛАМИЙ ХАЛИФАЛЫК МАМЛЕКЕТИ ДООРУНДАГЫ ИЛИМИЙ ЖАНА ФИКИРИЙ ЖАШООГО НАЗАР

**Муавия Абдулваххаб**

Аллах Таала айтат:

﴿الٓرۚ كِتَٰبٌ أَنزَلۡنَٰهُ إِلَيۡكَ لِتُخۡرِجَ ٱلنَّاسَ مِنَ ٱلظُّلُمَٰتِ إِلَى ٱلنُّورِ بِإِذۡنِ رَبِّهِمۡ إِلَىٰ صِرَٰطِ ٱلۡعَزِيزِ ٱلۡحَمِيدِ﴾

***«Алиф, Лам, Ро.*** *(Эй, Мухаммад, бул Куръан)* ***Биз сага, адамдарды Жараткандын изни-ыктыяры менен караңгылыктан нурга — кудурет жана алкоо, мактоо ээси болгон Заттын жолуна — алып чыгышың үчүн түшүргөн Китеп»*** [14:1]

Умматты караңгылыктан нурга чыгарган Затка мактоолор болсун, Ал зат Халифалык мамлекетинин даъватчыларынын жана аскерлеринин колу менен жер жүзүнүн чыгышы-батышына хидаятты жайды. Ал тургай, мусулман өлкөлөрү Кытайдын дубалдарынан Пиреней тоолоруунa чейин тараган фикир, хазарат, нур жана хидаят булагына айланды. Мусулмандардын жалпы тарыхы жөнүндө фикирлеген киши ушул жаркыраган акыйкатка суктанат. Демек, Халифалык мамлекетинде, Умматтын Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм жүргүзгөн мамлекети болгон учурда фикирий жана түрдүү илимдер тармагындагы илимий турмуш кандай болгонун билүү үчүн, келгиле, мусулмандардын ошол доордогу фикирий жашоосун учкай карап чыгабыз:

- **Амирлер уламаларды бийлик тактысына көтөрүшкөн!**

Халифалык мамлекети уламалардын деңгээлин көтөрүп, аларды урматтаган, алар илимдерин эл арасында үгүттөшү үчүн жол ачып берген. Аларга абдан сый-урмат көрсөтүлгөн, ал тургай, амирлер көптөгөн уламаларга амирлик тактысынын жанынан орун берген.

Мына, улуу табеин аалым Абу Алия Рафеъ ибн Мехран Рияхий.

Ал Риях ибн Ярбуънун урпагынан болгон бир аялдын кулу эле. Ал азат кылынган болсо да, Ибн Аббас Басра валийи болуп турганда аны амирлик тактысынын жанына көтөрдү. Ошол убакта курайштыктар тактыдан ылдыйда эле. Ибн Аббас айтат: Ошентип, илим барктууну дагы да баркту

кылат жана кулду тактыга көтөрөт... Имам Захабийдин Сияр Аълам Нубала китеби, 7-том, 232-бет.

Факих аалым Абдуррахман ибн Асийла Мурадий болсо халифа Абдулмалик ибн Марвандын жанында тактыда бирге отурду... Захабийдин Сияр Аълам Нубала китеби, 6-том, 5-бет.

Атаа ибн Рабах Мекке калкынан болгон аялдын кара кулу болуп, анын мурду коңузга окшойт эле. Бир күнү ал халифа Абдулмаликтин алдына кирди, Абдулмалик тактыда отурган, айланасында урматтуу кишилер болгон. Абдулмалик аны көрөрү менен ордунан туруп, ага салам берди жана жанына олтургузду... Сияр Аълам Нубала китеби 9-том, 92-бет.

Абдуллах Абу Закария Абу Яхя Хузаий менен Умар ибн Абдулазиз тактыда бирге отурган... Сияр Аълам Нубала китеби, 9-том, 342-бет.

Салим ибн Абдуллах ибн Умар Мадинадагы илим жана фикх уламаларынан болгон. Бир күнү ал үстүндө одуракай жана эски кийим менен халифа Сулайман ибн Абдулмаликтин алдына кирди. Сулайман болсо аны урматтоо менен жогоруга жетелеп, өзү менен бирге тактыга отургузду. Бул жыйында Умар ибн Абдулазиз да бар эле. Ошондо олтургандардын ичинен бир киши айтты: "Тайкең ага караганда жакшыраак кымбат кийимди кийип да амирулмуъминин алдына кире албайт эле?!". Умар ага айтты: «Тайкемдин үстүндөгү кийим аны сенин деңгээлиңе көтөрүп койгон болсо, мен андайын көрбөдүм. Сенин бул кийимиңди болсо, сени тайкемдин деңгээлине көтөргөнүн көрбөдүм». Сияр аълам Нубала китеби, 4-том, 461-бет.

- **Валий жана амирлердин уламалар алдында турушу:**

Халифалык мамлекетиндеги илимдин баркы ушундай бир даражага жетти, халифа жана валийлер уламаларды өздөрү менен бирге олтуруулары үчүн тактыга көтөрүшүп эле калбастан, алар уламалар алдында башка илим алуучулар сыяктуу отурушкан.

Момундар амири Сулайман ибн Абдулмалик эки уулу менен Атаа ибн Рабахтын алдына келип отурду. Атаа намаз окуп жаткан, намазын окуп болгон соң, аларга жүздөндү. Алар Атаадан хаждын амалдары жөнүндө тынымсыз сурай

беришкенде, ал аларга далын салды. Алар Атаанын алдынан чыгышканда Сулайман уулдарына: «Эй, уулдарым, илим талап кылуудан тартынбагыла. Мен бул кара кулдун алдында кордолгонубузду эч качан унутпайм», - деди. «Коопсуз өлкө тарыхындагы кымбат баалуу маржан» китеби, 5-том, 208-бет.

Халифа Харунар Рашид хаж кылып болгон соң, Малик ибн Анас менен бирге үйүнө чейин басып барды. Халифа андан «Муватта»ны уккан соң, аны орундукка олтургузду. Рашид Маликке Муваттаны окуп беришин каалап мындай деди: "Адамдарды чыгарып жибериңиз, мен сизге аны окуп беремин". Ошондо имам Малик айтты: "Эгер илим жеке адам үчүн элден жашырылса, Аллах аны менен жеке адамды да пайдаландырбайт". Харун ага айтты: "Мен сизден оңой бир нерсе жөнүндө сурадым, сиз андан баш тарттыңыз, ко-ош, Ирак калкына бул кабар жетип барса эмне бололт?". Ошондо Малик айтты: "Эй, момундар амири, Аллах сизди ушул орунга отургузуп койгон, анда, илимди теккке кетирүүчүлөрдүн биринчиси болуп калбаңыз, Аллах да сизди текке кетирип койбосун. Бирок, мен сиздин насаб жана кызматыңыздан болбогон адамдын бул илимди урматтап, сыйлаганын көрдүм, акыйкатта болсо, илимди улуулоого эң ылайык адам сизсиз...". (Самтун нужам авалий фи анба аваили ваттавали китеби, 2-том, 204-бет). Ошондо ал Муин ибн Исага аны окуп беришин буюрду. Ал окуп баштаганда Малик ибн Анас Харунар Рашидге айтты: «Эй, момундар амири, мен билдим, өлкөбүздөгү илим ээлери илимге умтулууда кичипейил болууну жакшы көрүшөт». Ошондо Харунар Рашид минбардан түшүп, анын алдына олтурду... Дамаск тарыхы 36-том, 312-бет.

Халифалык мамлекетинде илим макамы ушундай бир даражага жетти, Халифанын перзенттери устазына ким сандалын алып келиши жөнүндө тартышып калышты!

Халифа Маъмун өзүнүн эки уулуна нахвдан сабак берүүнү Фаррага дайындайт. Бир күнү Фарра бир муктаждыгы үчүн турмакчы болгондо балдар устазынын сандалын ким алып келиши жөнүндө тартышып калышты. Андан кийин экөөсү бирге сандалды алып келүүгө келишип, аны алып келишти. Фарра Маъмундун алдына кирген соң, Маъмун андан: "Эң кадырлуу адам ким?", - деп сурады. Ошондо ал: "Амирул

муъмининден башка кадырлуу кишини билбеймин", - деди. Ал болсо: «Ооба, туура, бирок, бир киши өз муктаждыгы үчүн турса, мусулмандардын эки канзадасы анын сандалын алып келүү тууралсында бири-бири менен урушса жана экөөсү аны ыраазы кылуу үчүн биргеликте сандалын алып келүүгө келишишсе, ал кандай адам? Акыры, ошол адам кадырлуураак эмеспи?", - деди. Ошондо Фарро: «Эй, момундар амири, мен аларды тосмокчу болдум, бирок, аларды өздөрү жетишкен кадыр-барктан алыстатуудан жана өздөрү кызыгып жаткан кадыр-кыймат тууралсында жүрөктөрүн жарааттап коюудан корктум». Назха алиббаъ китеби, 44-бет.

- **Китеп жана китепканалар**

Азыр исламий мамлекеттин бешинчи хижрий кылымдагы адабий жагынан мисал келтиребиз. Исламий мамлекеттин Куръан, Сүннөт, фикх, араб тили жана башка исламий илимдерге кандай мамиле кылганын көрөбүз.

Аллама Акбарий айтат: Мен беш дирхамга кагаз сатып алып, ага Мутанаббийдин деъванын үч күн жазып, аны эки жүз дирхамга жана эң keминде бир жүз элүү дирхамга сатат элем. Башкача айтканда бул беш жүз грамм күмүшкө тең эле. Демек, Мутанаббийдин деъваны болжол менен 250 доллар турган.

Боордошум, сиз Мутанаббийдин деванынын баасы жана адамдар аны кантип сатып алганына таң калышыңыз мүмкүн. Бирок, бул маселенин башка жагы бар, ал да болсо, мусулмандардын жашоосунда болгон фикирий жана сакафий аракет. О.э. ошол убактагы мусулмандардын китеп алуу үчүн акчаларын кантип сарфтаганы.

Исламий Умматтын тарыхтагы сакафий жашоосуна дагы бир мисал: «Китабу сулук лимаърифати дувалил мулук» китебинин автору минтип ээстейт: Бир казынын жеке китепканасында алтымыш сегиз миң том китеби бар эле. Ал китептерди башка жайга көчүрмөкчү болгондо, аларды үч бөлүктөн көчүрүүгө мажбур болду. Ар бир бөлүктө китеп жүктөлгөн төөлөрдүн саны элүү тогуз болгон. Башкача айтканда, китеп артылган төөлөрдүн жалпы саны жүз жетимиш жети болгон! Ушул жерде мындай суроо пайда болот, андагы китептердин жалпы саны канча болгон?! Бул

жеке китепканадагы китептердин саны. Эми Багдад, Дамаск, Куртуба жана башка исламий борборлордогу жалпы китепканалардын саны жөнүндө эмне дер элеңиз?!

Аллама Хажий халифа (рахимахуллах)тын «Кашфуз зунун» китеби бар. Китептерди таанытуучу ушул энциклопедияда түрдүү илим-фанга тиешелүү он алты миң китеп айтылган. Мисалы, тафсир, суннат, хадис шархтары, фикх китептери, адабият, балагат, тарых жана башка илимдер сыяктуу. Ким бул китепке көз жүгүртө турган болсо, ушуга күбө болот, автор бул китептердин бардыгын өзү карап чыккан болсо керек. Себеби, ал темалар, китепти башталышы жана аягын эстейт о.э. авторлору жашоосунан кээ бир маалыматтарды жазат. О.э. китептин мазмуну жазылат жана кээде анын негизги бөлүмдөрүн да айтат.

Китептердин саны мынчалык үлкөн болушуна карабастан (он алты миң) уламалардын «Сияри аъламун Нубала, «Вафийятул аълам», «Шазаратуз захаб» жана «Нахв уламалары тарыхы» сыяктуу котормолорун жана «Бидая ва нихая», «Камил», «Нафхут таййиб», «Кутубут табакт» сыяктуу кээ бир уламалардын ысымдары айтылган китептерди окуса, «Кашфуз зунун» китебинде айтылган нерсе көпчүлүгү жоголгон исламий китептер деңизиндеги бир тамчы гана экенин түшүнөт. Биографияларда аларды которгон аалымдар, жазуучулар, факихтер жана муфассирлер тарабынан жазылган китептердин аттары айтылган. Хажи Халифа өзүнүн «Кашфуз зунун» китебинде бул китептердин аталыштарын айтпаган.

Белгилүү болгондой, монголдор Багдад китепканасын ойрон кылып, исламий дүйнөдөгү бардык жеке жана жалпы китепканаларга өрт коюшкан жана көптөгөн китептер жок кылынган.

Хажи Халифа өзүнүн ушул китебин он жетинчи миладий кылымда жазган. Мунун мааниси болсо, анын китебинде айтылган китептер он жетинчи кылым т.а. мындан үч кылым мурун бар болгон.

Эгер монголдор исламий Умматтын маанилүү китептериндеги фикирий байлыгын өрттөп, жок кылган болсо, Батыштын кылмышы монголдордукунан да ашып түштү. Себеби, Батыш мусулмандардын китепканаларынан

китептерди уурдап, аларды өз музейлерине алып кетти. Батыш аалымдары, өзгөчө ойгонуу доорундагы аалымдары көптөгөн исламий илимдерди уурдап, өздөрүнө таандык кылышты. Андан кийин Батыштын мындан да чоң кылмышы исламий фикирге каршы болду. Т.а. ал өз этибарын мусулмандар аң-сезиминдеги исламий хазарат түшүнүктөрүн бузууга каратты. Натыйжада Исламий Умматтын көпчүлүк перзенттери Умматтын фикирий жана сакафий мурасын жаман көрө турган, ага каршы күрөшө турган болду.

- **Мечиттер бардык илимдер үчүн университет жана коллеждер:**

Ким Халифалык мамлекетиндеги мусулмандар тарыхын окуса, ал мечиттер түрдүү илимдер үчүн коллеж болуп кызмат кылганын көрөт. Себеби, мечиттерде уламалар шарият, араб тили жана дунявий илимдер сыяктуу түрдүү илимдер туурасында халкаларды түзүшкөн. Дамасктагы Умавийлер мечити бүгүнкү «Google»га окшойт эле.

Ибн Касир өзүнүн «Бидая ва нихая» китебинин 12-томунун 120-бетинде Умавийлер жамиъсин минтип сыфаттаган: «Анын дубалдары алтын жана түркүн түстүү болуп, анда дүйнөнүн картасы тартылган жана дүйнөнүн бардык мамлекеттери сүрөттөлгөн. Бирер регион же мамлекетти көрүүнү каалаган киши аны мечитте табат эле. Натыйжада ал жерге саякат кылбай, аны издөө менен алек болбойт эле. Каъба жана Меккенин сүрөтү болсо михрабдын үстүндө болуп, анын чыгышы-батышы сүрөттөлгөн. Ар бир регион өзүнө ылайык мекенде сүрөттөлүп, анда региондогу мөмөлүү жана мөмөсүз дарактар көрсөтүлгөн. О.э. ар региондун өлкө жана мекендери сүрөттөлгөн».

Урматтуу боордоштор, мусулман ошол доордо т.а. Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм жүргүзгөн мамлекети бар болгон доордо ачылыш жасаган нерселерине караңыз. Ко-ош, бүгүнкү кылымда, технология кылымында экинчи Халифалык мамлекети тикеленгенде мусулмандар кандай жаңылык киргизиши керек? Албетте, алар заманбап технологиядан пайдаланышат. Уммат перзенттери арасынан түрдүү илимдердеги адистер чыгат жана заманбап цивилизацияны кайра тикелешет. Натыйжада исламий хазараттын табиятына ылайык маданият пайда болот.

Соңку сөз катары ушуларды айтабыз: Расулуллах ﷺ айтат:

«إِنَّمَا الْإِمَامُ جُنَّةٌ، يُقَاتَلُ مِنْ وَرَائِهِ وَيُتَّقَى بِهِ»

**«Имам – анын артында туруп согуша турган жана аны менен коргоно турган калкан».** Сахих Бухарий (3\1080). Халифа болсо бул Умматты акыйкат жолдон ооп кетүүдөн коргойт. Абшимий «Мустатраф» китеби 1-том, 232-бетинде айтат: «Адилеттүү султандан жогору макам жөнөтүлгөн пайгамбар же периштеде гана болот. Анын мисалы Аллах Өз рахматы менен астынан кушкабар кылып жиберген шамалга окшойт. Аны менен булуттарды багыттайт, мөмөлөрдү чаңдаштырат жана пенделерге жан киргизет». ❑

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

# КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

## АЛЛАХ ТҮШҮРГӨН ХУКМДАР МЕНЕН ӨКҮМ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ДИНДЕГИ ОРДУ (АЛЛАХ ТҮШҮРГӨН ХУКМДАР МЕНЕН ӨКҮМ ЖҮРГҮЗҮҮ ЖАНА ХУКМ СУРОО – ИБАДАТ)

– Аллах Таала айтат:

﴿مَا تَعْبُدُونَ مِن دُونِهِۦٓ إِلَّآ أَسْمَآءً سَمَّيْتُمُوهَآ أَنتُمْ وَءَابَآؤُكُم مَّآ أَنزَلَ ٱللَّهُ بِهَا مِن سُلْطَٰنٍۚ إِنِ
ٱلْحُكْمُ إِلَّا لِلَّهِ أَمَرَ أَلَّا تَعْبُدُوٓا۟ إِلَّآ إِيَّاهُۚ ذَٰلِكَ ٱلدِّينُ ٱلْقَيِّمُ وَلَٰكِنَّ أَكْثَرَ ٱلنَّاسِ لَا يَعْلَمُونَ﴾

***«Силер болсо, Ал Заттан башкага, өзүңөр жана ата-бабаңар атап алган наамдар-буттарга ибадат кыласыңар. Акыры Аллах аларга*** *(ибадат кылуу жөнүндө)* ***бир да далил түшүргөн эмес го? Өкүм-өкүмдарлык Аллахка гана таандык. Ал Зат силерди Өзүнө гана сыйынууга буюрган. Эң туура дин мына ушул. Бирок, адамдардын көпчүлүгү муну билишпейт»*** [12:40]

Өкүм суроо жана өкүм жүргүзүү – ибадат. Ошондуктан Аллах Таала айтат:

﴿إِنِ ٱلْحُكْمُ إِلَّا لِلَّهِ﴾

***(Өкүм-өкүмдарлык Аллахка гана таандык).*** Демек, өкүм чыгаруу Аллах Таалага тиешелүү болуп, Аллах Субханаху ва Тааладан башкасынан өкүм суроо жайиз эмес. Ошондуктан, Аллах Таала ушул аяттын артынан:

﴿أَمَرَ أَلَّا تَعْبُدُوٓا۟ إِلَّآ إِيَّاهُ﴾

***(Ал Зат силерди Өзүнө гана сыйынууга буюрган)*** дейт. Бул нерсе өкүм чыгаруу ибадат экенин түшүндүрөт. Демек, өкүм чыгаруу Аллахка хостолушу важиб.

– Аллах Таала айтат:

﴿أَلَمْ تَرَ إِلَى ٱلَّذِينَ يَزْعُمُونَ أَنَّهُمْ ءَامَنُوا۟ بِمَآ أُنزِلَ إِلَيْكَ وَمَآ أُنزِلَ مِن قَبْلِكَ يُرِيدُونَ أَن
يَتَحَاكَمُوٓا۟ إِلَى ٱلطَّٰغُوتِ وَقَدْ أُمِرُوٓا۟ أَن يَكْفُرُوا۟ بِهِۦ وَيُرِيدُ ٱلشَّيْطَٰنُ أَن يُضِلَّهُمْ ضَلَٰلًۢا بَعِيدًا﴾

***«****(Эй, Мухаммад)****, өздөрүн сага түшүрүлгөн нерсеге*** *(Куръанга)* ***жана сенден мурда түшүрүлгөн нерселерге ыйман келтирген деп эсептеген*** *(айрым)* ***кимселер шайтанга өкүм сурап барууну каалап жатышканын көрбөдүңбү, акыйкатта болсо аларга ага***

***ишенбөө буйрулган эле.*** *(Себеби)* ***шайтан аларды бүтүндөй жолдон азгырууну каалайт»*** [4:60]

Тогут жалпы болуп, Аллахтан башка ибадат кылынып жаткан жана ыраазылык суралып жаткан маъбуд, ээрчиле турган жана итаат кылына турган нерселердин бардыгы тогут болуп эсептелет. Себеби, тогут адашуудан алынган болуп, ал чектен чыгуу болот. Демек, Расулуллах ﷺ алып келбеген нерсе менен өкүм жүргүзүп жаткан ар кандай киши тогут менен өкүм жүргүзүп, андан өкүм сурап жаткан болот. Шейх Саъдий өзүнүн тафсиринде кыскача айтат: «Куръан жана Сүннөткө кайрылуу – ыймандын шарты. Бул болсо келишпестик жаралган маселелерде Куръан жана сүннөткө кайрылбаган киши чынында момун эместигине далалат кылат. Аятта келгендей ал тогутка ишенген болот:

﴿أَلَمۡ تَرَ إِلَى ٱلَّذِينَ يَزۡعُمُونَ﴾

*(Эй, Мухаммад),* ***өздөрүн сага түшүрүлгөн нерсеге жана сенден мурда түшүрүлгөн нерсеге*** *(Куръанга)* ***ыйман келтирген деп эсептеген*** *(айрым)* ***кимселерди көрбөдүңбү?).*** Себеби, ыйман ар бир нерседе Аллахтын шариятына моюн сунууну жана аны өкүм чыгаруучу кылууну талап кылат. Кимде-ким өзүн момун деп, Аллахтын өкүмү эмес, тогуттун өкүмүн тандаса, жалганчы эсептелет...».

– Аллах Таала айтат:

﴿ٱتَّخَذُوٓاْ أَحۡبَارَهُمۡ وَرُهۡبَٰنَهُمۡ أَرۡبَابٗا مِّن دُونِ ٱللَّهِ وَٱلۡمَسِيحَ ٱبۡنَ مَرۡيَمَ وَمَآ أُمِرُوٓاْ إِلَّا لِيَعۡبُدُوٓاْ إِلَٰهٗا وَٰحِدٗاۖ لَّآ إِلَٰهَ إِلَّا هُوَۚ سُبۡحَٰنَهُۥ عَمَّا يُشۡرِكُونَ﴾

***«Алар Аллахты коюп өздөрүнүн даанышмандарын, рахибдерин жана Масих ибн Марямды кудайлар деп билишти. Акыйкатта болсо, жалгыз Аллахка гана пенделик кылууга*** *(буюрулушкан)* ***эле. Эч бир илах жок, Анын Өзү гана бар. Ал Зат алардын шериктеринен таза»*** [9:31]

Адий ибн Хатамдын Имам Ахмад, Тирмизий жана башкалар риваят кылган узун хадисинде келгендей, Адий Расулуллах ﷺ алдына барса, ал киши бул аятты окуп жаткан экен. Адий айтат: «Мен ал затка: "Биз аларга ибадат кылбайт элек", - десем, ал зат: «Алар Аллах халал кылган нерсени харам десе, силер да харам дейт белеңер? Алар Аллах харам кылган нерсени халал десе, силер да халал дейт белеңер?», - деди.

Мен: "Ооба", - деп жооп бердим. Ал: «Мына ушусу аларга ибадат кылышыңар болот», - деди».

– Аллах Таала айтат:

﴿فَلَا وَرَبِّكَ لَا يُؤْمِنُونَ حَتَّىٰ يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيْنَهُمْ ثُمَّ لَا يَجِدُوا فِي أَنفُسِهِمْ حَرَجًا مِّمَّا قَضَيْتَ وَيُسَلِّمُوا تَسْلِيمًا﴾

***«Жок, Роббиңе ант, тээ алар өз ортолорунда чыккан келишпестиктерде сени өкүм чыгаруучу кылышмайынча жана сен чыгарган өкүмдөн дилдеринде эч кандай мүчүлүштүк таппай, толук моюн сунушмайынча эч качан момун боло алышпайт»*** [4:65]

Ибн Касир бул аяттын тафсиринде айтат: «Аллах Таала Өзүнүн азиз жана ыйык Затынын атына ант ичип, кимде-ким бардык иштеринде Расулуллах ﷺды өкүм чыгаруучу кылбаса момун болбойт, деп жатат. Ал Заттын өкүмү захирде да, батинде да итаат кылынышы зарыл болгон акыйкат».

Ибн Каййим бул аят жөнүндө айтат: «Аллах Таала Өзүнүн ыйык Затынын атына нафи (инкар кылуучу) لا менен ант ичип, кимде-ким асл жана фуруъ о.э. шарият жана кыямат өкүмдөрү туурасында өз ара чыккан келишпестиктерде Расулуллах ﷺды өкүм чыгаруучу кылмайынча момун болбошун айтып жатат. Өкүм чыгаруучу эле эмес, Расулуллах ﷺ риваят кылган өкүмдөн дилдеринде эч кандай мүчүлүштүк табышпаса гана о.э. Расулуллахтын кылган риваят кылган хукмуна ыраазы болуп, аны толук кабыл алышса гана момун болушун айтууда. О.э. Расулуллах риваят кылган өкүмгө ыраазылык, моюн сунуу, ихтилафсыздык, каршылыксыздык кошулбаса, момундугу ырасталбастыгын айтып жатат».

– Аллах Таала айтат:

﴿فَإِن تَنَازَعْتُمْ فِي شَيْءٍ فَرُدُّوهُ إِلَى اللَّهِ وَالرَّسُولِ إِن كُنتُمْ تُؤْمِنُونَ بِاللَّهِ وَالْيَوْمِ الْآخِرِ ۚ ذَٰلِكَ خَيْرٌ وَأَحْسَنُ تَأْوِيلًا﴾

***«Эгер кандайдыр бир нерсе жөнүндө талашып калсаңар — эгер чынында эле Аллахка жана акырет күнүнө ишенсеңер — ал нерсени Аллахка жана пайгамбарына кайтаргыла! Мына ушул жакшыраак жана көркөмүрөөк чечим»*** [4:59]

Албетте Аллахтын шариятын өкүм чыгаруучу кылуу жана келишпестиктерди эки вахийге (Куръан жана Сүннөткө)

кайтаруу ыймандын шарты болуп эсептелет. Ибн Каййим айтат: «Аллах Тааланын:

﴿فَإِن تَنَٰزَعۡتُمۡ فِي شَيۡءٖ﴾

***(Эгер кандайдыр бир нерсе жөнүндө талашып калсаңар)*** деген сөзү шарт агымында накра болуп, ал момундар ихтилаф кылган маанилүү жана назик, ачык же жашыруун дин маселелеринин бардыгын өз ичине алат...». (Аъламул Мукин китеби, 1-том, 49-50-беттер). Ибн Касир айтат: «Аллахтын Китеби жана Расулунун Сүннөтү өкүм кылган жана туура деп билген нерсе акыйкат. Акыйкаттан кийин болсо адашуудан башка нерсе жок. Ошондуктан, Аллах Таала:

﴿إِن كُنتُمۡ تُؤۡمِنُونَ بِٱللَّهِ وَٱلۡيَوۡمِ ٱلۡأٓخِرِۚ﴾

***(Эгер Аллахка жана акырет күнүнө ишенсеңер),*** деп айтууда. Башкача айтканда, эгер ортоңордо келишпестик болсо, араздашуу жана жахилиятты Аллахтын Китебине жана Расулунун сүннөтүнө кайтаргыла жана ошол экөөсүнөн өкүм сурагыла. Бул болсо ким келишпестик учурунда Куръан жана сүннөттөн өкүм сурабаса жана аларга кайрылбаса, Аллахка жана кыямат күнүнө ишенбешине далил». (Ибн Касир тафсири, 3-том, 209-бет).

– Аллах Таала айтат:

﴿وَأَنِ ٱحۡكُم بَيۡنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ وَلَا تَتَّبِعۡ أَهۡوَآءَهُمۡ وَٱحۡذَرۡهُمۡ أَن يَفۡتِنُوكَ عَنۢ بَعۡضِ مَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ إِلَيۡكَۖ فَإِن تَوَلَّوۡاْ فَٱعۡلَمۡ أَنَّمَا يُرِيدُ ٱللَّهُ أَن يُصِيبَهُم بِبَعۡضِ ذُنُوبِهِمۡۗ وَإِنَّ كَثِيرٗا مِّنَ ٱلنَّاسِ لَفَٰسِقُونَ﴾

*«(Эй, Мухаммад)****, алардын ортосунда Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын, алардын каалоо-нафсилерине ээрчибе жана Аллах сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени*** *(буруп)* ***фитнага салып коюуларынан этият болгун! Эгер*** *(сенин өкүмүңдөн)* ***баш тартышса, билип кой, Аллах аларга айрым күнөөлөрү себептүү кайгы келтирүүнү каалоодо. Албетте, адамдардан көптөрү итаатсыздар»*** [5:49]

Аллах Таала Өз пайгамбарын ахли китептер арасында Аллах түшүргөн нерсе (Куръан) менен өкүм жүргүзүүнү буюрду. О.э. ал затты Аллах түшүргөн нерсеге (Куръанга) тескери болгону үчүн алардын нафси-каалоолоруна ээрчүүдөн кайтарды. Мындан тышкары, алардын фитна

кылышынан жана Аллах түшүргөн кээ бир нерселерден ал затты буруп коюуларынан эскертти. Дагы Аллах Таала алар аларга түшүрүлгөн өкүмдөрдөн баш тартышса, аларга мусибат жеткирүүнү жана айрым күнөөлөрү себептүү жазалоону каалашын билдирди. Расулуллах ﷺ мындан ушул несени билди – Аллах жана Расулунун өкүмүн таштап нафси-каалоого карап жүз үйрүү Аллахтын мусибатташына себеп болот. ❑

# ЭЙ, УЛАМАЛАР, ТОЗОК ДАРБАЗАСЫ АЛДЫНДАГЫ ЧАКЫРУУЧУЛАРДАН БОЛУП КАЛБАГЫЛА

**Ислам Мухаммадий**

Анбия-расулдар үзүлгөн ар бир доордо адашкандарды хидаятка чакыруучу, алар тарабынан боло трган азарларга сабыр кылуучу, Аллахтын Китеби менен өлүктөргө жан берүүчү жана Аллахтын нуру менен сокур көздөрдү ачуучу илим ээлерин риваят кылган Аллахка мактоолор болсун... Алар шайтан өлүк абалга салып койгон канчалаган адамдарга өмүр тартуулашты, канчалага адашкандарды хидаятка башташты... Алардын адамдарга таасири кандай гана жакшы, адамдардын аларга таасири кандай гана жаман!... Алар Аллахтын Китебинен аша чаап кеткендердин туура эмес талдоосун жана пайдасыз сөз айткандардын жалгандарын о.э. бидъат байрагын орноткон жана фитнага эрк берген жахилдердин таъвилдерин алыстатышат.

Адамдар уламаларсыз жахилдер болуп, инсан жана жинден болгон шайтандар аларды ар тараптан адаштарышат. Аларга ар тараптан адашуу жана нафси-каалоосу чабуул кылат. Демек, уламалар Аллах Тааланын жер калкы үчүн берген ниъматтарынан саналат. Алар караңгылыкты жарык кылган чырактар, хидаятка баштаган имамдар жана Аллахтын жердеги хужжаттары. Алар аркылуу адашууга баштаган фикирлер жок болот, жүрөктөрдөн күмөндөр көтөрүлөт. Алар шайтанды ачуулантат. Ушул себептен улам, алар – ыйман устундары жана Уммат кубаты. Алардын жердеги мисалы асмандагы жылдыздарга окшойт. Турмуш караңгылыктарында жол баштоочулар дээрлик жол таба албай калганда алар аркылуу туура жол табылат.

Биз бул сөздөр менен сергектик коңгуроосун кагып, ушул аркылуу уламаларыбызды Аллах ыраазы боло турган вазыйпаларын аткарууга үндөмөкчүбүз. Уммат уламаларга мухтаж, уламалар болсо жок эмес, алар бар. Демек, же

акыйкат лагерин тандашсын, же аларды эскерткен мунафыктын лагерин тандашсын. Биз төмөндө аларга Расулуллах ﷺдын бир катар хадистери менен кайрылмакчыбыз жана ушул аркылуу алардын ыйманын козгоону каалайбыз. О.э. эгер алар өкүмдарлар тарабында турушса, Аллахтын азабынан коркутууну каалайбыз. Себеби, алар өкүмдарлар тарабында турушса, акыйкатка чакыруучулар эмес, тозок дарбазасы алдындагы тозокко чакыруучуларга айланып калышат. Ким аларды ээрчисе, аларды да тозокко жетелешет. Аллах сактасын.

Ооба, жакшылык уламалары залим султандан жана зордукчул өкүмдардан коркушпайт. Себеби, алар Расулуллахтын урматтуу небереси, Али رضي الله عنهнун уулу Имам Хасан риваят кылган ушул хадиске ыйман келтиришкен: «Ким Аллах харам кылган нерсени халал деп, Аллахка берген убадасын бузуп жаткан, Расулуллахтын сүннөтүнө каршы чыгып жаткан, Аллахтын пенделерине күнөө жана душмандык менен мамиле кылып жаткан залим султанды көрүп, бирок, сөз же амалда аны өзгөртпөсө, Аллах аны кире турган жайына киргизүүгө акылуу болот». Табарий «Тарых»та, Ибн Асир болсо «Камил»де риваят кылган.

– Абу Дарда айтат: Мен Расулуллах ﷺдын мындай дегенин уккам:

«مَنْ سَلَكَ طَرِيقًا يَطْلُبُ فِيهِ عِلْمًا سَلَكَ اللَّهُ بِهِ طَرِيقًا مِنْ طُرُقِ الْجَنَّةِ، وَإِنَّ الْمَلَائِكَةَ لَتَضَعُ أَجْنِحَتَهَا رِضًا لِطَالِبِ الْعِلْمِ، وَإِنَّ الْعَالِمَ لَيَسْتَغْفِرُ لَهُ مَنْ فِي السَّمَوَاتِ، وَمَنْ فِي الْأَرْضِ، وَالْحِيتَانُ فِي جَوْفِ الْمَاءِ، وَإِنَّ فَضْلَ الْعَالِمِ عَلَى الْعَابِدِ، كَفَضْلِ الْقَمَرِ لَيْلَةَ الْبَدْرِ عَلَى سَائِرِ الْكَوَاكِبِ، وَإِنَّ الْعُلَمَاءَ وَرَثَةُ الْأَنْبِيَاءِ، وَإِنَّ الْأَنْبِيَاءَ لَمْ يُوَرِّثُوا دِينَارًا وَلَا دِرْهَمًا، وَرَّثُوا الْعِلْمَ، فَمَنْ أَخَذَهُ أَخَذَ بِحَظٍّ وَافِرٍ»

**«Ким илим талап кылып жолго чыкса, Аллах аны бейиш жолдорунун бирине жолдоп коёт. Бул жолдо периштелер илим алуучудан ыраазы болуп, канаттарын жайып,** (акыларына дуа кылып турушат)**. Аалым үчүн жер-асмандагы нерселер, ал тургай, деңиздеги балыктар истигфар айтышат. Аалымдын абид үстүнөн үстөмдүгү**

**түндө толгон айдын башка жылдыздардан үстөмдүгү сыяктуу. Уламалар – Пайгамбарлардын мураскорлору. Пайгамбарлар динар да, дирхам да мурас калтырышпаган. Балким, илимди мурас калтырышкан. Ким аны алса, толук насибасын алыптыр».** Абу Давуд, Тирмизий, Ибн Мажжа, Ахмад ва Ибн Хиббан риваят кылышкан.

– Абу Хурайра риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

**«وَمَنْ أَتَى أَبْوَابَ السَّلاَطِينِ افْتُتِنَ، وَمَا ازْدَادَ عَبْدٌ مِنَ السُّلْطَانِ دُنُوًّا إِلَّا ازْدَادَ مِنَ اللَّهِ بُعْدًا»**

**«Ким султандын алдына барса, фитналанат. Пенде канчалык султанга жакындашса, Аллахтан ошончолук алысташат».** Абу Давуд жана Байхакий риваяты.

– Абу Хурайра риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

**«اِذَا رَأَيْتَ الْعَالِمَ يُخالِطُ السُّلْطَانَ مُخَالَطَةً كَثِيرَةً فَاعْلَمْ أَنَّهُ لِصٌّ»**

**«Эгер аалымдын султанга көп аралашып жатканын көрсөңөр, билип койгула, ал – ууру».** Дайламий «Муснадул Фирдавс»та риваят кылган.

– Ибн Аббас رضي الله عنه риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

**«إن أناسًا من أمتي سيتفقهون في الدين، ويقرؤون القرآن، ويقولون نأتي الأمراء، فنصيب من دنياهم، ونعتزلهم بديننا، ولا يكون ذلك، كما لا يجتنى من القتاد إلا الشوك، كذلك لا يجتنى من قربهم إلا الخطايا»**

«(Ушундай заман келет), **Умматымдан бир топ адамдар динде факих болушат жана Куръан окушат. Алар: “Келгиле, амирлердин алдына барып, алардын дуняларынан өзүбүзгө алабыз, бирок, динибизди кармап, алар**(дын күнөөсү)**нөн алыс турабыз”, - дешет. Андай болбойт. Себеби, төө тикенинен жалаң тикен алынгандай, аларга** (залим амирлерге) **жакындашуудан күнөө гана алынат».** Ибн Мажжа риваят кылган, ровийлеринин санады ишеничтүү.

– Расулуллах ﷺ айтат:

«سَيَكُونُ بَعْدِي أُمَرَاءُ، فَمَنْ دَخَلَ عَلَيْهِمْ فَصَدَّقَهُمْ بِكَذِبِهِمْ وَأَعَانَهُمْ عَلَى ظُلْمِهِمْ فَلَيْسَ مِنِّي وَلَسْتُ مِنْهُ وَلَيْسَ بِوَارِدٍ عَلَيَّ الحَوْضَ، وَمَنْ لَمْ يَدْخُلْ عَلَيْهِمْ وَلَمْ يُعِنْهُمْ عَلَى ظُلْمِهِمْ وَلَمْ يُصَدِّقْهُمْ بِكَذِبِهِمْ فَهُوَ مِنِّي وَأَنَا مِنْهُ وَهُوَ وَارِدٌ عَلَيَّ الحَوْضَ»

**«Менден кийин ушундай бир амирлер болот, ким алардын алдына кирип, жалганын тастыктаса жана зулумуна жардам берсе, ал менден эмес, мен да андан эмесмин. Андай адам Хавзымдан суу ичпейт. Ким алардын алдына кирбесе, зулумуна жардам бербесе о.э. жалганын тастыктабаса, ал менден, мен да анданмын. Ал Хавзымдан суу ичет».** Тирмизий риваят кылып, сахих деген. Нисаий жана Хаким да риваят кылып, сахих дешкен.

– Анас ибн Малик риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«اَلْعُلَمَاءُ أُمَنَاءُ الرُّسُلِ عَلَى عِبَادِ اللهِ مَا لَمْ يُخَالِطُوا السُّلْطَانَ، فَإِذَا خَالَطُوا السُّلْطَانَ فَقَدْ خَانُوا الرُّسُلَ فَاحْذَرُوهُمْ، وَاعْتَزِلُوهُمْ»

**«Уламалар султандарга аралашпаса, Аллахтын пенделери үстүндөгү пайгамбарлардын аманатчылары болуп калышат. Эгер султандарга аралашса, пайгамбарларга кыянаттык кылышкан болот. Андайлардан этият болгула жана алардан алыс тургула».** Хасан ибн Суфян өз муснадында риваят кылган. Хаким, Абу Нуайм, Акилий, Дайламий жана Рафиий «Тарых»та чыгарышкан.

– Муаз ибн Жабал риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

«ما من عالم أتى صاحب سلطان طوعًا، إلا كان شريكه في كل لون يعذب به في نار جهنم»

**«Кайсы аалым салтанат ээсинин алдына өз ыктыяры менен барса, султандын тозоктогу ар бир азабында ага шерик болот».** Хаким жана Дайламий «Тарых»та чыгарышкан.

– Муаз ибн Жабал риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«إذا قرأ الرجل القرآن وتفقَّه في الدين، ثم أتى باب السطان تَمَلُّقًا إليه وطمعًا لما في يده، خاض بقدر خطاه في نار جهنم»

**«Киши Куръанды окуп, динде факих болсо, андан кийин султандын алдына ага жагынуу жана анын алдындагы нерсеге үмүт кылып барса, барган кадамы өлчөмүнчө тозокко батат».** Абу Шайх «Саваб»да риваят кылган.

– Хасан риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«لاَ تَزالُ هَذِهِ الأُمَّةُ تَحْتَ يَدِ اللَّهِ وَكَنَفِهِ، ما لَمْ يُمَارِ قُرَّاؤُهَا أُمَراءَها»

**«Умматтын каарылары амирлерге барышпаса, Уммат Аллахтын жардамында жана коргоосунда болот».** Абу Умар Даний «Фитан»да риваят кылган.

– Ибн Аббас رضي الله عنه риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«سيكون قوم بعدي من أمتي، يقرؤون القرآن ويتفقهون في الدين، يأتيهم الشيطان فيقول: لو أتيتم السلطان، فأصلح من دنياكم، واعتزلوهم بدينكم! ولا يكون ذلك، كما لا يجتنى من القتاد إلا الشوك، كذلك لا يجتنى من قربهم إلا الخطايا»

**«Менден кийин Умматымдан бир коум болот. Алар Куръанды окушат жана динде факих болушат. Бирок, шайтан келип аларга: «Султандын алдына кирсеңер, абалыңарды бир аз оңдоп алат элеңер жана дининерди кармап, султандардан алыс турат элеңер", - дейт. Андай болбойт. Себеби, төө тикенегинен жалаң тикен алынгандай, султандарга жакындашуудан күнөө гана алынат».** Ибн Асакир риваят кылган.

– Анас رضي الله عنه риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«من تقرَّب من ذي سلطان ذراعًا، تباعد الله منه باعًا»

**«Ким султанга бир сөөм жакындашса, Аллахтан бир сөөм алысташат».** Дайламий риваят кылган.

– Анас ﷺ риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«يكون في آخر الزمان علماء يُرغِّبون الناس في الآخرة ولا يرغَبون، ويُزهِّدون الناس في الدنيا ولا يزهَدون، وينهَون عن غشيان الأمراء ولا ينتهون»

**«Акыр заманда адамдарды ахыретке кызыктырган, өздөрү болсо кызыкпаган, адамдарды дүйнөдө захиддикке чакырган, бирок, өздөрү захид болбогон, адамдарды амирлерге баруудан кайтарган, бирок, өздөрү барышкан уламалар болот».** Дайламий риваят кылган. ❑

# АБУ БАКР СЫДДЫК – РАСУЛУЛЛАХ ﷺДЫН ДОСУ ЖАНА БИРИНЧИ РОШИД ХАЛИФА

**Наср Абу Ибрахим Килкилий**

Абу Бакр ﵁нун өмүр жолу маанилүү окуяларга жана ыйман буркурап турган каармандыктарга толо. Анын шахсияты изги фазилаттар жана айкөл ахлак менен коосдолгон. Ал ыйманда, Аллахка даъват кылууда, Расулуллах ﷺды коргоодо жана динди бекемдөөдө үстөм болгон. Ал Аллах жолунда азап чеккендердин биринчиси болду. О.э. ал Расулуллах ﷺдын досу жана ажырагыс жолдошу. Ал Расулуллах ﷺды эң жакшы билген сырдашы жана ал кишинин эң сүйүктүү досу. Ал балээ жана кырсыктарда чечкиндүү позициялардын ээси болду. Ал рошид Халифалыктын негиздөөчүсү, диндин жардамчысы о.э. акыйда жана өкүмдөрдүн когоочусу жана Аллах жолундагы мужахид. Аллах Өз китебин жамдоого жетиштирген киши да ал болду.

Абу Бакр ﵁ таква, мээримдүү, эр жүрөк, ырайымдуу, сылык жана кайраттуу киши болгон. Анын сыфаттарын чогултуп айта турган болсок, ага насиб этпеген фазилат жана кадыр-кыймат калбайт. Ал ар кандай салих амалды биринчилерден болуп жасаган.

Абу Хурайрадан риваят кылынган хадисте Расулуллах ﷺ айтты: **«Араңардан ким бүгүн орозо кармады? Абу Бакр: Мен деди. Ал зат: Силерден ким жаназага эргешти? деп сурады. Абу Бакр: Мен деди. Бүгүн ким бир жакырды тамактандырды? деп сурады. Абу Бакр: Мен деди. Силерден ким оорулууну барып көрдү? Абу Бакр: Мен деди. Бул фазилаттарды өзүндө жамдаган киши албетте бейишке кирет, деди».** Муслим риваяты.

**Ысымы, лакабы жана сыфаттары:**

Абу Бакр Сыддык Абдуллах ибн Абу Кахафа Усман ибн Амир Таймий Курайший (Хижраттан 50 жыл мурун, 573-миладий жылда төрөлүп, 634-миладий жылда дүйнөдөн өткөн).

Абу Бакрдын (Сыддык, Сахиб, Атийк, Такий, Аввах) сыяктуу кунялары бар. Ар бир лакабдын өзүнө хос кыссасы болуп, бул Абу Бакрдын фазилатын көрсөтөт. Бирок, Сыддык лакабы ал кишиге катуу жабыштырылып, ал бул сыфатта үстөм эле. Себеби, ошол убакыттарда мушриктер Расулуллахты жалганчыга чыгаруусу жана Аллахтын жолунан тосуусу күчөгөн.

Абу Бакр жахилият доорунда да бир нече лакабдар менен белгилүү болгон, мисалы, ал насил-насаб жана арабдардын

кабарын жакшы билген. Расулуллах ﷺ айтат: **«Албетте Абу Бакр Курайш арасында алардын насил-насабын эң жакшы билүүчүсү»**. Сахихи Муслим.

Абу Бакр соодагер болгон. Ибн Касир айтат: «Ал жакшы кулк-мүнөз жана абройлуу соодагер эле. Коумундагы кишилер анын алдына бир сыфаты үчүн эмес, билими, соодасы жана жакшы шерик болгону үчүн барышкан». Анын каражаты 40 миң дирхам болгон... Аны сыфаттаган кишилердин айтымында, Мекке калкы аны менен сүйлөшүүнү жакшы көргөн. Себеби, ал жакшы шерик, акылдуу, сылык, ак көңүл, берешен, садык, уяттуу, күчтүү жана сымбаттуу болгон.

Абу Бакр жахилият калкы жасаган буттарга ибадат кылуу, мас кылуучу ичимдиктерди ичүү, жакырчылыктан коркуп балдарды өлтүрүү сыяктуу иштерди жасабады. Ал коуму менен жакшы ахлак жана фазилат жөнүндө гана сүйлөштү.

**Анын Исламга кириши жана муну биринчилерден болуп ишке ашырышы:**

Мухаммад ﷺга пайгамбарлык келгенде, ал досу Абу Бакрды Исламга чакырды. Абу Бакр эч экиленбестен жана күмөнгө барбай ал кишинин даъватын кабыл алды. Исламга балдардан биринчи болуп Али رضي الله عنه кирген болсо, хур кишилерден биринчи болуп Абу Бакр кирди. Абу Бакр Исламга киргенде Расулуллах ﷺ абдан кубанды. Хафиз Абу Хасан Атрабулусий Ибн Касирден, ал киши Аиша энебизден риваят кылат: «Абу Бакр Расулуллах ﷺ менен жолугушуу максатында чыкты. Ал Расулуллахтын жахилияттагы досу эле. Абу Бакр ал затка жолукканда: "Эй, Абулкасим, коумуңдун жыйынынан келе жатам, алар сени ата-энесин акаарат кылууда деп айыпташуда", - деди. Расулуллах ﷺ: **«Мен Аллахтын элчисимин, сени Аллахка даъват кыламын»**, - деди. Расулуллах ﷺ сүйлөп бүткөндөн кийин Абу Бакр Исламга кирди. Ошондо Расулуллах ﷺ ал кишинин алдынан кетип, эки тоонун ортосунда бара жатты, Абу Бакрдын Исламга киргенине ал заттан да көбүрөөк кубанган эч ким жок эле».

Ибн Исхак Расулуллах ﷺ Абу Бакрдын ыйманын мактаганын минтип эстейт: **«Мен кимди Исламга даъват кылбайын, ал ойлонуп, чечкиндүү болбостон жана экиленип калат эле. Бирок, Абу Бакр муну этибардан качырбады жана экиленбеди»**. Расулуллах ﷺдан дагы риваят кылынат: **«Силер досумду мени менен өз абалына коёсуңарбы, силер досумду**

**мени менен өз абалына коёсуңарбы? Эй, адамдар, силерге мен Аллахтын Расулумун дегенимде, «жалган сүйлөдүң» дегенсиңер. Бирок, Абу Бакр мага «туура айттың» деген».** Бухарий риваяты.

Эгер Абу Бакрдын ыйманы таразанын бир тарабына, жер жүзүндөгү бардык адамдардын ыйманы башка тарабына коюлса, Абу Бакрдын ыйманы оор келет. Имам Ахмад риваят кылган хадисте айтылат: «Бир күнү Расулуллах ﷺ алдыбызга чыгып, мындай деди: «Бир күнү түшүмдө мага макалид жана таразалар берилди. Макалид – бул ачкычтар (т.а. бейиш ачкычтары). Ошондо мен таразанын бир тарабына жана Умматым экинчи тарабына коюлду, мен алардан оор келдим. Андан кийин Абу Бакр коюлду, ал да оор келди. Андан кийин Умар оор келди, кийин Усман коюлду, ал да оор келди. Андан соң тараза асманга көтөрүлдү. Ошондо бир киши: Биз кайдабыз (т.а. башкалардын таразадагы абалы кандай болот) деди. Ошондо Расулуллах ﷺ: Ар бириңер амалыңарга жана итаатыңарга карап тартыласыңар, деди». Ибн Шайба жана Табараний бир аз айырма менен риваят кылышкан.

### Исламга чакырышы жана Исламдагы позициялары

Абу Бакр رضي الله عنه өзүнө хос ыкмадагы даъватчы эле. Бул нерсе анын кылган иштеринде жана карманган позицияларында көрүнгөн.

Абу Бакр Аллахка даъват кылып анын колу астында Зубайр ибн Аввам, Усман ибн Аффан, Талха ибн Убайдуллах, Саъд ибн Абу Ваккас, Абдуррахман ибн Авф, Усман ибн Мазъун, Абу Убайда ибн Жаррах, Абу Салама ибн Абдуласад, Аркам ибн Абу Аркам сыяктуу көптөгөн сахабалар Исламга киришти. Абу Бакр үй-бүлөсүн даъват кылганда кызы Асма менен Аиша, уулу Абдуллах, аялы Умми Рувман жана кызматкери Амир ибн Фахира Исламга киришти. Меккеде момун топтун акыйкатты ачык айтуусун Расулуллах ﷺдан катуу суранган да Абу Бакр رضي الله عنه болду. Ибн Касир өзүнүн «Бидая ва нихая» китебинде Аиша энебиздин мындай дегенин жазат: «Мухаммад ﷺдын сахабалары чогулду, алар отуз сегиз эле, Абу Бакр акыйкатты ачык айтууну Расулуллах ﷺдан катуу суранды. Расулуллах ﷺ: «**Эй, Абу Бакр, биз азчылыкпыз**», - деди. Бирок, Абу Бакр катуу суранганда Расулуллах акыйкатты ачыкка чыгарды. Ошондо мусулмандар мечиттин айланасына тарашты, ар бири өз уруусу менен болду. Абу Бакр туруп адамдарга хытаб кылды, Расулуллах отурду жана Абу Бакр муну менен Исламдагы биринчи хатиб болду. Ошондо мушриктер Абу Бакрга жана мусулмандарга

асылышып, мечиттин бир четинде Абу Бакрды катуу таякташты. Абу Бакр тебеленип, катуу сабалды. Утба ибн Рабиа ага жакындашып, бут кийими менен тепти, ал тургай, бети жана курсагына чейин тепкиледи. Абу Бакрдын жүзү таанығыс болуп калды. Ошондо Бану Тайм жардамга келип, мушриктерди Абу Бакрдан алыстатты. Андан кийин Абу Бакрды кийиминен кармап көтөрүп, аны өлүп калды деп ойлоп, үйүнө алып барышты. Алар артына кайтып, мечитке киришип мындай дешти: "Аллахка ант болсун, эгер Абу Бакр өлгөн болсо, Утба ибн Рабиаңы өлтүрөбүз". Андан кийин алар Абу Бакрдын алдына кайтышты жана Абу Кахафа (Абу Бакрдын атасы) жана Бану Тайм Абу Бакрга (бул жолдон кайтышы үчүн узак) сүйлөштү. Абу Бакр аларга кечке жакын жооп берди жана биринчи айткан сөзү: «Расулуллах ﷺга эмне болду» деген сөз болду. Алар болсо Абу Бакрды сөгүп, эскертишти. Андан соң анын энеси Уммул Хайрга: «Ага кара, тамак бересиңби же бирер нерсе ичиресиңби», - дешти. Энеси аны менен жалгыз калганда, тамак жегенге мажбурлады, бирок, ал: «Расулуллах ﷺга эмне болду?» - деди.

Энеси ага: «Аллахка ант, досуңа эмне болгонун билбеймин», - деди. Ошондо Абу Бакр: «Хаттабдын кызы Умму Жамилге барып, ал зат жөнүндө сураңыз», - деди. Энеси чыгып, Умму Жамилге барып (ал кезде Умму Жамил Исламын жашырып жүргөн): «Абу Бакр Мухаммад ибн Абдуллах жөнүндө сурап жатат», - деди. Умму Жамил: «Абу Бакрдын да, Мухаммад ибн Абдуллахтын да эмне болгонун билбеймин. Эгер кааласаңыз, сиз менен бирге уулуңузга барабыз», - деди. Уммул Хайр: «Мейли», - деди. Умму Жамил аны менен бирге барып, Абу Бакрды оор оорулуу абалда көрдү, ага жакындашып: «Аллахка ант болсун, сени мындай кылгандар фиск жана куфр калкы, Аллахтан сиз тууралуңызда алардан өч алышын сураймын», - деп кыйкырды. Ошондо Абу Бакр: «Расулуллах ﷺга эмне болду?», - деди. Ал: «Бул сенин энең аны ук», - деди. Умму Жамил: «Ал соо жана аман». Абу Бакр: «Ал каерде?». Умму Жамил: «Аркамдын үйүндө». Абу Бакр: «Аллахка ант, Расулуллахка бармайымча тамак да жебеймин, суу да ичпеймин». Ошентип, алар кадамдардын үндөрү басылганга чейин турушту. Адамдар тынчыгандан кийин Абу Бакр экөөсүнө жөлөнүп чыкты жана Расулуллахтын алдына кирищти. Расулуллах ﷺ аны кучактап өптү жана адамдар да аны кучакташты. Расулуллах ﷺ ага катуу ырайымы келди. Абу Бакр رضي الله عنه: «Атам жана энем курман болсун, оо,

Аллахтын Расулу, мага фасыктын жүзүмө кылганынан башка эч нерсе болбоду. Бул, менин өз уулуна мээримдүү энем, сиз берекелүүсүз, ал үчүн Аллахка дуа кылыңыз, ал үчүн Аллахка дуа кылыңыз, балким, Аллах сиз себептүү аны тозоктон сактар", - деди. Расулуллах ﷺ ал үчүн Аллахка дуа кылды жана ал Исламды кабыл алды.

Абу Бакр Билал ибн Рабах азапталып жатканын билген соң (Билал Умайя ибн Халафтын кулу эле), ошол жайга барып, Умайя менен сүйлөштү жана Билалды сатып алып, Аллахтын ыраазылыгы үчүн аны азат кылды. Абу Бакр мындан башка Исламды кабыл алган бир нече кулдарды да сатып алып азат кылды. Алар: Амир ибн Фахира, Умму Абис (же Умму Амис) жана Занийра. Абу Бакр дагы Нахдийяны жана анын кызын да азат кылды. Бану Мумалды кулу Лабийнаны да сатып алып, азат кылды, ал Исламды кабыл алган эле.

**Хижрат жана Расулуллахка жолдош болушу**

Абу Бакр Расулуллах ﷺ менен жолдош болууну катуу каалаган жана ушуга даярданды, Ибн Исхак айтат: Абу Бакр бай адам эле. Ал Расулуллах ﷺдан хижрат кылууга урухсат сурады, Расулуллах ﷺ ага: «**Шашылба, балким, Аллах сага жолдош табар**» деди. Расулуллах ﷺ бул сөздү айтканда Абу Бакр өзү ошол жолдош болууну каалады. Ошондо Абу Бакр эки төө сатып алып, хижрат кылууга даярдап, аларды бага баштады».

Момундар энеси Аиша رضي الله عنها айтат: "Аллах Таала Өз пайгамбарына хижрат кылууга урухсат берген соң, Расулуллах ﷺ үйүнөн ал кишини өлтүрүү үчүн топтолгондордун ичинен соо-аман чыгып, Абу Бакрдын үйүнө барды". Аиша энебиз эмне болгонун мындай риваят кылат: «Расулуллах ﷺ биздикине ар дайым эртең менен же кечинде келет эле. Бирок, Аллах ал кишиге хижрат кылуу жана коумунан Меккеден чыгууга урухсат берген күнү өзү адаттанбаган убакта келди. Абу Бакр ал кишини көргөн соң: «Расулуллах ﷺ бир маанилүү иш үчүн мындай убакытта келди» деди. Расулуллах ﷺ үйгө кирген соң, Абу Бакр керебетинен ал кишинин алдына түштү. Расулуллах ﷺ отурду, жерде мен жана сиңдим Асма бинти Абу Бакрдан башка эч ким жок эле. Расулуллах ﷺ: «Алдыңыздагыларды чыгарып жибериңиз», - деди. Абу Бакр: "Эй, Аллахтын элчиси, алар эки кызым, өзү эмне кеп? Ата-энем сизге курман болсун". (Сахих Бухарий). Расулуллах ﷺ: «Аллах Таала мага чыгууга жана хижрат кылууга урухсат берди", - деди.

Абу Бакр: «Жолдош болобузбу, оо, Аллахтын элчиси?”. Расулуллах ﷺ: «Жолдош болобуз», - деди. Аиша رضي الله عنها айтат: «Аллахка ант, ошол күнү Абу Бакрдын кубанып ыйлаганындай эч бир кишинин кубанып ыйлаганын көрбөдүм». (Бидая ва нихая, Ибн Касир). Абу Бакр бардык акчаларын алды, Асма бинти Абу Бакр айткандай акчалары беш миң же алты миң эле.

Абу Бакр малын жана жанын Расулуллах ﷺ үчүн сайып ал киши менен Савр үңкүрүнө чыкты. Абу Бакр Расулуллах ﷺга эч бир мусибат жетпешин катуу каалады.

Мухаммад ибн Сирийн айтат: Умар رضي الله عنهнун доорунда бир нече кишилер Умарды Абу Бакрдан абзел санашты. Бул кабар Умар رضي الله عنهга жеткенде, ал: «Аллахка ант, Абу Бакр өткөргөн бир түн Умардын үй-бүлөсүнөн жакшыраак, Абу Бакр өткөргөн бир күн Умардын үй-бүлөсүнөн жакшыраак. Себеби, Расулуллах ﷺ үңкүргө жетүү үчүн чыкканда ал киши менен Абу Бакр бирге эле. Абу Бакр ошондо бир саат Расулуллахтын алдында жана бир саат ал кишинин артында жүрдү. Расулуллах ﷺ муну сезип ага: «Эй, Абу Бакр эмне үчүн бир алдымда, бир артымда бара жатасың?”, - деп сурады. Ошондо Абу Бакр: «Оо, Аллахтын элчиси артыңдан издеп жатышканын эстегенимде артыңда, буктурманы эстегенимде алдыңда бара жатамын”, - деди. Расулуллах ﷺ: «Эй, Абу Бакр, бирер нерсе болсо (т.а. жаман абал) мага караганда өзүңө болушун каалайсыңбы?”, - деди. Абу Бакр: «Ооба, сизди акыйкат менен жиберген Затка ант, эгер бирер мусибат болсо, сага эмес, мага болушун каалайм”, - деди. Алар үңкүргө жеткенде, Абу Бакр: “Эй, Аллахтын элчиси, сен ушул жерде күтүп тур, мен аны тазалап чыгайын”, - деди. Ал үңкүргө кирип тазалады. Үңкүрдүн жогору тарабына жеткенде, анын жан тараптарын тазалабаганы эсине түшүп: “Үңкүрдүн жан тараптарын тазалаганга чейин сен ушул жерде күтүп тур”, - деди. Ал үңкүргө кирип анын жан тараптарын да тазалаган соң: “Эй, Аллахтын Расулу кир”, - деди, Расулуллах ﷺ кирип отурду. Умар رضي الله عنه айтат: “Жаным колунда болгон затка ант, Абу Бакрдын ушул түнү Умардын үй-бүлөсүнөн жакшыраак». Сахих хадис.

Мушриктер Пайгамбар ﷺдын изинен кууп барып, Савр тоосуна жана үңкүргө жетишти. Бирок, Аллах Тааланын Өз пайгамбарына лутфи жана колдоосу себептүү алар үмүтсүз болуп артка кайтышты. Абу Бакр Сыддыктан риваят кылынат: «Үңкүрдө

турганыбызда мен Расулуллах ﷺга: “Эгер кимдир бирөө үңкүргө баш бакса бизди көрмөк”, - дедим. Ошондо Расулуллах ﷺ:

«مَا ظَنُّكَ يَا أَبَا بَكْرٍ! بِاثْنَيْنِ اللهُ ثَالِثُهُمَا؟»

**«Эй, Абу Бакр, үчүнчүсү Аллах болгон эки киши жөнүндө күмөндөсүңбү»**, деди. Бухарий риваяты.

Аллах Таала бул жөнүндө кыяматка чейин тилават кылына турган аят түшүрдү:

﴿إِلَّا تَنصُرُوهُ فَقَدْ نَصَرَهُ ٱللَّهُ إِذْ أَخْرَجَهُ ٱلَّذِينَ كَفَرُوا۟ ثَانِىَ ٱثْنَيْنِ إِذْ هُمَا فِى ٱلْغَارِ إِذْ يَقُولُ لِصَٰحِبِهِۦ لَا تَحْزَنْ إِنَّ ٱللَّهَ مَعَنَا ۖ فَأَنزَلَ ٱللَّهُ سَكِينَتَهُۥ عَلَيْهِ وَأَيَّدَهُۥ بِجُنُودٍ لَّمْ تَرَوْهَا وَجَعَلَ كَلِمَةَ ٱلَّذِينَ كَفَرُوا۟ ٱلسُّفْلَىٰ ۗ وَكَلِمَةُ ٱللَّهِ هِىَ ٱلْعُلْيَا ۗ وَٱللَّهُ عَزِيزٌ حَكِيمٌ﴾

***«Эгер силер ага*** *(пайгамбарга)* ***жардам кылбасаңар*** *(Аллах Өзү ага жардам кылды)****. Аны кафирлер ал эки адамдын бири болгон абалда*** *(т.а. бир жолдошу менен Меккеден)* ***кууп чыгышканда, ага Аллах жардам берди берди эле го. Ошондо алар экөө үңкүрдө турган чактарында жолдошуна: «Кейибе, албетте, Аллах биз менен бирге», дегенде, Аллах ага көңүл токтук салды жана аны силер көрбөгөн аскерлер менен колдоп-кубаттады о.э. кафир болгон кимселердин сөздөрүн пас кылып койду, Аллахтын сөзү гана жогору сөз. Аллах кудуреттүү, даанышман»***

[9:40]

Расулуллах ﷺ жана Абу Бакр үңкүрдө үч түн туруп, кийин жолго чыгышты. Мадинага жеткенге чейин издегендерден соо жана аман болушту.

**Расулуллахтын досу, вазири жана саадагындагы эки огу**

Абу Бакр Сыддык Расулуллах ﷺдын эч бир ажырабаган жолдошу, вазири, кеңешчиси, досу жана адамдар ичинде Расулуллах ﷺга эң сүйүктүүсү эле. Абу Бакр Расулуллах ﷺ менен бардык казаттарда бирге болду. Табук казаты үчүн бардык байлыгын берди, ал тургай, үй-бүлөсү үчүн да эч нерсе калбады, өзү үчүн Аллахтын ыраазылыгын сатып алды. Абу Бакр жакшылыкта ар дайым алдыда эле. Бул туурасында аны менен мелдешкендер кыйналып калышкан жана андан бир жолу да озуп кете алышпаганын моюнка алышкан.

Абу Бакр رضي الله عنه Расулуллах ﷺ эң жакшы көргөн жана эң жакшы билген адам эле. Абу Саид Худрийден риваят кылынат, Расулуллах ﷺ минбарга чыгып, айтты:

«إنَّ عَبْدًا خَيَّرَهُ اللَّهُ بيْنَ أنْ يُؤْتِيَهُ مِن زَهْرَةِ الدُّنْيا ما شاءَ، وبيْنَ ما عِنْدَهُ، فاخْتارَ ما عِنْدَهُ»

«**Аллах Таала бир пендесине дүйнө ниъматтарынан каалаганча алуу же Аллахтын алдындагы нерсени алуу тандоосун бергенде, пендеси Аллахтын алдындагы нерсени тандады**». Абу Бакр муну угуп ыйлап жиберди жана: «Атабыз да, энебиз да сизге курман болсун!», - деди. Ошондо биз таң калдык жана адамдар: Бул шейхти карагыла, Расулуллах ﷺ Аллах Таала пендесине дүйнө ниъматтарынан каалаганча алуу жана Аллахтын алдындагы нерсени алуу тандоосун бергенин айтып жатса, ал ата жана энебизди сизге курман кылдык деп айтууда дешти. Бирок, Расулуллах ﷺ ошол мүмкүнчүлүк берилген киши Абу Бакр экенин билдирди. Расулуллах ﷺ айтты:

«إنَّ مِن أمَنِّ النَّاسِ عَلَيَّ في صُحْبَتِهِ ومالِهِ أبا بَكْرٍ، ولو كُنْتُ مُتَّخِذًا خَلِيلًا مِن أُمَّتي لاتَّخَذْتُ أبا بَكْرٍ، إلَّا خُلَّةَ الإسلام، لا يَبْقَيَنَّ في المَسْجِدِ خَوْخَةٌ إلَّا خَوْخَةُ أبِي بَكْرٍ»

**«Адамдар ичинде мага достук кылууда жана малын сарфтоодо эң жакын адам – бул Абу Бакр. Эгер мага дос керек болгондо, албетте Абу Бакрды тандайт элем. Бирок, Ислам боордоштугу баары үчүн бирдей. Адамдар мечитке ачып алган эшиктердин бардыгын жапкыла, бирок, Абу Бакрдын эшиги калсын».** (Сахабалар үйлөрүнүн бурчунан мечитке дарбаза ачып алышкан эле. Расулуллах ﷺ Абу Бакрдын эшигинен башкаларын жабууну буюрду).

**Абу Бакр ар кандай проблеманы заматта чечкен о.э. кыйын жана чечүүчү позицияларда турган киши эле:**

Бул нерсе бир нече окуяларда, айрыкча, Расулуллах ﷺдын каза болушунда ачык-айкын көрүндү. Мындан тышкары, ал зекет берүүдөн баш тарткан муртаддарга каршы чыгып, аларды өлтүрүүдө катуу турганда да бул нерсе көрүндү. Ошондо бул нерсе мамлекетти, акыйданы жана Ислам өкүмдөрүн сактап калууга себеп болгон.

**Расулуллах ﷺдын каза болушу:**

Расулуллах ﷺдын каза болушу сахабаларга өтө оор болду. Алар аң-таң болушуп, кайгы жана тынчсыздануга түшүп калышты. Алардын кээ бирлери сүйлөй албаса, кээ бирлери шал болуп тура албады, кээ бирлери ал затты каза болбогон дешти. Абу Бакр Расулуллахтын каза болгондугу тууралуу кабарды укту. Сахих Бухарийде келгендей, ошол убакта ал жок эле. Расулуллах ﷺ каза болгон күнү Абу Бакр Сунхта

(Мадинанын Бану Харисага караштуу жеринде) болгон, Исмаилдин айтымында, Алияда эле. Ошондо Умар туруп: "Расулуллах ﷺ дүйнөдөн өткөн жок, Аллахка ант, мага мындан башка нерсе келбей жатат. Аллах Таала ал затты кайра жиберет жана ал затты өлдү деп сөз тараткандарды кол жана буттарын кесет", - деди. Абу Бакр келгенде Расулуллах ﷺдын жүзүн ачып өөп: «Ата-энем сага курман болсун, тирүүлүгүңдө да жыпар жыттуу элең, каза болгонуңдан кийин да ошондойсуң. Жаным колунда болгон затка ант, Аллах сага эч качан эки ирет өлүм бербейт», - деди. Андан кийин Абу Бакр чыгып: "Тынчтангыла", - деди. Сыртта Умар сүйлөп жаткан эле, Абу Бакрдын сөзүн укканда токтоду. Абу Бакр Аллахка мактоолорду айтып бүтүп, мындай деди: "Билип койгула, ким Мухаммад ﷺга ибадат кылган болсо, Мухаммад өлдү, ким Аллахка ибадат кылса, Аллах өлбөйт, ал тирүү". Дагы ал:

﴿إِنَّكَ مَيِّتٌ وَإِنَّهُم مَّيِّتُونَ﴾

***«Шек-күмөнсүз, сен да өлүүчүсүң, алар да өлүүчүлөр»*** [39:30]

﴿وَمَا مُحَمَّدٌ إِلَّا رَسُولٌ قَدْ خَلَتْ مِن قَبْلِهِ ٱلرُّسُلُ ۚ أَفَإِيْن مَّاتَ أَوْ قُتِلَ ٱنقَلَبْتُمْ عَلَىٰٓ أَعْقَـٰبِكُمْ ۚ وَمَن يَنقَلِبْ عَلَىٰ عَقِبَيْهِ فَلَن يَضُرَّ ٱللَّهَ شَيْـًٔا ۗ وَسَيَجْزِى ٱللَّهُ ٱلشَّـٰكِرِينَ﴾

***«Мухаммад болгону бир пайгамбар гана. Андан мурун да пайгамбарлар өткөн. Анан, эгер ал*** *(Мухаммад алайхис-салам)* ***көз жумса же өлтүрүлсө артыңарга*** *(куфрга)* ***кайтып кетесиңерби?! Кимде-ким артына кайтып кетсе, Аллахка бир да зыян жеткизе албайт,*** *(тескерисинче өзүнө гана зыян жеткизет).* ***Аллах болсо*** *(өз жолунан кайтпай)* ***шүгүр кылуучу пенделерин мунасип -*** *(амалына жараша)* ***сыйлайт»*** [3:144]

## Бану Саида короосундагы байъат

Адамдар Расулуллах ﷺдын каза болгонун билгенден кийин ансарлар Саъд ибн Абу Ваккасты Расулуллах ﷺга Халифа кылуу тууралуу байъат кылуу үчүн топтолушту. Ошондо Абу Бакр, Умар жана Абу Убайдалар ансарлардын эмне үчүн топтолушканын билишти. Андан кийин ансарларды максатынан кайтаруу үчүн короого келишти жана аларга бул ишке Курайштан болгон мухажирлер, өзгөчө Абу Бакр акылуу экенине хужжат келтиришти. Андан соң короодогулар Абу Бакрга байъат беришти жана Абу Бакр мусулмандарды

бириктирүү жана сөздөрүн жамдоо үчүн Халифалыкты кабыл алды.

Абу Бакр Халифалыкты кабыл алгандыгы үчүн кечирим сурап, мындай сөз сүйлөдү: «Аллахка ант, мен бир да күн же түн амир болууга кызыкпагам. Мен амирликти каалабаймын жана Аллах Тааладан ашкере да, жашыруун да сурабагам. Бирок, мен фитнадан корктум, акыйкатта болсо мага амирликте кадыржамдык жок. Мен бир улуу ишти мойнума алдым, эгер Аллах жардам бербесе аны ишке ашырууга күчүм да, кубатым да жетпейт. Мен ордумда эң таква адам болушун каалаган элем». Хаким сахих иснад менен риваят кылган.

Ошентип, Абу Бакрдын байъаты Расулуллах ﷺдан кийин Халифалыкты бекемдеп, халифа тикелөө жолу байъат экендигин жана мусулмандардын Расулуллах ﷺдан кийинки саясий түзүмү рошид Халифалык экенин белгилеп берди. Абу Бакр Сыддык رضي الله عنه буга мусулмандардын биринчи халифасы катары чебердик менен башчылык кылды.

**Абу Бакр мусулмандардын халифасы:**

Сыддыктык халифалыгы эки жыл үч айга созулду. Бул кыска убакытка карабастан, бул доор бийлик устундарын бекемдеген, муртаддарга чекит койгон о.э. Шам жана Рум өлкөлөрүнө исламий мамлекетти жайган үлкөн ийгилик жана амалдарга бай болду. Бул, фатхтар жана Ислам мамлекетинин жайылышы менен бир убакта болду.

**Абу Бакр Сыддыктын Халифалыкты кабыл алгандагы хутбасы:**

Абу Бакр Сыддык رضي الله عنهнун Халифалыкка киришкенден кийинки биринчи хутбасы Расулуллах ﷺ көз жумгандан кийинки ички саясат о.э. жаран менен өкүмдар ортосундагы байланышты көрсөтүп берет. Бул хутба Халифанын жарандарга карата позициясын жана жарандардын халифа туурасындагы акы-укуктарын баян кылат. Мындан тышкары, ал жихад аркылуу даъватты дүйнөгө алып чыгууга негизделген тышкы саясатты баяндайт. Хутба кыска болушуна карабастан, мамлекеттин негиз жана минхажын белгилеп берген. Абу Бакр Сыддык мындай деп хутба кылган: «Амма баъд, эй, адамдар, мен силерге башчы болуп дайындалдым, бирок, мен силерге караганда жакшыраак эмесмин. Эгер мен туура иш кылсам, мага жардам бергиле,

эгер адашсам оңдогула. Тууралык – аманат, жалган болсо – кыянаттык. Араңардагы алсыз киши – мен анын акысын алып бермейимче – мен үчүн күчтүү. Араңардагы күчтүү болсо – мен андан алсыздын акысын алып бермейимче – мен үчүн алсыз. Коум Аллах кор кылса гана жихадды таштайт. Коум арасында бузукулук иштер тараса, Аллах аларга балээни жалпылаштырат. Мен Аллахка жана Расулуна итаат кылсам, силер мага итаат кылгыла. Эгер Аллахка жана Расулуна баш ийбесем, мага моюн сунбагыла. Эми намазды аткаргыла, Аллах силерге ырайым кылсын». Ибн Касир сахих иснад менен риваят кылган.

**Мамлекет иштерин башкаруу**

Абу Бакр мамлекет иштерин теңдешсиз даражадагы жөндөм жана чебердик о.э. жетик фарасат менен башкарды. Ал Расулуллах ﷺ дайындаган валийлерди өзгөртпөөгө аракет кылды жана Расулуллах ﷺдын доорундагы бийлик структурасын сактап калды. О.э. мамлекетти кыйнап жаткан кооп-коркунучтарга карабастан, Усаманы жиберүүдө катуу турду. Ошол эле убакта зекет берүүдөн баш тартып жаткан муртаддарга каршы күрөштү. Акыйкатта болсо, мамлекет теңи жок мамлекет жетекчиси тарабынан ишке ашырылган ажайып саясий иштерге аскерлердин жетишпестигинен кыйналып жаткан.

**Усама кошуунун жиберүү жана муртаддар согушу**

Абу Бакр Расулуллах ﷺ Румга каршы согушуу үчүн даярдаган Усама кошуунуна мындай буйрук берди: «Усама аскерлеринин бирөөсү да Мадинада калбастан сырттагы кошуунга чыксын». (Бидая ва нихая). Кээ бир сахабалар армияны жиберүү тууралсында Абу Бакрга каршы чыгып, муртаддарга каршы күрөшүү үчүн калышын айтышты: «Тигил адамдар мусулмандардан көп, арабдар болсо көрүп турганыңдай сага каршы чыгышты. Ошондуктан, мусулмандар жамаатын өзүңдөн ажыратпа». (Бидая ва нихая). Ошондо Абу Бакр: «Абу Бакрдын жаны колунда болгон Затка ант, эгер мени жырткыч айбандар сүйрөп алып кетет деп күмөн кылганымда да Расулуллах ﷺ буйругандай Усаманы жиберет элем. Шаарда менден башка эч ким калбаса да буйрукту аткарат элем». (Табарий тарыхы).

Ошентип, Абу Бакр кошуунга көрсөтмө берип, аны жиберди. Кошуун Рум өлкөлөрүнө барып, чоң жеңиштерди колго алышты жана Ислам мамлекетинин айбатын бекемдешти. Мына ушундай кыйын шартта кошуундун чыгышы Исламий мамлекеттердеги муртаддарда коркууну пайда кылды. Абу Бакр мамлекетти таанышса да, зекет берүүнү каалабай жаткандар менен согушууга каршы чыгып жаткан Умар ибн Хаттабдай сахабалардын каршылыгын кабыл албады. Себеби, Абу Бакр курч көз караштагы жана билимдүү киши эле. Абу Бакр алардын ишин муртаддык, мамлекетке каршы чыгуу жана динди кемсинтүү деп эсептеди. Ал ошондо ушул белгилүү сөзүн айтты: «Мен тирүү турганда, дин жаман атты болобу». Ал дагы айтты: «Аллахка ант, намаз менен зекетти бөлгөн адам менен албетте согушамын. Себеби, зекет малдын акысы, эгер алар Расулуллах ﷺга беришкен ургачы эчкини берүүдөн баш тартышса да алар менен согушамын». Бухарий риваяты. Башка риваятта "Расулуллахка беришкен бир арканды берүүдөн баш тартышса да алар менен согушам" делет. Умар ибн Хаттаб айтат: «Аллахка ант, мен Аллах Таала Абу Бакрддын жүрөгүн согушууга илхамдантканын билгенимден кийин, анын акыйкат экенин билдим». Муслим риваяты.

Абу Бакр муртаддар менен болгон согушка өзү катышты жана кошуундун башында согушка чыкты. Сахабалар ага Мадинада мамлекет иштерин башкаруу үчүн калууну жана аскер жетекчилигин башкага тапшырууну айтышты. Али ибн Абу Талиб анын алдына келип, төөсүн тизгининен кармап, мындай деди: «Эй, Расулуллахтын халифасы, кайда бара жатасыз? Мен сизге Расулуллах ﷺ Ухуд күнүндө айткан сөздү айтамын. Кылычыңызды кынына салыңыз, бизди кырсыкка дуушар кылбаңыз. Аллахка ант, эгер сизди жоготсок, сизден кийин эч качан түзүм болбойт». Ошондо Абу Бакр кайтты. (Бидая ва нихая, Ибн Касир).

Аллах Таала муртаддарга каршы согушта мусулмандарга нусрат берди. Согушта көптөгөн сахабалар шахид болушту. Алардын ичинде Куръани Каримди жаттаган, анын аят жана сүрөлөрүн жазган вахий катчылары да бар эле. Ошондо Абу Бакр Зайд ибн Сабитти жазылган жана жатталган Куръанды топтоону буюрду. Себеби, Аллах Таала ал кишинин жүрөгүн

ушуга илхамдантты. Зайд ибн Сабит Абу Бакр каза болушунан мурун Куръанды бир мусхафка топтоого жетишти жана бул иш Абу Бакрдын мактоо таразасына кошулду.

**Кошуундарды Шам жана Ирак өлкөлөрүнө багыттоо**

Абу Бакр ﵁ фарстар менен румдумтар ортосундагы келишпестиктен майнаптуу пайдаланды. Бир эле учурда Чыгыш жана Батыш тарапка фатихтерди жиберди. Фарс регионуна Халид ибн Валид жана Мусаний ибн Харисаны жиберди. Алар Анбар, Давматул Жандал, Фураз жана Хийра сыяктуу Ирак шаарларын фатх кылышты. Шам өлкөлөрүндөгү Рум регионуна Язид ибн Абу Суфян, Амр ибн Ас, Шурахбил ибн Хасана жетекчилигинде кошуундарды жиберди. Андан кийин ал аларды кубаттап Абу Убай ибн Жаррах жетектеген кошуунду жиберди. Мында Иордания, Фалестин, Дамаск жана Химс өлкөлөрү бутага алынды. Мусулмандар менен румдуктар ортосунда Ярмук казаты болуп өттү. Аларды колдоп-кубаттоо үчүн Халид ибн Валид келип кошулду. Согуш учурунда мусулмандарга биринчи халифа каза болуп, Халифалыкка Умар ибн Хаттаб ﵁ олтурганы туурасында кабар келди.

**Абу Бакр Умар ибн Хаттабды өз ордуна халифа кылып калтырышы:**

Абу Бакр ﵁ Исламий мамлекет бир эле учурда эки күчтүү мамлекет менен согушуп жатканы үчүн кооп-коркунучтар бар экенин сезди. Ал сахабалар менен кеңешип, өзүнөн кийин мусулмандар ихтилаф кылбашы үчүн мусулмандар Умар ибн Хаттабга байъат берүүсүн дайындады. Бул маанилүү учурда мамлекетти сактап калуу үчүн кат жазып, аны адамдарга окуп берди.

**Сахабалардын Умардын халифа болушунан коркушу**

Ибн Касир бул коркууну минтип баяндайт: «Талха ибн Убайдуллах Абу Бакр өзүнөн кийин Умарды калтырып жатканын билген соң, анын алдына кирип мындай деди: «Адамдарга Умарды халифа кылып калтырып жаткан экенсиң. Сенин халифалыгыңда адамдар андан эмнелерге туш болгонун көрдүң. Эгер Умар адамдар менен калса жана сен Роббиңе туш болсоң, Ал сенден кол астындагылар жөнүндө сураса эмне дейсиң?». Ошондо Абу Бакр Талханы желкесинен кармап силкип: «Мени өткөрүп койгула», - деди, аны өткөрүп коюшкандан кийин ал Талхага айтты: «Мени Аллах менен

коркутуп жатасыңбы?! Эгер мен Роббиме жолугуп, мени суракка алса, Ага пенделериңе алардын эң жакшысын халифа кылып калтырдым деп айтамын».

Абу Бакр таквасы себептүү Халифалык кызматынан бир дирхам же мал-мүлк табуудан сактанды. Аиша энебиз риваят кылат: ал айтты: «Амирликке киришкенимден бери байлыгыма эмне кошулган болсо, аны менден кийинки халифага бергиле». Карасак, бир нубиялык бир кул балдарын көтөрүп жүргөн экен жана жанында суу ташуучусу да бар экен. Ал ошол төө менен Абу Бакрдын багын суугарат эле. Биз ал экөөсүн Умарга жөнөткөн элек, ал ыйлап жиберип: «Аллах Абу Бакрды рахмат кылсын, мен андан кийин катуу кыйналамын», - деди. Ибн Жавзий жана башкалар сахих иснад менен риваят кылышкан.

**Абу Бакр Сыддыктын көз жумушу**

Момундар энеси Аиша رضي الله عنها риваят кылат: Абу Бакр رضي الله عنه суук түндө жуунганы үчүн пайда болгон оорудан улам көз жумду. Себеби, ошондон кийин анын ысытмасы көтөрүлүп он беш күн намазга чыга албады. Ал Умар ибн Хаттаб رضي الله عنهну анын ордуна жамаат намаздарын окуп берүүнү осуят кылды. Абу Бакр хижраттын он үчүнчү жылы, жумадуссаний айынын жыйырма экисинде шейшемби күнү көз жумду. Бул миладий 734-жылдын 23-августуна туура келет. (Ибн Хажар Аскаланийдин «Исаба фи тамйизис сахаба» китеби). Абу Бакр дүйнөдөн өтөрдөн мурунку акыркы сөзү: «Роббим, мени мусулман абалда жанымды ал жана салих пенделериңден кылгын». Ал ушул сөздү айтты да акыркы демин тартты. Аллах ал кишини Өз рахматына алып, андан ыраазы болсун.

Мадина Сыддыктын көз жумганын угуп, силкинди. Мадина Расулуллах ﷺ көз жумгандан бери мындай ыйды көрбөгөн эле. Асман ыйлады жана сахабалар ал кишиден айрылышканына катуу капа болушту. Али ибн Абу Талиб ыйлаган абалда шашылып келип, Абу Бакр турган үйгө токтоп айтты: «Эй, Абу Бакр, сизди Аллах Өз рахматына алсын. Сиз Расулуллах ﷺдын жолдошу, досу, кадыржам кыла турганы, ишеничтүү шериги о.э. сырдашы жана маектеши элеңиз». Ал дагы айтты: «Аллахка ант, мусулмандар биринчи Расулуллах ﷺдан айрылуу менен мусибат чеккен болушса, экинчи сизден ажыроо менен мусибат чегишти. Сиз дин үчүн сыймык,

башбаанек жана кудум үңкүр элеңиз. Аллах сизди Мухаммад ﷺ менен бирге кылсын. Аллах бизди да сиздикиндей ажрдан куру калтырбасын жана сизден кийин бизди адаштырбасын». Адамдар Али ибн Абу Талиб сөзүн аяктаганга чейин унчкпай туруштy, андан кийин үндөрүн көтөрүп ыйлап: «Туура айттың», дешти. (Ибн Жавзийдин «Табсира» китеби). ❑

# УММАТ ХАЛИФАЛЫКТЫ ЖОГОТУУ МЕНЕН ЭМНЕЛЕРДИ ЖОГОТТУ

**Доктор Мухаммад Рахбий – Яман**

Мусулмандардын башына түшкөн эң чоң мусибат өз Халифалыгын жоготушу, бийлиги колунан кетиши, Аллахтын Китеби жана Расулу ﷺдын сүннөтүнө амал кылуу токтошу болду. Чындыгында, алар исламий жашоодо жашап, жашоо таризи исламий болгон кезде Аллахтын шарият менен өкүм жүргүзүштү, турмуштун ар бир тармагында шарияттан өкүм сурашты жана кудум Аллах Таала алар жөнүндө:

﴿كُنتُمْ خَيْرَ أُمَّةٍ أُخْرِجَتْ لِلنَّاسِ﴾

***«Силер адамдар үчүн чыгарылган умматтардын эң жакшысы болдуңар»*** [3:110]

дегендей абалда болушту... Маъруфка буйруп, мункардан кайтарышты жана Исламды бүткүл дүйнөгө рисалат катары алып чыгышты. Бирок, мусулмандардын мамлекети кулатылгандан кийин бир кылымдан ашуун тең салмактуулук жүз сексен градиуска өзгөрдү т.а. Уммат камкор бийлигисиз калды. Кара мүртөз күчтөрдүн жана алардын фажир малайларынын зулумунан коргоочу калканын жоготуп, соотунан, бекем коргонунан айрылды жана капиталисттик жырткычтар Умматты бүт жагынан асылып, бөлүнгөн денесин талашты... Уммат аянычтуу абалга түштү, Ислам өкүмдөрү турмуштан четтетилди, анын ордуна куфр мыйзамдары колдонулду, капиталисттердин тыңчылары мусулмандардын коомдоруна айланды. Ислам Умматынын перзенттери ортосундагы акыйда байланышынын ордун улутчулдук, мекенчилдик жжана пайдапарастык алакалары ээледи... Ооба, перзенттеринин мындай абалы мусулмандарга Аллахтын шариятын турмуштан четтетишкени үчүн төлөм болду. Тогуттан өкүм сурашканы, адам ойлоп тапкан нерселерди шарият кылып алышканы, Аллах буюрган иштерди таштап, кордукка көнүп, ыраазы болушканы, Аллах түшүргөн өкүмдөрдүн колдонулбай жатканына сүкүт кылышканынын акыбети болду. Алар өкүмдарлардан коркушканы үчүн Аллах түшүргөн өкүмдөрдүн колдонулбашына сүкүт кылышты. Негизи, Жаратуучу айтат:

﴿فَلَا تَخۡشَوُاْ ٱلنَّاسَ وَٱخۡشَوۡنِ وَلَا تَشۡتَرُواْ بِـَٔايَٰتِي ثَمَنٗا قَلِيلٗاۚ وَمَن لَّمۡ يَحۡكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡكَٰفِرُونَ﴾

***«Адамдардан коркпогула, Менден корккула жана Менин аяттарымды арзан нерселерге алмаштырбагыла! Кимде-ким Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда, алар кафирлер»*** [5:44]

Мусулмандар урмат-сыйларын жана бекем чебин жоготушту. Фалестин, Жулан, Кашмир, Андалус, Чыгыш Түркстан жана башка көптөгөн өлкөлөрдү колдон чыгарышты. Перзенттерин пайдасыз согуштарга жиберип, исламий өлкөлөрдүн байлыктары үстүндө күрөшүп жаткан Батыштын таасири үчүн курман кылышты... Акыбетте Батыш малай өкүмдарлар менен биргеликте мусулмандардын үлкөн байлыктарын талап-тоноп жатат, ушул байлыктар аркылуу өзүнүн инфраструктурасын жана өнөр жайын өнүктүрүүдө. О.э. мусулмандар минбарларын да жоготушту, негизи, ал жерде акыйкат сөздү айтышат эле, проблемаларын чечишет эле, өкүмдарларды тергеп-тескешет эле... Айыл чарбасын, өнөр жайын, токтомдорун жоготушту. Батыш жана анын адамдары өкүмдарлар аркылуу мусулмандардын эрк-чечимдерин тартып алышы акыбетинде эки миллиард Уммат селдин көбүгүнө окшоп калды. Уттуруулар жана мусибаттар арты-артынан келе берди, бир кырсык артынан кырсыктар жайылды... Мусулман өлкөлөрүндөгү зыянкеч өкүмдарлар аларга жардам берүүнүн ордуна унчугушпады, кордук жана төмөндүккө көндүрүп, Аллах жана Расулунун душмандарын дос тутушту. Бүгүнкү күндө болсо, Ислам Умматы нусратка ынтызар болуп турат. О.э. Уммат анын даамын татууга, урмат-кудуретке жана жеңишке ынтызар болуп турат. Бирок, Уммат кабылган абал Халифалык мамлекетисиз эч качан оңдолбойт. Халифалык мамлекети Аллахты ыраазы кылуу жана нусратына жетүү үчүн Ал түшүргөн өкүмдөр менен өкүм жүргүзөт. Нусратка аракет жасалат, ал өзү келип калбайт:

﴿إِن تَنصُرُواْ ٱللَّهَ يَنصُرۡكُمۡ وَيُثَبِّتۡ أَقۡدَامَكُمۡ﴾

***«Эгер силер Аллахка жардам берсеңер, Ал Зат да силерге жардам берет жана согуш майданында кадамыңарды бекем кылат»*** [47:7]

**Эй, мусулмандар!**

Жолду уланткыла, кайрадан бир болуп, бул дүйнө жана ахыреттеги изгиликке, Аллахтын нусратына шашылгыла:

﴿نَصۡرٞ مِّنَ ٱللَّهِ وَفَتۡحٞ قَرِيبٞۗ وَبَشِّرِ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ﴾

***«(Бул) Аллахтын нусраты жана жакын фатхы, муминдерге кушкабарды жеткиргин!»*** [61:13]

Чындыгында, Расулуллах ﷺ Халифалыктын кайра тикелениши жөнүндө башарат берди. Аллах Таала момундарга нусрат, күч-кубат жана үстөмдүк берүүнү убада кылды. Бул убаданын шарты – мусулмандар Халифалыкты тикелөө аракетин токтотпошу, Аллахтын убадасына ишенип, Расулунун:

«ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ»

«**Кийин Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот**», деген башаратына кубанышы керек. ❑




**Ыраазычылык жана эскертүү**:

**Бул жылы (1445х – 2024м) Ал-Ваъй журналыбыздын атайын саны** басылып чыкты, кайгылар менен бирге үмүттөргө толо болду… Аллахтан биздин, жазуучуларыбыздын жана ушул ишке жардам берип, өз салымын кошкон ар бир кишинин амалдарын кабыл алып, көп жакшылыктарды беришин үмүт кылабыз. О.э. Аллах Тааладан ушул атайын саныбыздагы түзүмдү өзгөртүүгө чакырган хак даъватка бардык мусулмандардын жүрөктөрүн, айрыкча, исламий өлкөлөрдүн армияларындагы күч-кубат ээлеринин жүрөктөрүн ачып беришин сурайбыз.

Бул журнал анын суранычтары жазуучулар тарабынан кабыл алынып, ылайыктуу макалалар менен камсыздалып жатканы үчүн Аллах Таалага ыраазычылык билдирүү менен бирге, Андан ушул даъватты Өзүнүн коргоосунда сакташын да сурайт. Карим Роббибизден бардыгыбызга нусратын берип, мазлум Умматка эң жакшы белек беришин о.э. Хизб-ут-Тахрир амири Атаа ибн Халил Абу Руштаны халифа кылышын сурайбыз, негизи, бул улуу изгиликтин жүзөгө чыгышы халифага бекем байланышкан.

Ал-Ваъй журналы анын суранычын кабыл алган жана макала жөнөткөн жазуучулардан макалаларын ушул атайын санда басып чыгууга жетишпегени үчүн алардан үзүр сурайт жана аларды инша Аллах кийинки чыгарылыштарда жарыялашын кабар берет. Жана албетте жазуучулардан окуялар жөнүндө, өзгөчө, Умматтын башына түшкөн жана жапырылып келе жаткан о.э. Уммат алардын түпкү маңызын билүүнү каалап жаткан окуялар жөнүндөгү макалаларды жыл бою аябай жөнөтүп турууну суранат.

Аллахым, Сага чексиз мактоолор жана шүгүрлөр болсун, ыраазы болушуң үчүн тынымсыз ыраазылыгыңды сурайбыз. Алиюл Азим Аллахым, Сенден башка күч да, кудурет да жок. Акыркы дубабыз бүткүл ааламдар Роббиси Аллахка мактоо айтуу.

**Ал-Ваъйдын жумушчу тобу**